КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ

Ж. АБДРАХМАНОВ атындагы МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ

ЖОГОРКУ АДМИНИСТРАЦИЯЛОО МЕКТЕБИ

“Экономика жана Менджмент” кафедрасы

**С.А. Турсунова**

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык финансылары

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку окуу жайлардын стунденттери үчүн окуу куралы катарында уруксат берилген

Бишкек 2023

УДК 336.1/.5(575.2)

ББК 65.050-93

Т88

Рецензенттер:

экон. илим. доктору, проф. А.А. Саякбаева (Ж. Баласагын атындагы КУУ)

экон. илим. доктору, проф. Т.Т. Жапаров (КР ПМБА)

экон. илим. доктору, проф. Б.Ж. Сулайманова (.И. Раззаков атындгы КУТУ)

**Турсунова С.А.**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык финансылары: ЖОЖдор үчүн окуу куралы – Б.:”Улуу Тоолор”., 2023.-180с.

ISBN 978-9967-29-547-6

Мамлекеттик жана муниципалдык финансылардын иштешинин негизги маселелери каралды: маңызы, ролу, функциялары, уюштуруу принциптери, түзүмү.

Бюджеттик системанын эң маанилүү аспектилери ачылып берилди: түзүмү, түзүү принциптери, чыгашалардын жана кирешелердин бюджеттик классификациясы, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелери жана чыгашалары, бюджеттер аралык мамилелердин принциптери, бюджеттер аралык жөнгө салуунун инструменттери, бюджеттик процесстин негиздери.

Бюджеттик тартыштык, аны жөнгө салуу, мамлекеттик жана муниципалдык карызга алуулар маселелери каралды: мамлекеттик карыздын максаттары, принциптери, маселелери, мамлекеттик карызды башкаруу.

«Экономика» багыты боюнча жогорку кесиптик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келет.

«Экономика» даярдоо багыты боюнча билим алуучу жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн.

## МАЗМУНУ

**Киришүү**

**1-тема Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу системасындагы финансылар 6**

1.1 Финансылардын маңызы жана функциялары 6
1.2 Финансылык система: маңызы, түзүмү 7
1.3 Мамлекеттик финансылык саясат: мазмуну, максаттары жана милдеттери. Финансылык механизм 11

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

**2-тема Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн мамлекеттик жөнгө салуунун инструменти катары 15**

2.1 Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар: маңызы, курамы, уюштуруу принциптери 15

2.2 Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу: мазмуну, методдору 18
2.3 Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу органдары 19

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

**3-тема Бюджеттик система – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык финансыларынын иштөө негизи 28**

3.1 Бюджеттин социалдык-экономикалык маңызы 28

3.2 Кырыз Республикасынын бюджеттик системасы: курамы, уюштуруу принциптери 33

3.3 Кырыз Республикасынын бюджеттик классификациясы 35

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

**4-тема Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун бюджети 47**

4.1 Мамлекеттик бюджет: кирешелер менен чыгашалардын курамы жана түзүмү 47

4.2 Социалдык фонддун бюджети: кирешелер жана чыгашалар 52

4.3 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) фондунун бюджети: кирешелер жана чыгашалар 56

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

**5-тема Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жана муниципалдык башкаруудагы бюджеттер аралык мамилелер 62**

5.1 Бюджеттер аралык мамилелердин мазмуну, максаттары жана принциптери 62

5.2 Бюджеттер аралык жөнгө салуунун инструменттери 70

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

**6-тема Кыргыз Республикасындагы бюджеттик процесс 74**

6.1 Бюджеттик процесс: маңызы, багыты, катышуучулары жана баскычтары 74
6.2 Республикалык бюджет: бюджеттик процесстин баскычтары 76
6.3 Жергиликтүү бюджет: бюджеттик процесстин баскычтары
6.4 Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерин кароо жана бекитүү 83
6.5. Натыйжалуу мамлекеттик финансылык контролду уюштуруу 87

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият.

**7-тема Кыргыз Республикасындагы бюджеттик тартыштык 93**

7.1 Бюджеттик тартыштык: келип чыгуу себептери жана анын деңгээлин баалоо 93
7.2 Бюджеттик тартыштыкты каржылоо булактары 97

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

**8-тема Мамлекеттик кредит Кыргыз Республикасынын финансылык системасынын звеносу. Мамлекеттик карызды башкаруу 102**

8.1 Мамлекеттик кредит: мазмуну жана түрлөрү 102

8.2 Мамлекеттик жана муниципалдык зайымдардын мазмуну 103

8.3 Мамлекеттик жана муниципалдык карызды башкаруу: түшүнүк, максаттары, принциптери 106

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

# Киришүү

Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар өлкөнүн финансылык системасынын эң маанилүү звеносу болуп саналат. Экономикалык туруксуздуктун заманбап шарттарында коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн башкарууда бул звенонун ролу эң негизги роль болуп калууда. Макроэкономикалык жөнгө салуунун эң кубаттуу түрткүсү болуу менен мамлекеттик жана муниципалдык финансылар коомдун тиричилик аракетинин бардык чөйрөсүнүн өнүгүүсүн жөнгө салуу боюнча милдеттерди чечүүнү камсыз кылат.

Сунушталган окуу куралы окурманды Кыргыз Республикасынын финансылык системасынын заманбап түзүмү, анын мамлекеттик финансылык саясаты, мамлекеттик жана муниципалдык финансылардын иштөө негиздери, аларды башкаруу системасынын функциялары, мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу органдары менен тааныштырат. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын заманбап түзүмү, аны уюштуруу жана иштөө принциптери, бюджеттик классификациянын түзүмү, мамлекеттик башкаруу секторунун бюджети, кирешелердин булактары, бул башкаруу секторунун бюджетинин чыгашаларынын багыттары каралды. Айрым главалар бюджеттер аралык мамилелердин системасын уюштурууну, анын принциптерин, бюджеттер аралык жөнгө салуунун инструменттерин; Кыргыз Республикасындагы бюджеттик процессти; бюджеттик тартыштыкты, аны жөнгө салууну; мамлекеттик жана муниципалдык карыз алуулар маселелерин: максаттарын, принциптерин, мамлекеттик карыз маселелерин, мамлекеттик карызды башкарууну үйрөнүүгө арналды.

Ушул окуу куралы «Экономика» даярдоо багыты боюнча окутулуучу жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн арналган, кесиптик милдеттерди натыйжалуу чечүү жана кесиптик ишти уюштуруу үчүн зарыл болгон негизги компетенцияларды түзүүгө жардам берет.

## 1-тема. Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу системасындагы финансылар

1.1 Финансылардын маңызы жана функциялары
1.2 Кыргыз Республикасынын финансылык системасынын заманбап түзүмү
1.3 Мамлекеттик финансылык саясат: мазмуну, максаттары жана милдеттери. Финансылык механизм

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

### 1.1 Финансылардын маңызы жана функциялары

Финансылар сооданын өнүгүүсү жана мамлекеттин институтунун пайда болуусу менен орто кылымда жана XI кылымда пайда болгон жана акчалай туумду, артыкчылык үчүн алымды билдирген, XIII–XIV кылымдарда бул термин милдеттүү түрдө акча төлөөнү билдирген. Финансылардын пайда болуу шарттары болуп Борбордук Европадагы алгачкы буржуазиялык революциялардын натыйжасында мамлекет башчысы (монарх) казынадан зордук менен бөлүп алынгандыктан, бюджетти мамлекет башчысы жалгыз өзү пайдалана албаган жалпы мамлекеттик акча каражаттар фонду пайда болгон. Мамлекет өз функцияларын аткаруу үчүн негизинен жасалган продуктуну салыктар аркылуу кайра бөлүштүрүүнүн эсебинен түзүлгөн акча каражаттары зарыл болгон. Мына ушундай жол менен акча мамилелери жаралган, анын натыйжасында мамлекеттин борборлоштурулган акча фонддору түзүлгөн. Мамлекеттин ролу өскөн сайын  баарынан мурда анын экономикалык функциялары кеңейген, мамлекеттин борборлоштурулган акча фонддорунун көлөмү өскөн, ал эми аларды түзүү жана пайдалануу системалуу мүнөзгө ээ болгон, белгилүү бир курамы, түзүмү жана мыйзамдуу түрдө бекитилүү менен мамлекеттик кирешелер жана чыгашалар системалары пайда болгон. Акча түрүндөгү салыктар артыкчылыктуу мүнөзгө ээ болду, ал эми мурда болсо, мамлекеттин кирешелери негизинен натуралай жыйымдардын жана эмгек милдеттеринин эсебинен түзүлгөн. Мамлекеттин чыгашаларынын негизги багыттары белгиленди: согуш максаттарына, башкарууга, экономикага, социалдык муктаждыктарга.

Кайра бөлүштүрүүнүн натыйжасында мамлекеттин борборлоштурулган фонддору гана түзүлбөстөн, ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана жарандардын (үй чарбаларынын) борбордон ажыратылган акча фонддору да түзүлдү. Фирмалар продукцияны сатуу жана салыктарды төлөө менен алар өз ыктыяры боюнча пайдалана ала турган акча каражаттарын алышты. Жарандар, жумушчулар эмгек акы алып жана салыктарды төлөп, алар да өз керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн пайдаланышкан акча каражаттарын өз карамагына алышкан. Мына ушундайча акча каражаттарынын бөлүгүн обочолонтуу жана финансылар деген аталышты алган жыйынды продуктуну бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү баскычында гана иштеген акча мамилелеринин өзгөчө тобун бөлүү жүргүзүлгөн.

Заманбап шарттарда финансылар экономикалык категория катары финансылык мамилелердин ар түрдүү субъекттери (мамлекттик бийлик, ЖӨБ органдары, чарба жүргүзүүчү субъекттер, үй чарбачылыгы) тарабынан алар белгилүү бир максаттарга жетүүсү, тигил же бул маселелерди чечүүсү үчүн финансылык ресурстарды түзүү жана пайдалануу менен байланышкан бөлүштүрүү мамилелеринин регламенттелген системасын билдирет. Бул товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алуу, продукцияны сатуу  процессинде ишканалардын ортосундагы; ишканалар жана мамлекет салыктарды бюджетке төлөөдө жана алардын чыгашаларын каржылоодо алардын

ортосундагы; мамлекет жана жарандар салыктарды киргизүүдө жана акча ресурстарын алууда алардын ортосундагы; өлкөнүн бюджеттик системасынын ар түрдүү звенолорунун акча мамилелери ж.б.

Коомдун өнүгүшү менен жөнгө салуу мүнөзү, финансылык ресурстарды башкаруу инструменттери өзгөрдү. Өнүгүүнүн баштапкы этабында финансылык өндүрүштүк эмес мүнөздө болгон, бюджеттин 2/3 бөлүгү аскердик максаттарга сарпталган жана экономикага дээрлик эч кандай таасир тийгизген эмес, финансылык система бир звенодон (бюджеттик) турган жана финансылык мамилелердин саны чектелген. Товардык-акча мамилелеринин, мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнө жараша финансылык мамилелер чөйрөсүн кеңейтүү, үй чарбаларынын финансыларынын пайда болушу жана өнүгүшү, ошондой эле дүйнөлүк финансы рынокторунда финансылык мамилелерди жөнгө салуу зарылдыгы пайда болгон.

Финансылар рыноктук мамилелердин бир бөлүгү жана ошол эле учурда мамлекеттик экономикалык саясатты ишке ашыруунун маанилүү куралы болуп, экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу механизминде чоң роль ойнойт.

Финансылардын негизги максаты – акча каражаттарын жана каражаттарды түзүү аркылуу мамлекеттин жана ишканалардын акча каражаттарына болгон муктаждыктарын камсыз кылуу жана алардын пайдаланылышын контролдоо. Кирешелердин жана жыйымдардын ар кандай формаларын түзүү процесси улуттук дүң продуктунун наркын анын курамдык элементтерине баштапкы бөлүштүрүүдөн башталат. Алсак, киреше продукциясын сатуудан түшкөн каражаттардан, социалдык камсыздандырууга чегерүүлөрдөн, эмгек акыдан, амортизациялык чегерүүлөрдөн ж.б. курамды чыгарып салуу финансынын жардамы менен ишке ашырылат жана анын ар бир бөлүгүнүн максаттуу багытына ылайык наркты бөлүштүрүү процессин чагылдырат. Андан ары экономиканын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүндө жана чарбанын ар кандай деңгээлдеринде бөлүштүрүлгөн улуттук дүң продукцияны кайра бөлүштүрүүнүн көп түрдүү процесстери (экинчи этап) ишке ашырылат.

Экономикалык категориянын функциясы – бул анын маңызын көрсөтүү түрү, ал андан алынган жана категориянын максаты кандай түрдө ишке ашырыла тургандыгын көрсөтөт. Көптөгөн авторлор финансылардын бөлүштүрүүчү, жөнгө салуучу жана контролдоочу функцияларын бөлүп карашат жана алардын бар экендигин далилдешет.

Финансылардын бөлүштүрүүчү функциясы экономикалык мамилелердин субъекттеринде кирешелерди жана топтоолорду түзүүдө, акча каражаттар фонддорун түзүүдө өндүрүлгөн ички дүң продуктунун наркын бөлүштүрүүдө жана кайра бөлүштүрүүдө пайда болот, анын натыйжасында акча каражаттары мамлекеттин жана муниципалитеттердин карамагына келип түшөт. Финансылардын жардамы менен жүргүзүлүүчү аларды бөлүштүрүүнүн жана кайра бөлүштүрүүнүн акыркы максаты экономиканы өнүктүрүүдө, мамлекетти чыңдоодо турат.

Жөнгө салуучу функция мамлекеттин экономикага салыктык, бажылык саясат, мамлекеттик кредит аркылуу, айрым ишканаларды, тармактарды каржылоо аркылуу кийлигишүү процессинде көрүнөт.

Финансыларды контролдоо функциясы бөлүштүрүүчү, жөнгө салуучу функциялар менен тыгыз байланышта, бөлүштүрүүчү процесстин жүрүшүн көзөмөлдөөдө, ошондой эле бюджеттен түшүүчү акча каражаттарын максаттуу багыты боюнча чыгымдоодо көрүнөт.

### 1.2 Кыргыз Республикасынын финансылык системасынын заманбап түзүмү

Финансылык система бир тарабынан алып караганда финансылык мамилелердин бардык субъекттеринин ортосундагы ички дүң продуктуну бөлүштүрүү, кайра

бөлүштүрүү боюнча финансылык мамилелерди уюштуруу формасын билдирет. Ушул процесс финансы мамилелеринин субъекттеринде баштапкы жана акыркы болуп бөлүнгөн акча керешелеринин ар түрдүү фонддорунун топтолушуна алып келет.

Баштапкы кирешелерге төмөнкүлөр кирет:

- жалданган жумушчулардын эмгек акысы;
- чарба жүргүзүүчү субъекттерде пайда жана амортизациялык чегерүүлөр;
- мамлекетте жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында продукциянын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) өздүк наркына киргизилүүчү салык жана башка төлөмдөр.

Акыркы кирешелерге чарба жүргүзүүчү субъекттердин баштапкы кирешелерди андан ары кайра бөлүштүрүүнүн натыйжасында түзүлгөн өздүк финансылык ресурстары кирет. Акыркы кирешелер аларды максаты боюнча пайдалануу үчүн кийин кайра бөлүштүрүү объекти болуп саналат.

Экинчи жагынан алып караганда, финансылык система – бул чарба жүргүзүүчү субъекттердин, мамлекеттин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана калктын акча каражаттар фонддорун түзүү, бөлүштүрүү жана пайдалануу түрлөрүнүн жана методдорунун системасы.

Финансылык ресурстарды түзүү түрлөрүнө жана методдоруна жараша финансылык системаны эки чөйрөгө бөлүшөт: борборлоштурулган жана борбордон ажыратылган жана чарба жүргүзүүчү субъекттерде, калкта, мамлекетте жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында финансылык ресурстарды түзүүнү камсыздоо боюнча үч өз ара байланышкан чакан системадан турат. Бул чакан системалар конкреттүү субъекттерде акча фонддорун түзүүнүн жана пайдалануунун методдоруна жараша звенолорго бөлүнөт.

1-сүрөттө Кыргыз Республикасынын финансылык системасынын түзүмү берилген.




1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын финансылык системасынын түзүмү

Мамлекеттин негизги финансылык системасы болуп анын финансылык ресурстарынын көпчүлүк бөлүгү түзүлгөн борбордон ажыратылган финансылардын чөйрөсү саналат. Борбордон ажыратылган финансылардын звенолору болуп уюмдардын, ишканалардын финансылары, үй чарбаларынын финансылары эсептелет. Борбордон ажыратылган финансылардын эң негизги звеносу товарлар өндүрүлгөн, кызматтар көрсөтүлгөн жана пайда – коомдун бардык финансылык ресурстарынын негизги булагы пайда болгон коммерциялык уюмдардын финансылары болуп саналат. Өз ишинин негизги максаты катары пайда табууну көздөгөн уюмдар коммерциялык уюмдар болуп эсептелет.

Чарбалык иштин жүрүшүндө каалаган ишкана финансылык ресурстарды өндүрүү, ишке ашыруу, түзүү менен байланышкан белгилүү бир финансылык өз ара мамилелерди түзүп баштайт. Финансылык мамилелердин саналып өткөн түрлөрү ишканалардын финансыларынын мазмунун түзөт. Ошентип, коммерциялык уюмдардын финансылары – бул аларды түзүү процессинде, продукцияны өндүрүүнүн жана сатуунун, жумуштарды жана кызматтарды көрсөтүүнүн, жүгүртүлүүчү жана жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди түзүүнүн жүрүшүндө келип чыгуучу экономикалык мамилелер. Экономикалык максаттарга жетүү үчүн ресурстарды түзүүнүн, пайдалануунун, алардын айланышын контролдоонун түрлөрү, ыкмалары, методдору алардын уюштуруу-укуктук формасы менен аныкталат.

Ишканалардын уюштуруу-укуктук формалары менчигинин түрүнө, капиталынын түзүлүшүнө, ишинин мүнөзүнө жана мазмунуна, чыгарылуучу продукциясынын көлөмүнө жана башка у.с. жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык коммерциялык уюмдар төмөнкүдөй түзүлүшү мүмкүн:

- чарбачылык шериктештиктер жана коомдор;

- өндүрүштүк кооперативдер;

- дыйкан (фермердик) чарбалар;

- мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар.

Коммерциялык уюмдардын чарбалык ишти жүзөгө ашыруусунун негизги принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

- чарбалык өз алдынчалык;

- өзүн-өзү каржылоо;

- материалдык кызыкчылык;

- материалдык жоопкерчилик;

- финансылык резервдерди камсыздоо.

Коммерциялык эмес уюмдардын финансылары кирешелерди түзүү, пайдалануу тартиби, мүлккө ээлик кылуу менен байланышкан өзүнүн спецификасына ээ. «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасында коммерциялык эмес уюм болуп кызыкчылыктардын жалпылыгынын негизинде руханий же башка материалдык эмес керектөөлөрдү өз мүчөлөрүнүн жана (же) бүткүл коомдун кызыкчылыгында жеке/юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн, алар үчүн пайда табуу иштин негизги максаты болуп саналбаган, ал эми табылган пайда мүчөлөрдүн, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрүлбөгөн ыктыярдуу өз алдынча башкарылуучу уюм саналат.

Кыргыз Республикасында коммерциялык эмес уюмдар төмөнкүдөй түрлөрдө түзүлүшү мүмкүн:

- коомдук бирикме;

-мекеме;

- фонддор.

Коомдук бирикме – руханий жана башка материалдык эмес керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде бириккен жарандардын ыктыярдуу бирикмеси.

Мекеме – коммерциялык эмес уюмдардын башкаруучулук, социалдык-маданий функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн менчик ээси тарабынан түзүлгөн жана толугу менен же жарым-жартылай ошол менчик ээси тарабынан каржылануучу уюм.

Фонддор – ыктыярдуу мүлктүк салымдардын негизинде жана социалдык, кайрымдуулук, маданий, билим берүү максаттарын көздөгөн жеке/юридикалык жактар тарабынан уюштурулган мүчөлүгү жок уюм.

Коммерциялык эмес уюмдардын финансылары төмөнкү принциптерге негизделет:

- сметалык каржылоо;

- эмгектин натыйжаларында материалдык кызыкчылык;

- эмгектин натыйжалары үчүн материалдык жоопкерчилик.

Үй чарбаларынын финансылары – бул анын натыйжасында калктын кирешелери түзүлүүчү жана чыгашалардын багыттары түзүлүүчү финансылык мамилелер. Бул мамлекет менен салыктык мамилелер, эмгек акыны төлөө боюнча уюм менен болгон мамилелер, банктар менен карыздык мамилелер, камсыздандыруу уюмдары менен камсыздандыруу мамилелери ж.б. Үй чарбаларынын финансыларынын негизинде үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн кирешелери бирдиктүү болуп саналат жана чыгымдар бүтүндөй үй-бүлөнүн кызыкчылыгында жүзөгө ашырылат. Үй чарбаларынын финансылары адамдын жеке керектөөсүн камсыз кылууга багытталган, бирок мамлекетке ар кандай төлөмдөр жана мамлекеттен жана уюмдардын финансыларынан эмгек акынын ар кандай формалары, аманаттар, баалуу кагаздарга салымдар ж.б. аркылуу мамлекеттик финансылар менен байланышкан.

Кыргыз Республикасында калктын акчалай кирешелерин эсептөөнү уюштуруу, түзүү принциптери жана тартиби Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун «Калктын кирешелерин аныктоо боюнча методологиялык жободо» аныкталган. Бул Жобого ылайык үй чарбаларынын акчалай кирешелери үй чарбаларынын мүчөлөрү тарабынан эмгек акы, жеке эмгек жана ишкердик ишинен түшкөн киреше, пенсия, стипендия, жөлөкпул, компенсациялык жана башка кошумча төлөмдөр (кайрымдуулук жардамынын наркын кошо алганда), пайыздар, дивиденддер, ренталар жана менчиктен алынган башка кирешелер, жеке көмөкчү чарбанын продукциясын сатуудан түшкөн каражаттар жана башка акчалай түшүүлөр түрүндө алынган акча каражаттарынын суммасы болуп саналат.

Финансылык система тарабынан жүзөгө ашырылуучу финансылык ресурстарды топтоо жана жайгаштыруу процесси финансы рыногунда ортомчулук операцияларды жүзөгө ашыруучу финансылык-кредиттик уюмдардын иштешине түздөн-түз байланыштуу. Бул

финансылык ортомчу уюмдардын борбордон ажыратылган финансылар түзүмүндө ордун жана ролун аныктайт. Финансылык-кредиттик уюмдарга негизги максаты финансылык рынокто ортомчулук операциялардан пайда алуу болуп саналган юридикалык жактар кирет. Адабиятта мындай уюмдардын эки түрү бар: банк жана банктык эмес кредиттик уюм. Бул уюмдардын финансыларынын өзгөчөлүктөрү, алар инвесторлор менен зайымчылардын ортосунда финансылык ортомчулар болуп саналгандыгы менен аныкталат. Банк – бул юридикалык жана жеке жактардын акча каражаттарын тартууга; юридикалык жана жеке жактарга кредит берүүгө; өз кардарларынын банк эсептерин ачууга жана жүргүзүүгө укуктуу кредит берүүчү уюм. Банктык эмес кредиттик уюмдар – бул кардарлардын айрым топтору же кредиттердин айрым түрлөрү менен иштөөгө адистештирилген кредиттик уюм. Банктык эмес кредиттик уюмдардын өкүлдөрү болуп төмөнкүлөр саналат: жеңилдетилген шарттарда кредиттерди берүү үчүн үлүштүк башталыштарда чакан товар өндүрүүчүлөр тарабынан түзүлүүчү кредиттик кооперативдер; кредиттик ассоциациялар – кредиттик кооперативдердин союздары; өз үлүштөрүнө акчалай ссудаларды берүү үчүн үлүштүк башталыштарда жарандар тарабынан түзүлгөн жарандардын кредиттик керектөө кооперативдери; адистештирилген кредиттик уюмдар – кредиттөөнүн ар кандай түрлөрүнө: лизингге, факторингге, бөлүп төлөөгө сатууга ж.б. адистештирилген коммерциялык уюмдар.

Борборлоштурулган финансылар чөйрөсү бюджеттик система жана мамлекеттик жана муниципалдык кредит менен көрсөтүлгөн. КР Бюджеттик кодексинде бюджеттик система бюджеттик процессти жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө пайда болгон укук ченемдери менен жөнгө салынуучу мамилелердин системасы катары аныкталган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикалык мамилелерине жана мамлекеттик түзүлүшүнө негизделген республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, Социалдык фонддун бюджеттеринин, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жыйындысы. Мамлекеттик жана муниципалдык кредиттер мамлекеттик жана муниципалдык финансылар системасындагы өз алдынча звено болуп саналат.

## 1.3 Мамлекеттик финансылык саясат: мазмуну, максаттары жана милдеттери. Финансылык механизм

Мамлекеттик финансылык саясат биринчи кезекте макроэкономикалык саясаттын бир бөлүгү болуп саналат, анда өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары конкреттештирилет, финансылык ресурстардын көлөмү жана булактары, аларды пайдалануу багыттары аныкталат. Экинчиден, финансылык ресурстарды мобилизациялоо, бөлүштүрүү жана пайдалануу боюнча иш-чаралардын жыйындысынын жардамы менен коомдук турмуштун ар кандай чөйрөсүндө мамлекеттин саясатын ишке ашыруунун маанилүү каражаты.

Экономикалык адабиятта мамлекеттик финансылык саясаттын үч тибин бөлүп карашат:

- классикалык, анын негизин саясий экономиканын классиктери А. Смиттин, Д. Рикардонун жана алардын жолдоочуларынын мамлекеттин экономикага кийлигишпөөсү, эркин атаандаштыкты сактоо жана чарбалык процесстердин башкы жөнгө салуучусу катары рыноктук механизмди колдонуу жөнүндөгү идеялары түзөт;

- жөнгө салуучу, анын негизин М. Кейнстин жана анын жолдоочуларынын экономиканы жана социалдык мамилелерди мамлекеттик чыгашалар сыяктуу инструменттин жардамы менен мамлекеттик жөнгө салуунун зарылдыгы жөнүндө теориясынын жоболору түзөт;

- пландык-директивалык, анын негизин мамлекеттин финансылык ресурстарын максималдуу топтоо идеясы түзөт.

Финансылык саясат конкреттүү милдеттерди чечүү жана коомду өнүктүрүүнүн коюлган максаттарына жетүү үчүн финансылык негизди түзүүгө багытталган.

Бардык мезгилде мамлекеттик финансылык саясаттын негизги максаты коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, калктын жашоо сапатынын деңгээлин жогорулатуу үчүн финансылык шарттарды түзүү болуп келген.

Финансылык саясаттын милдеттери:

- эң көп мүмкүн болгон финансылык ресурстарды түзүү үчүн шарттарды камсыздоо;

- мамлекеттин көз карашынан алганда финансылык ресурстарды бөлүштүрүүнүн жана пайдалануунун рационалдуу тартибин белгилөө;

- экономикалык жана социалдык процесстерди финансылык методдор менен жөнгө салууну жана түрткү берүүнү уюштуруу;

- финансылык механизмди иштеп чыгуу;

- финансыларды натыйжалуу башкаруу системасын түзүү;

Финансылык саясаттын мазмуну кеңири иш-чаралар комплексин камтыйт:

- финансылык саясаттын багыттарын, максаттарын жана милдеттерин иштеп чыгуу;

- финансылык механизмди түзүү;

- мамлекеттин финансылык ишин башкаруу.

Мамлекеттик финансылык саясат, аны ишке ашыруу механизми экономиканы өнүктүрүүнүн ушул этабындагы мамлекеттин экономикалык ролу жана функциялары жана өлкөнүн социалдык чөйрөсү, өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары менен аныкталат.

Каалаган өлкөнүн натыйжалуу финансылык саясатын камсыздоонун жалпы принциптери болуп төмөнкүлөр таанылат:

- объективдүү экономикалык мыйзамдардын колдонулуусун эсепке алуу;

- конкреттүү тарыхый шарттарды эсепке алуу;

- жеке жана дүйнөлүк тажрыйбаны эсепке алуу.

Мамлекеттин финансылык саясатынын натыйжаларын баалоо анын коомдун кызыкчылыктарына ылайык келүүсүнө жана анын социалдык топторунун көпчүлүгүнө, ошондой эле коюлган максаттардан жана милдеттерден келип чыгуучу жетишилген натыйжаларга негизделет.

Өлкөнүн финансылык саясатынын эң маанилүү элементтери болуп төмөнкүлөр саналат:

- бюджеттик саясат;

- салыктык саясат;

- кредиттик-акча саясаты;

- инвестициялык саясат;

- социалдык саясат;

- бажылык саясат.

Бюджеттик саясат мамлекет тарабынан мамлекеттик бюджеттин кирешелерин түзүү булактарын аныктоодон, бюджеттин чыгашаларынын артыкчылыктуу багыттарын негиздөөдөн, бюджеттин тартыштыгынын жол берилген чектерин жана аны жабуу булактарын аныктоодон, бюджеттер аралык мамилелердин принциптерин аныктоодон турат.

Салыктык саясат тигил же бул салык системасын түзүү, салыктардын курамын, ставкаларды, жеңилдиктерди, санкцияларды, салык салуу объекттерин тандоо менен ишке ашырылат.

Кредиттик-акча саясаты акчанын чыгарылышын башкаруу, улуттук валютанын курсунун инфляциясын жөнгө салуу, финансылык рынокту жумушсуздук менен жөнгө салуу жана экономиканы өнүктүрүүнүн туруктуу темптерин камсыздоо аркылуу өлкөдө туруктуу акчанын айланылышын камсыздоого багытталган.

Инвестициялык саясат ата мекендик жана чет өлкөлүк инвестицияларды, бардыгынан мурда экономиканын реалдуу секторуна тартуу үчүн шарттарды түзүү менен байланышкан.

Социалдык финансылык саясат пенсиялык саясатты, иммиграциялык саясатты, калктын айрым катмарларына финансылык жардам берүү саясатын ж.б. камтыйт.

Бажылык саясат товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ички рыногуна кирүүнү чектөө же кеңейтүү жана өлкөдөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоону көбөйтүү же болбосо токтотуу менен салык жана баа саясатынын симбиозун билдирет.

Финансылык саясат финансылык стратегия жана финансылык тактика болуп бөлүнөт. Финансылык стратегия финансы чөйрөсүндө мамлекеттин узак мөөнөттүү багытын аныктайт жана ири масштабдагы маселелерди чечүүгө багытталган. Финансылык тактика өлкөнү өнүктүрүүнүн конкреттүү этабынын маселелерин чечүүгө багытталган.

Финансылык саясат экономикалык өнүгүү үчүн шарттарды түзүү максатында мамлекет тарабынан колдонулган финансылык мамилелерди уюштуруу ыкмасы болгон финансылык механизм аркылуу ишке ашырылат.

Финансылык механизм мамлекеттин, чарбакер субъекттердин жана калктын ар түрдүү керектөөлөрүн камсыз кылуу максатында финансылык ресурстардын фонддорун түзүү жана пайдалануу формаларынын жана методдорунун, инструменттеринин жана түрткү берүүнүн бардык жыйындысын камтыйт. Директивалык жана жөнгө салуучу финансылык механизмдер бөлүп каралат. Директивалык механизм мамлекеттин түздөн-түз катышуусу менен финансылык мамилелерди уюштуруу үчүн иштелип чыгат жана салыктар, мамлекеттик кредит, бюджеттик чыгашалар, бюджеттик каржылоо, бюджеттик процессти уюштуруу сыяктуу элементтерди камтыйт. Жөнгө салуучу финансылык механизм ишканалардын жана уюмдардын жалпы чарбалык жана ички чарбалык финансылык мамилелерин уюштуруу үчүн иштелип чыгат. Финансылык механизм тар мааниде финансылык ресурстарды пайдаланууну уюштуруу, пландаштыруу жана стимулдаштыруу аркылуу чагылдырылган финансылык түрткү берүүлөрдүн иш-аракеттери катары аныкталышы мүмкүн.

Финансылык механизмдин түзүмүн аныктоодо көптөгөн көз караштар бар. Алардын бирине ылайык финансылык механизмдин түзүмү төмөнкүдөй өз ара байланышкан элементтер менен берилген:

- финансылык методдор;
- финансылык түрткү берүүлөр;
- укуктук камсыздоо;
- ченемдик камсыздоо;
- маалыматтык камсыздоо.

Финансылык методдорду финансылык ресурстарды түзүүнүн ыкмалары катары аныктоого болот: кайтарылгыс жана кайтарымсыз негизде, мөөнөттүүлүк, кайтарымдуулук жана акы төлөө шарттарында, юридикалык жана жеке жактардын салыктары түрүндө милдеттүү, мажбурлоочу жана кайтарымсыз негизде, милдеттүү эмес, ыктыярдуу негизде камсыздандыруу төгүмдөрү түрүндө.

Финансылык түрткү берүү финансылык методдун иш-аракетин кабыл алууну билдирет. Финансылык түрткү берүүлөргө пайда, кирешелер, амортизациялык чегерүүлөр, экономикалык фонддор, финансылык санкциялар, ижара акысы, ссудалар, депозиттер, облигациялар боюнча пайыздык ставкалар, үлүштүк төгүмдөр, уставдык капиталга салымдар, портфелдик инвестициялар, дивиденддер, дисконт, сомдун валюта курсунун котировкасы ж.б. кирет.

Финансылык механизмдин иштешин укуктук жактан камсыз кылуу башкаруу органдарынын мыйзам актыларын, токтомдорун, буйруктарын, каттарын жана башка укуктук документтерин камтыйт.

Финансылык механизмдин иштешин ченемдик камсыздоо нускамаларды, нормативдерди, ченемдерди, тарифтик ставкаларды, методикалык көрсөтмөлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү ж.б. түзөт.

Финансылык механизмдин иштешин маалыматтык камсыз кылуу ар кандай экономикалык, коммерциялык, финансылык маалыматтардан турат.

Финансылык механизмдин натыйжалуулугунун жалпыланган көрсөткүчү болуп ИДПнын жана УКнын өсүш темпи саналат – коомдун бакубатчылыгынын өсүшүнүн негизги булактары.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор**

1. Финансылардын экономикалык категориялары, функциялары катары финансылардын маңызын ачып бергиле
2. Кыргыз Республикасынын заманбап финансылык системасын мүнөздөп бергиле
3. Кыргыз Республикасынын финансылык системасынын звеносун мүнөздөп бергиле
4. Мамлекеттин финансылык саясатына аныктама бергиле, анын максаттарын, ага таасир берүүчү негизги факторлорду аныктагыла
5. Өлкөнүн экономикасына таасир берүү багыттары боюнча финансылык саясаттын курамы
6. Финансылык механизмдин маңызын, анын түзүмүн ачып бергиле
7. Чарба жүргүзүүнүн ар түрдүү чөйрөлөрүнүн коммерциялык фирмаларынын, КЭУ, үй чарбаларынын финансыларын уюштуруу принциптерин ачып бергиле

**Сунушталган адабият**

1. Ф.И. Шамхалов Мамлекет жана экономика: (бийлик жана бизнес) /РИА Экон. бөл.; - М.:,1999. – 414 б.

2. Л.И. Якобсон Экономиканын мамлекеттик сектору: экономикалык теория жана саясат. М. 2000-ж.

3. Д.А. Гайнанов Заманбап мамлекеттик башкаруунун теориясы жана механизмдери: Окуу куралы / Д.А. - М.: ИНФРА-М ИИБ, 2014. - 288 б.

4. А.М. Бабич Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар [Электрондук ресурс] / А.М. Бабич, Л.Н. Павлова - Москва: ЮНИТИ, 2010. - 703 б. – Кирүү режими: http://ibooks.ru, УрМЭУ тармагында жеткиликтүү.

5. Финансылар: окуу китеби/ С.А. Белозеров, Г.М. Бродский, С.Г. Горбущина ж.б., жооп. ред. В.В. Ковалев. - М.: Проспект, 2020. – 928 б.

6. 1996-жылдын 8-майындагы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси.

7. 1999-жылдын 15-октябрындагы «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

8. 2016-жылдын 16-мартындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси.

9. Калктын кирешелерин аныктоо боюнча методологиялык жобо: КР УСК

## 2-тема. Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн мамлекеттик жөнгө салуунун инструменти катары

2.1 Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар: маңызы, курамы, уюштуруу принциптери

2.2 Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу: мазмуну, методдору

2.3 Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу органдары

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор

Сунушталган адабият

### 2.1 Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар: маңызы, курамы, уюштуруу принциптери

Экономикалык туруксуздуктун заманбап шарттарында коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн башкарууда мамлекеттик жана муниципалдык финансылардын ролу маанилүү болуп калууда. Мамлекеттик жана муниципалдык финансылардын маңызы мамлекеттин, экономиканын кооперативдик секторунун, үй чарбаларынын ортосунда ички дүң продуктуну, региондук дүң продуктуну, улуттук кирешени түзүү, бөлүштүрүү, кайра бөлүштүрүү жана контролдоо процессинде пайда болуучу экономикалык мамилелерди билдиргендигинде турат. Бул процесс биринчи кезекте, социалдык чөйрөнү, калктын айрым социалдык топторун каржылоо, мамлекеттик экономикалык саясатты ишке ашыруу зарылдыгынан келип чыккан өлкөнүн экономикасынын мамлекеттик жана муниципалдык секторунун акча каражаттарынын борборлоштурулган фонддорун түзүүнү камсыз кылат.
Мамлекеттик жана муниципалдык сектор өлкөнүн экономикасынын маанилүү звеносу болуп саналат, анын масштабы экономикалык системанын моделине түздөн-түз көз каранды. Алар коомдук турмушка катышкан мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагында турган экономиканын ресурстарынын жыйындысы катары экономиканын мамлекеттик жана муниципалдык секторунун заманбап түшүнүгү анын курамында мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган ишканаларды, уюмдарды, ошондой эле өлкөнүн бюджеттеринин ресурстарын билдирет.
Кыргыз Республикасынын экономикасынын мамлекеттик жана муниципалдык секторунун курамында мамлекеттик ишкердик түзүмдөр, ошондой эле бюджеттик коммерциялык эмес уюмдар, илим, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, социалдык камсыздоо, коргоо, жаратылышты коргоо, улуттук коопсуздукту камсыз кылуу мекемелери, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык менчик объекттери бар. Кыргыз Республикасынын

экономикасынын мамлекеттик жана муниципалдык секторунун ишкердик элементи XX кылымдын 90-жылдарынан бери жүргүзүлүп жаткан чарба жүргүзүүнүн рыноктук системасына өтүү боюнча реформалардын натыйжасында азыркы учурда өнөр жайдагы мамлекеттик ишканалардын үлүшүнүн 3,3 %га чейин төмөндөшү менен мүнөздөлөт, мында өнөр жай продукциясын өндүрүү көлөмү тармактын продукциясын өндүрүүнүн жалпы көлөмүндө 1 % түзөт. Муниципалдык ишканалардын үлүшү 3,8 % түзөт, продукцияны өндүрүүнүн көлөмү дагы 1 % түзөт. Мамлекеттик чарба жүргүзүүчү субъекттердин айыл чарбасында 415433 бирдиктен болгону 33 бирдик сакталып калган, курулушта мамлекеттик уюмдар тарабынан аткарылган иштердин көлөмү тармактагы иштердин жалпы көлөмүнүн 4,6 % түзөт.

Калктын билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, социалдык коргоо, дене тарбия жана спорт кызматтарына болгон муктаждыктарын канааттандырууну камсыз кылган экономика тармактарынын жыйындысы Кыргызстандын экономикасынын мамлекеттик жана муниципалдык секторунун маанилүү элементи болуп саналат, ал социалдык мамилелердин туруктуулугун бекемдөө жана колдоо үчүн өбөлгөлөрдү түзөт.

Республиканын билим берүү системасы болжол менен 7 миң тарбиялоочу иштеген, ал эми балдардын саны болжол менен 180 миңди түзгөн 1248 мамлекеттик мектепке чейинки мекемелерден; окугандардын саны 120 миңди түзгөн, ал эми окутуучулар – 78 миңди түзгөн 2148 мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарынан; 6 миңден ашык окутуучулар иштеген 109 мамлекеттик колледжден жана техникумдан; профессордук-окутуучулук курамынын саны 10 миң адамдан ашкан 35 мамлекеттик жогорку окуу жайдан турат.

Республиканын саламаттык сактоо системасы 13,9 миң врач, 34,6 миң орто медициналык персонал иштеген 185 оорукана мекемесинен, алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү 148 мекемеден, 1029 фельдшердик-акушердик пункттан турат.

Маданият системасы 20 кесиптик театр, 64 музей, 1061 китепкана, 42 кинотеатр жана 698 клуб менен көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, өлкөдө башкаруучулук, социалдык-маданий функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер иштейт.

Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин финансылык негизи болуп саналуу менен экономиканын мамлекеттик жана муниципалдык секторлорун каржылоонун борборлоштурулган булактары менен камсыздайт. Өлкөнүн финансылык системасынын түзүмүндө алар анын борборлоштурулган чөйрөсүн билдирет.

Кыргыз Республикасынын – 2 деңгээлдүү бюджеттик системасы бар унитардык мамлекеттин мамлекеттик жана муниципалдык финансыларынын курамына төмөнкүлөр кирет:

- бюджеттик система;

- мамлекеттик жана муниципалдык кредиттөө.

2-сүрөттө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык финансыларынын схемасы берилген.




2-сүрөт. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык финансылары

Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды уюштуруу жана иштеши мамлекет тарабынан белгиленүүчү белгилүү бир принциптерге негизделет. Алардын ичинен эң маанилүүлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

- мыйзам чыгаруу жана ченемдик базанын бирдиктүүлүгү;

- акча каражаттарынын максаттуу багытталышы: мамлекеттик чыгашаларды финансылык пландарга ылайык максаттуу багыты боюнча так жүзөгө ашыруу;

- үнөмдүүлүк жана сарамжалдуулук: алынуучу натыйжага карата сарптоолорду азайтуу, каражаттарды кыйла максатка ылайыктуу чыгымдоо;

- ыйгарым укуктарды жана киришүү предметтерин чектөө;

- акысыздык: акы төлөөнүн кандайдыр бир түрлөрүн мамлекетке төлөбөстөн бюджеттик каражаттарды бөлүү;

- кайтарылгыстык: бөлүнгөн бюджеттик каражаттар милдеттүү түрдө кайтарылып берилүүгө тийиш эмес;

- ачыктык жана айкындуулук.

Кайра бөлүштүрүү мамлекеттик бюджет аркылуу жүзөгө ашырылат жана өзүнө салыктык жана салыктык эмес кирешелердин эсебинен бюджетти түзүүнү жана бюджеттен социалдык чөйрөгө жана улуттук экономикага, региондорду финансылык колдоого, социалдык трансферттерге чыгашаларды каржылоону камтыйт.

Мамлекеттик жана муниципалдык кирешелердин жана чыгашалардын маңызын жана курамын карап көрсөк.

Мамлекеттик кирешелер – бул мыйзамдарга ылайык мамлекеттик бийлик органдарынын бюджеттерине жана мамлекеттик бюджеттен тышкаркы фонддорго чегерилүүчү акча каражаттары жана мамлекеттик бийлик органдарынын бюджеттеринин кирешелеринен жана мамлекеттик бюджеттен тышкаркы фонддордун кирешелеринен турат.

Муниципалдык кирешелер – бул мамлекеттик бийлик органдарынын мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын муниципалдык укуктук актыларына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерине жана муниципалдык бюджеттен тышкаркы фонддорго чегерилүүчү акча каражаттары.

Мамлекеттик жана муниципалдык кирешелер салыктык, салыктык эмес, ошондой эле акысыз түшүүлөрдү мобилизациялоо жолу менен түзүлөт жана тиешелүү бюджеттерде топтолот.

## 2.2 Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу: мазмуну, максаты, методдору

Коомдо социалдык-экономикалык процесстерди башкаруунун жалпы системасынын эң маанилүү бөлүгү эң негизги элементи – мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу болгон финансыларды башкаруу болуп саналат.

Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу – бул коомду болжолдуу социалдык-экномикалык өнүктүрүү үчүн зарыл болгон мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды топтоону жана бөлүштүрүүнү, сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланууну контролдоону камтыган мамилелердин системасы, ошондой эле мындай мамилелерди жүзөгө ашыруучу жана жөнгө салуучу финансылык институттардын жана мехнизмдердин жыйындысы. Финансыларды башкаруу объекттери болуп финансылык мамилелердин ар кандай түрлөрү саналат. Мамлекеттик финансыларды башкаруу субъекттери болуп мамлекеттик бийлик органдары, муниципалдык финансыларды башкаруу субъекттери – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары эсептелет, чарба жүргүзүүчү субъекттер ишканалардын финансыларын, ал эми үй чарбалары (юридикалык эмес жактар) үй чарбаларынын акчалай кирешелерин башкарат.

Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруунун негизги максаты – коом сапаттуу жана натыйжалуу кызмат көрсөтүүлөрдү алган финансылык шарттарды түзүү, финансылык туруктуулук.
Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу бардыгынан мурда бюджеттик пландаштыруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Тиешелүү бюджеттин параметрлерин пландоо Өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна жана тиешелүү түрдө Аймактарды социалдык-экномикалык өнүктүрүүнүн программаларына, ошондой эле Фискалдык саясаттын негизги багыттарына негизделген.
Башкаруунун формалары болуп ошондой эле финансылык мыйзамдарды кабыл алуу, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди, Социалдык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерин бекитүү, алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду кабыл алуу, салык салууну белгилөө ж.б. эсептелет.

Ушул чөйрөдө реформаларды стратегиялык пландоонун эл аралык практикасы тарабынан пайдаланылуучу мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу системасынын негизги функциялары төмөнкүлөр болуп саналат:

1) бюджеттин реалдуулугуна жетүү;
2) бюджеттөөнү программалык негизде жакшыртуу;
3) бюджеттин толуктугун жана айкындуулугун камсыздоо;
4) бюджетти аткарууда чыгашаларды контролдоону жакшыртуу;
5) бюджетти аткарууда кирешелерди контролдоону жакшыртуу;
6) бухгалтердик эсептин жана отчеттулуктун стандарттарын өркүндөтүү;
7) ички аудиттин жол-жоболорун жакшыртуу;
8) тышкы аудиттин жол-жоболорун жакшыртуу.

Финансылар теориясында финансыларды мамлекеттик башкаруунун кыйыр методдорун жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин финансылык ишине түз административдик таасир берүү методдору бөлүп каралат.
Кыйыр методдорго төмөнкүлөр кирет:

1) экономикада атаандаш чөйрөнү түзүү жана колдоо жана рынокту монополизациялоону чектөө
2) табигый монополиялардын бааларын мамлекеттик жөнгө салуу
3) натыйжалуу бажылык саясатты жүргүзүү
4) камсыздандыруу ишин өнүктүрүүгө көмөктөшүү
5) капитал рыногун өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Чарба жүргүзүүчү субъекттердин финансылык ишине түз административдик таасир берүү методдоруна төмөнкүлөр кирет:

1) ишкердик ишти лицензиялоо, айрым товарларды өндүрүүгө квоталарды белгилөө, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген номенклатурасы боюнча чектик бааларды белгилөө
2) товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүн өндүрүүгө жана сатууга финансылык дотациялоо жана субсидиялоо
3) товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүнө акциздик салык салууну жана мамлекеттик монополияны колдонуу
4) калктын аз камсыз болгон катмарына карата социалдык кепилдиктер жана финансылык коргоо чараларынын системасын жүргүзүү
5) конкреттүү салык төлөөчүлөр үчүн салыктар жана бюджетке, бюджеттен тышкаркы фонддорго ар кандай төлөмдөр боюнча жеңилдиктерди белгилөө
6) финансылык тартипти бузгандарга карата финансылык санкцияларды колдонуу Финансыларды түздөн-түз мамлекеттик башкаруу мамлекеттик финансыларга карата гана жүзөгө ашырылат.

## 2.3 Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу органдары

Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органдарына жүктөлгөн: Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, мамлекеттин финансылык ишин жөнгө салуу бөлүгүндө тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

Кыргыз Республикасынын Президенти 2021-жылдын 11-апрелинде референдум менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык мамлекет башчысы, жогорку кызмат адамы жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигин жетектейт. Президент мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт, мамлекеттик бийликтин биримдигин, мамлекеттик органдарды координациялоону жана өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат.

Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу жаатында өлкөнүн финансылык системасынын натыйжалуу иштешин аткаруу бийлигинин жетекчиси катары өз ыйгарым укуктарын ишке ашыруу аркылуу камсыз кылат. Ошентип, Президент Министрлер Кабинетинин түзүмүн жана курамын аныктайт, анын төрагасын жана мүчөлөрүн дайындайт, аткаруу бийлигинин органдарынын жетекчилерин, жергиликтүү администрациялардын башчыларын кызматка дайындайт жана бошотот. Президент аткаруу бийлигинин жана Министрлер Кабинетинин ишинин натыйжалары үчүн жеке жоопкерчилик тартат. Муну

менен бирге Президент өз ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорлорун киргизүү, финансылык системанын элеименттеринин ишин регламенттөөчү мыйзамдарды бекитүү, жарлыктарды, тескемелерди кабыл алуу аркылуу ишке ашырат.

Жогорку Кеңеш – парламент Конституцияга ылайык мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук функцияларды жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган. Финансыларды башкаруу жаатында Жогорку Кеңеш финансылык системаны өнүктүрүү менен байланышкан мыйзам чыгаруу актыларын – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Жогорку Кеңештин токтомдорун талкуулоого киргизүү жана кийин добуш берүү боюнча мыйзам чыгаруу демилгесин көтөрүү укугуна ээ. Мисалы, салыктарды киргизүү же жокко чыгаруу жөнүндө, аларды төлөөдөн бошотуу тууралуу, мамлекеттик зайымдарды чыгаруу жөнүндө, мамлекеттин финансылык милдеттенмелерин өзгөртүү тууралуу, Республикалык бюджет жөнүндө, Социалдык фонддун бюджети тууралуу, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жөнүндө жана башкалар. Жогорку Кеңештин финансылар боюнча жумушчу органы болуп туруктуу негизде иштеген Бюджет жана финансы боюнча комитети саналат. Комитетте мыйзам чыгаруу актылары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине добуш берүүгө киргизилгенге чейин ал тарабынан иштетилет.

2021-жылдын 11-октябрында «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы күчүнө кирген, ага ылайык Министрлер Кабинети Президентке баш ийген жана отчет берген аткаруу бийлигинин жогорку коллегиалдуу органы болуп саналат. Министрлер Кабинети Конституция жана мыйзамдар менен Президенттин жана Жогорку Кеңештин, соттордун, башка мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген маселелерди кошпогондо, мамлекеттик башкаруунун бардык маселелерин чечет. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу чөйрөсүндөгү компетенциясы аткаруу бийлигинин органы катары анын статусу менен аныкталат жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бюджеттик-финансылык, баалык, тарифтик, инвестициялык, тышкы экономикалык, салыктык жана бажылык саясатты аткарууну камсыз кылуу;
- экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- Фискалдык саясаттын негизги багыттарын бекитүү;
- республикалык бюджеттин долбоорун иштеп чыгуу жана Жогорку Кеңешке сунуштоо жана анын аткарылышын камсыздоо;
- республиканын экономикалык жана финансылык системаларды чыңдоо боюнча чараларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
- мыйзамдардын долбоорлоруна төмөнкүлөрдү караган расмий корутундуларды берүү:

1) республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү;

2) мамлекеттик бюджеттин эсебинен жабылуучу чыгашаларды көбөйтүү же болбосо анын киреше бөлүгүн кыскартуу;

3) республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга оңдоолорду киргизүү;

4) салыктарды киргизүү же жокко чыгаруу, аларды төлөөдөн бошотуу;

5) мамлекеттин финансылык милдеттенмелерин кабыл алуу жана өзгөртүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктар.

Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу системасында аткаруу

бийлигинин борбордук органы болуп Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги сналат.

Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин укук улантуучусу болуп эсептелет.

Финансы министрлиги ички аудит жана ички контроль чөйрөсүндөгү, ошондой эле бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жобого ылайык министрликтин максаты мамлекеттик финансыларды натыйжалуу башкаруу болуп эсептелет.

Көрсөтүлгөн максатты камсыздоо үчүн Финансы министрлигине төмөнкүдөй милдеттер бекитилип берилген:

1) мамлекеттик финансыны башкаруу саясатын түзүү;

2) салыктык эмес кирешелер саясатын түзүү;

3) мамлекеттик башкаруу секторунда ички аудитти жана ички контролдоону өнүктүрүүнүн стратегияларын аныктоо;

4) төмөнкү маселелер боюнча ченемдик укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү:

- салыктык эмес кирешелер;

- баалуу металлдарды жана асыл таштарды өндүрүү, аларды пайдалануу, жүгүртүү жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фондунун баалуулуктарын жана Баалуу металлдардын жана асыл таштардын мамлекеттик запастарын сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында аталган баалуулуктар менен операцияларды аткаруу;

- мамлекеттик сатып алуулар;

- бюджеттик кредиттерди берүү;

- мамлекеттик башкаруу секторунун ички аудити жана ички контролдоосу, бухгалтердик эсепке алуусу жана финансылык отчеттуулугу;

5) салыктык жана бажылык түшүүлөрдү, камсыздандыруу төгүмдөрүн, салыктык эмес кирешелерди башкаруу;

6) Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички мамлекеттик карызын башкаруу;

7) террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү.

Финансы министрлиги максатына жана милдеттерине ылайык төмөнкү функцияларды аткарат:

- тармактык саясат;
- жөнгө салуу;
- координациялоо, контролдоо, көзөмөлдөө жана мониторинг жүргүзүү;
- кызматтарды көрсөтүү;
- колдоо.

Тармактык саясаттын функциялары Министрликтин ишинин төмөнкүдөй түрлөрүн аткарууну болжолдойт:

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин ирилештирилген болжолунун көрсөткүчтөрүн эсептөө, мамлекеттик бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту түзүү;

– орто мөөнөттүү келечекке бюджеттин болжолдук параметрлерин иштеп чыгуу жана Фискалдык саясаттын негизги багыттарын түзүү;

– республикалык бюджеттин долбоорун, ошондой эле бекитилген республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу мыйзамдын долбоорун түзүү жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына сунуштоо;

– тийиштүү жылдарга мамлекеттик бюджеттин киреше жана чыгаша бүлүктөрүнүн болжолдорун түзүү;

– кирешелердин иш жүзүндө түшүүлөрүнө жана чыгашаларга мониторинг жана талдоо жүргүзүү;

– кирешелерди мобилизациялоо жана бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

– жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн нормативдерин белгилөө боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана бекитилген нормативдерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жеткирүү;

– бюджеттер аралык мамилелердин системасын өркүндөтүү боюнча бирдиктүү саясат жүргүзүү;

– республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар формасында ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун планын белгилөө жана тизмегин түзүү;

– Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин аткарылышын кассалык тейлөөнү жүзөгө ашыруу;

– мамлекеттик бюджеттин туруктуулугуна карата фискалдык тобокелдиктерге талдоо жана баалоо жүргүзүү;

– мамлекеттик бюджетти финансылык ресурстар менен камсыздоонун кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү болжолдоону жүзөгө ашыруу;

– мамлекеттик бюджеттин кирешелерине жана Финансы министрлиги жөнүндө жобого ылайык тармактык саясат жаатындагы башка ишке фискалдык кайра түзүүлөрдүн таасирине баалоо жүргүзүү.

Жөнгө салуу функциялары белгиленген тартипте төмөнкү операцияларды аткарууну билдирет:

– салыктардын, жыйымдардын жана башка төлөмдөрдүн ашыкча төлөнгөн/өндүрүлгөн суммаларын кайтарып берүү, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин ортосунда аларды бөлүштүрүү;

– баалуу металлдарды жана асыл таштарды өндүрүү, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик баалуу металлдар жана асыл таштар фондусунун баалуулуктарын жана Баалуу металлдардын жана асыл таштардын мамлекеттик запасын пайдалануу, жүгүртүү, сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында аталган баалуулуктар менен операцияларды жүргүзүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

– юридикалык жана жеке жактардын баалуу металлдар жана асыл таштар менен операцияларды жүргүзүүдө, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана баалуу металлдар жана асыл таштар менен операциялар боюнча кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жаатындагы мыйзамдардын сакталышын камсыз кылуу жана Финансы министрлиги жөнүндө жобого ылайык башка ыйгарым

укуктар.

Кординациялоо, контролдоо, көзөмөлдөө жана мониторинг жүргүзүү функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт:

– мамлекеттик бюджетти аткаруунун жүрүшүн контролдоо жана ага талдоо жүргүзүү;

– республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттерди максаттуу жана натыйжалуу пайдалануусун контролдоо;

– өткөрүлгөн мамлекеттик сатып алуулардын натыйжалары боюнча бюджеттик мекемелердин милдеттенмелерин жана контракттарын эсептик каттоодон өткөрүү;

– жалпы мамлекеттик салыктардын, салыктык эмес жана бюджеттердин ортосундагы башка кирешелердин бөлүштүрүлүшүнө, ошондой эле бюджеттер аралык трансферттердин пайдаланышына мониторинг жана контроль жүргүзүү;

– баалуу металлдар, асыл таштар жана алардан жасалган буюмдар менен операцияларга, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча мониторингди, жөнгө салууну, контролдоону жана көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;

– Министрликтин компетенциясынын алкагында эл аралык финансы институттары жана донордук уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү координациялоо жана ишке ашыруу;

– товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча сатып алуучу уюмдардын ишин координациялоо жана жөнгө салуу;

– ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү, финансылык башкаруу органдарынын маалыматтык системаларынын ортосундагы маалымат алмашууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын финансылык башкаруу органдарынын тармактык маалымат базасын камтыган борборлоштурулган маалымат сактоочу жайды уюштуруу боюнча иш-чараларды аткаруунун жүрүшүн координациялоо жана интеграциялоо;

– мамлекеттик ички контролдоого мониторинг жүргүзүү жана мамлекеттик ички контролдоо маселелери боюнча методологиялык колдоону камсыз кылуу жана Финансы министрлиги жөнүндө жобого ылайык башка ыйгарым укуктар.

Кызматтарды көрсөтүү функцияларына ылайык Финансы министрлиги белгиленген тартипте Министрликтин карамагына тийиштүү болгон маселелер боюнча жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылууларын, арыздарын, даттанууларын карайт, ошондой эле Министрликтин карамагына тийиштүү болгон маселелер боюнча жеке жана юридикалык жактарга маалыматтык-консультациялык көмөк көрсөтүүнү камсыздайт.

Колдоо функциялары төмөнкүлөрдү билдирет:

– бюджеттик мекемелердин атайын эсептериндеги каражаттардын методологиялык базасын, мамлекеттик бюджетти кассалык аткаруу боюнча операцияларды, программалык негизде бюджеттерди түзүүнү жана алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

– Мамлекеттик башкаруу секторунун финансылык отчеттуулугунун, ички аудитинин жана ички контролдоонун эл аралык стандарттарына ылайык бухгалтердик эсептин, финансылык отчеттуулуктун методологиялык базасын иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

– эл аралык келишимдерди түзүү жол-жобосуна, эл аралык долбоорлорду жана программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, ошондой эле Министрликтин компетенциясына кирген маселелер боюнча мамлекеттик органдар, чет мамлекеттердин коммерциялык эмес уюмдары жана эл аралык уюмдар менен кызматташууга катышуу жана

Финансы министрлиги жөнүндө жобого ылайык башка ыйгарым укуктар.

Ошентип, мамлекеттик финансыларды натыйжалуу башкарууну камсыздоо үчүн Финансы министрлиги тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча департаментинин (DFID) колдоосу менен 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 22-декабрындагы № 696 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүүнүн 2017–2025-жылдарга карата стратегиясы иштелип чыккан. Стратегияда Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкарууну реформалоонун багыттары жана артыкчылыктары белгиленет. Реформалоонун натыйжасында мамлекеттик финансыны башкаруу системасы бюджеттик дисциплинаны; фискалдык туруктуулукту жана ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрүүнү жана кызматтарды сапаттуу көрсөтүүнү камсыздайт. Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу системасын өнүктүрүүнүн ушул деңгээлдери эл аралык практика болуп таанылган.

3-сүрөт. Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу реформасын ишке ашыруунун этаптары.




Финансылык тартип, Фискалдык туруктуулук, Натыйжалуулук

Көрсөтүлгөн этаптар төмөнкүдөй күтүлгүчү натыйжалар менен мүнөздөлөт:

I. Финансылык тартип. Финансылык тартипти сактоо: бюджетти планга ылайык аткаруу бюджеттин реалдуулугуна жана аныктыгына жетүүгө көмөк көрсөтөт.

II. Фискалдык туруктуулук. Бюджетти артыкчылыктуу багыттарга жана орто мөөнөттүү келечекке карата реалдуу болжолдорго ылайык пландоо жана аткаруу туруктуу фискалдык саясатты ишке ашырууга көмөк көрсөтөт.

III. Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты. Бюджеттик ресурстарды натыйжалуу башкаруу сапаттуу кызмат көрсөтүүлөргө жана каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууга көмөк көрсөтөт.

Финансыларды мамлекеттик башкаруу системасындагы өзгөчө орун Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына таандык. Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын бардык мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларынын, уюмдарынын жана мекемелеринин мамлекеттик аудитору болуп саналат, анын ыйгарым укуктары жеке жана менчиктин башка формасындагы, үлүшү мамлекеттик жана муниципалдык катышуунун чоң үлүшү болгон ишканаларга жана уюмдарга да жайылтылат.

Эсептөө палатасы атайын статусу бар мамлекеттик орган болуп саналат, анын ишинин негизги максаты аудит жана аудиттин натыйжалуулугу болуп эсептелет:

- республикалык бюджеттин аткарылышын баалоо, жергиликтүү бюджетти, бюджеттен тышкаркы жана атайын каражаттарды түзүү жана аткаруу,

- мамлекеттик жана муниципалдык менчикти пайдаланууну баалоо,

- мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарын камсыз кылуу жана ишке ашыруу.

Эсептөө палатасы ага бекитилип берилген контролдук, аналитикалык, маалыматтык функцияларды аткаруу боюнча кеңири ыйгарым укуктарга ээ:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына аудит жүргүзүү;

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди аткаруу процессинде акчалай түшүүлөрдүн толуктугун жана өз убагында келип түшүүсүн изилдөө жана талдоо, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин бекитилген көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу бюджеттик каражат бөлүүлөрдүн иш жүзүндө чыгымдалышын талдоо, эреже бузууларды аныктоо жана аларды жоюу боюнча сунуштарды киргизүү;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ички жана тышкы карызын башкарууга жана тейлөөгө аудит жүргүзүү:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кепилдиги менен алынуучу чет өлкөлүк кредиттерди, зайымдарды жана гуманитардык жардамды пайдалануунун мыйзамдуулугу, сарамжалдуулугу жана натыйжалуулугу үчүн;

- кайтарылма негизде берилүүчү борборлоштурулган финансылык ресурстарды натыйжалуу жайгаштыруу үчүн;

- мамлекеттик кредиттерди берүү, ошондой эле чет мамлекеттерге жана эл аралык уюмдарга каражаттарды акысыз негизде берүү үчүн;

- чет өлкөлөрдө иштеп жаткан жана республикалык бюджеттен каржылануучу мамлекеттик уюмдардын, өкүлчүлүктөрдүн жана мекемелердин чыгымдарына алардын чыгымдалышынын көлөмү, түзүмү, максаттуу багыты жана максатка ылайыктуулугу боюнча аудит жүргүзүү;

- экономиканы инвестициялоо үчүн каралган каражаттардын мамлекеттик башкаруу органдары жана чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан максаттуу пайдаланылышына, менчиктин мамлекеттик эмес формасындагы ишканаларды түзүүгө жана өнүктүрүүгө бөлүнүүчү мамлекеттик инвестициялык каражаттардын пайдаланылышына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башкаларга аудит жүргүзүү.

Финансылык, банктык системаларды башкаруу жаатында атайын статусу бар мамлекеттик бийлик органы болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептелет. Конституцияга ылайык, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банк тутумуна көзөмөл жүргүзөт, Кыргыз Республикасында акча-кредит саясатын аныктайт жана жүргүзөт, бирдиктүү валюта саясатын иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат, акча белгилеринин эмиссиясын жүргүзүүгө өзгөчө укукка ээ, банктык каржылоонун ар кандай формаларын жана принциптерин ишке ашырат.

Министрлер Кабинетинин финансылык агенти болуу менен Улуттук банк Бирдиктүү казыналык эсепте турган Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин каражаттарын тейлейт; республикалык бюджеттин долбоорун түзүүдө Министрлер Кабинетине кеңеш берет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**Өзүн-өзү контролдоо үчүн контролдук суроолор**

1. Кыргыз Республикасынын экономикасынын мамлекеттик жана муниципалдык секторун, анын курамын мүнөздөп бергиле
2. Мамлекеттик жана муниципалдык финансылардын маңызын, уюштуруу принциптерин, курамын ачып бергиле
3. Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу системасынын мазмунун, максаттарын, методдорун ачып бергиле
4. Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу органдары
5. Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары
6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары
7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары
8. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары

**Сунушталган адабият**


1. Мамлекеттик жана муниципалдык финансылар. Окуу китеби (С.И. Лушин менен проф. В.А. Слеповдун редакциясы астында). М.: Экономистъ, 2006-ж.

2. Д. Брюммерхофф Мамлекеттик финансылардын теориясы. М.: Пионер-Пресс, 2002-ж.

3. А.Сарыбаев Кыргыз Республикасынын экономикасында мамлекеттик финансылар. Б. 2005-ж.

4. Финансылар. Окуу китеби (Г.Б. Поляктын редакциясы астында). М.: ЮНИТИ – Дана, 2007-ж.

5. Н.Д. Шимширт Мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкаруу: Окуу китеби - М.: Альфа-М: ИНФРА-М ИИБ, 2014. - 352 б.

6. 2021-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

7. 2021-жылдын 11-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы.

8. 2014-жылдын 13-августундагы «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

9. 2016-жылдын 16-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

10. 2017–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыларды башкарууну өнүктүрүү стратегиясы.

11. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жобо.


**3-тема. Бюджеттик система – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык финансыларынын иштөө негизи**

3.1 Бюджеттин социалдык-экономикалык маңызы

3.2 Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы: курамы, уюштуруу принциптери

3.3 Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясы

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабият

**3.1 Бюджеттин социалдык-экономикалык маңызы**
Тарыхый жактан алсак, бюджет Англияда XVII кылымдын аягында парламент тарабынан бекитилген мамлекеттин бир жылга кирешелеринин жана чыгашаларынын планы катары пайда болгон.
Бюджет теориясы көрүнүш катары анын көп кырдуулугу менен байланышкан «бюджет» түшүнүгүн түшүндүрүү үчүн ар кандай ыкмалар бар:
- биринчиден, бюджет – бул мамлекеттин функцияларын камсыз кылууга арналган акча каражаттарынын борборлоштурулган фонддорун түзүүгө, бөлүштүрүүгө, пайдаланууга байланышкан финансылык системанын объективдүү шартталган звеносу, экономикалык мамилелердин өзгөчө сегменти;
- экинчиден, бюджет – тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын функцияларын жана милдеттерин камсыз кылуу үчүн борборлоштурулган акча фонду;
- үчүнчүдөн, бюджет – өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн башкаруунун финансылык планы, мыйзам күчүнө ээ;
- төртүнчүдөн, бюджет – мамлекеттердин социалдык-экономикалык саясатынын милдеттерин ишке ашыруунун маанилүү инструменти.
Заманбап мааниде алганда, бюджеттин социалдык-экономикалык негизи улуттук дүң продуктунун бир бөлүгүн бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү процессинде акча каражаттарынын борборлоштурулган фонддорун түзүү жана пайдалануу боюнча мамлекет менен юридикалык жана жеке жактардын ортосунда экономикалык (акча) мамилелерди түзүүдө турат.
Социалдык-экономикалык категория катары бюджеттин мазмуну анын функциялары аркылуу ачылат: бөлүштүрүүчү (жөнгө салуучу), фискалдык, контролдук.
Бюджеттин бөлүштүрүү функциясы өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги макроэкономикалык параметрлерин, коомдук кайра өндүрүүнүн оптималдуу пропорцияларын, калктын билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо, укук коргоо ж.б. чөйрөсүндө негизги коомдук товарларды керектөөсүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда турат.

Бюджеттин фискалдык функциясы салык салуу аркылуу мамлекетти финансылык ресурстар менен камсыз кылууда турат.

Бюджеттин контролдук функциясы бюджеттик каражаттарды натыйжалуу чыгымдоону камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Бюджеттин иштеши ички дүң продуктунун наркын кайра бөлүштүрүүнүн формасын билдирген экономикалык категориялар болгон анын кирешелери жана чыгашалары аркылуу жүзөгө ашырылат.
Экономикалык категория катары бюджеттин кирешелери мамлекеттин функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон акча каражаттарын түзүү процессинде келип чыккан

экономикалык мамилелерди билдирет жана мамлекеттин ишинин финансылык базасын түзөт.
Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык бюджеттин кирешелери – бул Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген салыктар, бажы төлөмдөрү, салыктык эмес төлөмдөр, төгүмдөр, камсыздандыруу төгүмдөрү, чегерүүлөр жана жыйымдар түрүндө, ошондой эле алынган трансферттер түрүндө тийиштүү бюджеттерге түшүүчү акчалай каражаттар болуп саналат.

Салыктык кирешелер деп салыктардан, жыйымдардан жана чегерүүлөрдөн түшүүлөр, мыйзамдарды бузгандыгы үчүн кошуп эсептелген пайыздардан, туумдардан жана санкциялардан түшүүлөр түшүнүлөт.

Кыргыз Республикасында жалпы мамлекеттик салыктар, жергиликтүү салыктар, ошондой эле атайын салыктык режимдер белгиленет.

Жалпы мамлекеттик салыктар деп ушул Кыргыз Республикасынын бардык аймагында төлөнүүгө милдеттүү салыктар эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык жалпы мамлекеттик салыктар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) киреше салыгы;

2) пайда салыгы;

3) кошумча нарк салыгы;

4) акциз салыгы;

5) жер казынасын пайдалануу салыгы;

6) сатуу салыгы.

Жергиликтүү салыктарга төмөнкүлөр кирет:

1) жер салыгы;

2) мүлк салыгы.

Жергиликтүү салыктар деп Салык кодексинде белгиленүүчү жана жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актылары менен колдонууга киргизилүүчү, тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин аймактарында төлөнүүгө милдеттүү болгон салыктар таанылат.

Атайын салык режимдерине төмөнкүлөр кирет:
1) милдеттүү патенттин негизиндеги салык;
2) ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык;
3) бирдиктүү салыктын негизиндеги салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы;
4) салык контрактынын негизиндеги салыктар;
5) эркин экономикалык аймактардагы салык режими;
6) Жогорку технологиялар паркындагы салык режими;
7) чекене соодадан алынуучу салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы;
8) майнингге салык.

Салыктык эмес кирешелер – салыктар, бажы төлөмдөрү, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча төгүмдөр жана расмий трансферттер болуп саналбаган мамлекеттик бюджеттин кирешелери. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- жыйымдар: мамлекеттик каттоо үчүн, автомототранспорт каражаттарын каттоо үчүн, баалуу кагаздарды каттоо үчүн, жер казынасын пайдалануу укугун берүү үчүн, айлана-чөйрөнү булгоо үчүн, суу ресурстарын жана суу объекттерин пайдалануу үчүн, жайыт жерлерин пайдалануу үчүн, аскердик милдетке байланыштуу жыйымдар жана башка жыйымдар;

- мүлктөн түшкөн кирешелер;

- айыптар, зыяндын ордун толтуруу;

- чегерүүлөр: мамлекеттик алым, патенттик алым, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн түшүүлөр.

Салыктык эмес кирешелер республикалык бюджетке, ошондой эле жергиликтүү бюджеттерге чегерилет.

«Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын кодексине ылайык республикалык бюджетке төмөнкү салыктык эмес кирешелер түшөт:

1) Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлүшүнө жараша Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасы;

2) мамлекеттик ишканалардын пайдасынан чегеримдер;

3) байланыш тармагын өнүктүрүүгө чегеримдер;

4) чарба жүргүзүүчү коомдордун мамлекетке таандык акцияларына (үлүшүнө) эсептелген дивиденддер;

5) мамлекеттин менчигинде турган мүлктүн ижарасынан кирешелер;

6) сынам жыйымы;

7) айылдык аймактын, шаардын чек араларына кирбеген лицензияланган аянттан же анын бөлүгүнөн жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу үчүн жыйым;

8) аскердик милдет менен байланышкан жыйымдар;

9) радиожыштык спектрин пайдалануу үчүн жыйым;

10) өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнүн жаратылыш объектилерин, козу карындарды жана мамлекеттик токой фондусун пайдалануу үчүн жыйым;

11) суу ресурстарын жана суу объекттерин пайдалануу үчүн жыйым;

12) айлана-чөйрөнү булгагандык үчүн жыйым;

13) тооруктардын (конкурс, аукцион) жыйынтыктары боюнча жыйым;

14) бөлүнүп берилген номерлөө ресурсу үчүн жыйым;

15) мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар;

16) мамлекеттик каттоо үчүн жыйымдар;

17) автомототранспорт каражаттарын каттоо үчүн жыйымдар;

18) баалуу кагаздарды мамлекеттик каттоо үчүн жыйым;

19) баалуу кагаздар жагынан операцияларды жүргүзүү укугуна күбөлүк берүү үчүн жыйым;

20) апостилди коюу үчүн жыйым;

21) этиль спиртин жана алкоголдук продукцияларды өндүрүү жана жүгүртүү боюнча иштерди жүзөгө ашыруу үчүн жыйымдар;

22) транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин таразалоо жана ченөө үчүн жыйымдар жана жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча атайын жана бөлүнбөй турган жүгү бар транспорт каражаттарын өткөрүү үчүн жыйым;

23) жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорундагы жасалма курулмалар боюнча өтүү үчүн жыйым;

24) жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча өтүү үчүн жыйым;

25) жер казынасын пайдалануу укугуна конкурска жана/же аукционго катышуу үчүн жыйым;

26) товардык кампалардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде каттоо жөнүндө күбөлүктү берүү үчүн жыйым;

27) мамлекеттик алым;

28) патенттик жана башка алымдар, жыйымдар;

29) мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн айыптарды, санкцияларды, компенсацияларды, зыяндардын ордун толтуруучу суммаларды кошпогондо, мамлекеттик органдар, алардын ведомстволук мекемелери тарабынан бузуулар үчүн материалдык жоопкерчилик чараларын колдонуунун натыйжасында алынган каражаттар, анын ичинде айыптар, санкциялар, компенсациялар, соттун чечими боюнча зыяндын ордун толтуруучу суммалар;

30) айыл чарба өндүрүшүндөгү жоготуулардын ордун толтуруу;

31) юридикалык жана жеке жактар тарабынан республикалык бюджетке кайтарымсыз жана ыктыярдуу негизде берилүүчү каражаттар;

32) мамлекеттин менчигинде турган мүлктү менчиктештирүүдөн түшкөн кирешелер;

33) республикалык бюджеттен финансылануучу мекемелердин мүлкүн сатуудан түшкөн кирешелер;

34) конфискацияланган мүлктү, белгиленген тартипте мамлекеттик менчикке кайтарымсыз өткөн мүлктү, анын ичинде мамлекеттин пайдасына баш тартуунун бажылык жол-жобосу менен таризделген товарларды жана транспорт каражаттарын сатуудан түшкөн кирешелер;

35) монополияга каршы мыйзамдардын жөнгө салынуучу талаптарынан четтөөнүн натыйжасында мамлекеттин пайдасына айландырылган кирешелер;

35-1) утилдештирүү жыйымдары;

36) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка салыктык эмес кирешелер.

Жергиликтүү бюджеттерге төмөнкүдөй салыктык эмес кирешелер келип түшөт:

1) чарбалык коомдордун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык акцияларына (үлүшүнө) чегерилген дивиденддер;

2) муниципалдык ишканалардын пайдасынан чегерүүлөр;

3) муниципалдык менчиктеги объекттердин ижарасынан кирешелер;

4) эгерде ушул Кодекс менен башкасы белгиленбесе, жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйым;

5) калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым;

6) мамлекеттик токой фондунун жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жайыттарынан тышкары, жайыт жерлерди пайдалануу үчүн жыйым;

7) муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар;

8) автотранспортту токтотуу жана токтотуучу жай үчүн жыйым;

9) алкоголдук продукцияларды сатуучу субъекттер тарабынан этиль спиртин жана алкоголдук продукцияларды өндүрүү жана жүгүртүү боюнча иштерди жүзөгө ашыруу үчүн жыйымдар;

10) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын ведомстволук мекемелери бузуулар үчүн материалдык жоопкерчилик чараларын колдонушунун натыйжасында алынган каражаттар, анын ичинде айыптар, санкциялар, компенсациялар, сот чечимдери боюнча зыяндын ордун толтуруу суммалары;

11) юридикалык жана жеке жактар тарабынан жергиликтүү бюджеттерге кайтарымсыз жана ыктыярдуу негизде өткөрүлүп берилүүчү каражаттар;

12) муниципалдык менчикте турган мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер;

13) жергиликтүү бюджеттен финансылануучу мекемелердин мүлкүн сатуудан түшкөн кирешелер;

14) конфискацияланган мүлктү, белгиленген тартипте муниципалдык менчикке кайтарымсыз негизде өткөн мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер;

15) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка салыктык эмес кирешелер.

расмий трансферттерге төмөнкүлөр кирет:

- чет мамлекеттерден алынган фанттар,
- эл аралык уюмдардан алынган гранттар,
- бюджеттер аралык трансферттер.

Бюджеттин чыгашалары экономикалык категория катары мамлекеттик иш-чараларды каржылоону камсыз кылуу үчүн экономикалык мамилелердин субъекттеринин финансылык ресурстарынын фонддорун пайдалануу процессинде келип чыккан акчалай мамилелерди билдирет.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын чектелишине ылайык республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгаша милдеттенмелерин жабууга арналган чыгымдары белгиленген.

## 3.2 Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы: курамы, уюштуруу принциптери

Бюджеттик система мамлекеттин финансылык ресурстарын пайдалануунун формасы болуп саналат жана өлкөнүн мамлекеттик жана административдик-аймактык түзүлүшү менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасын түзүү Конституцияга негизделген. Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасы – көз карандысыз, эгемендүү, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет, бюджеттик системанын эки деңгээлдүү түзүмүнө ээ.

Бюджеттик система бюджеттик процессти жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө келип чыгуучу укуктун ченемдери менен регламенттелүүчү мамилелердин системасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикалык мамилелерине жана мамлекеттик түзүлүшүнө негизделген республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жана Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММКФ) бюджеттеринин жыйындысы.

Бюджеттик кодекске ылайык Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы төмөнкүдөй бюджеттерди камтыйт:

а) республикалык бюджетти;

б) Социалдык Фонддун бюджетин;

в) ММКФнын бюджетин;

г) жергиликтүү бюджеттерди.




4-сүрөт. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы

Республикалык бюджет – бул мамлекеттик органдардын, аларга караштуу бюджеттик мекемелердин милдеттерин жана функцияларын финансылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын жыйындысы. Республикалык бюджет ар жылы Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилет.

Жергиликтүү бюджет – бул айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү, аткарууну жана контролдоону жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат. Жергиликтүү бюджеттер жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актылары менен бекитилет.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин түзөт. Мамлекеттик бюджет мамлекеттин ички дүң продуктусун жана улуттук байлыктын бир бөлүгүн кайра бөлүштүрүү процессинде акча каражаттарынын борборлоштурулган фондун түзүүгө жана пайдаланууга байланыштуу юридикалык жана жеке жактар менен пайда болгон акча мамилелеринин системасын билдирет.

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин кабыл алынышы менен Социалдык бюджеттик эмес фонддор жана ММКФ Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын курамына киргизилген. Алар так максаттуу багытка ээ жана бюджетке киргизилбеген чыгашаларды каржылоого байланышкан Өкмөттүн каражаттарын билдирет. Уюштуруу бюджеттен тышкаркы фонддор бюджеттен бөлүнгөн жана өз алдынчалыкка ээ.

Социалдык фонддун бюджети – бул мамлекеттик социалдык жана пенсиялык камсыз кылуу чөйрөсүндөгү милдеттерди финансылык камсыз кылуу жана мамлекеттик саясатты ишке ашыруу үчүн багытталган акча каражаттарынын фонду. Социалдык фонддун бюджети жыл сайын Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен бекитилет.

ММКФнын бюджети – бул базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын милдеттерин жана функцияларын финансылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын топтоштурулган фонду. ММКФнын бюджети жыл сайын Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилет.

Мамлекеттик бюджет жана Социалдык фонддун жана ММКФнын бюджеттери камтылган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун бюджети түшүнүгү Бюджеттик кодекс менен киргизилген.

Кыргыз Республикасында бюджеттик системаны уюштуруу жана иштетүү төмөнкү принциптердин негизинде жүзөгө ашырылат:

1. Бирдиктүүлүк принциби төмөнкүлөрдү билдирет:

1) Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумун уюштуруунун жана иштөөсүнүн негиздерин, бюджеттик документацияларынын жана отчеттуулугунун формаларын, Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясын (мындан ары – Бюджеттик классификация), Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарын бузгандыгы үчүн санкциялардын бирдиктүүлүгүн;

2) Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин белгилөөнүн, түзүүнүн жана кирешелерин аткаруунун жана чыгашалык милдеттенмелерин жүзөгө

ашыруунун, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүүнүн жана бюджеттердин жана бюджеттик мекемелердин отчеттуулуугун түзүүнүн бирдиктүү тартибин;

3) Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары жүзөгө ашырылуучу бюджетти аткаруу боюнча операцияларды кошпогондо, бюджеттин бардык ресурстарын кошууну жана бюджеттин бардык чыгашаларын бирдиктүү казыналык эсептен алууну жүзөгө ашырууну.

2. Толуктук принциби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык кирешелерди жана чыгашаларды бюджеттерде толук көлөмдө жана милдеттүү тартипте чагылдырууну билдирет.

3. Натыйжалуулук жана майнаптуулук принциби бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы алдыдагы мезгилге каралган максаттарга каражаттардын минималдуу көлөмүн тартуу менен жетишүү же тескөөсүндө болгон бюджеттик каражаттарды пайдалануу менен максималдуу натыйжаларга жетишүү зарылдыгынан жүзөгө ашырыла тургандыгын билдирет.

4. Артыкчылыктуулук принциби бюджеттерди Жогорку Кеңештин Бюджеттик резолюциясында аныкталган багыттарга жана Кыргыз Республикасынын жана анын региондорунун социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына ылайык бюджеттерди түзүүнү билдирет.

5. Ырааттуулук принциби мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бирдиктүү фискалдык саясатты жүргүзүүнү жана бюджеттик укук мамилелери чөйрөсүндө мурда кабыл алынган чечимдерди сактоону билдирет.

6. Бюджеттердин өз алдынчалуулук принциби төмөнкүлөрдү билдирет:

1) тиешелүү бюджеттерге кирешелердин өздүк булактарын туруктуу негизде бекитип берүүнү;

2) бюджеттер аралык максаттуу трансферттерди кошпогондо, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын бюджет мыйзамдарына ылайык каражаттарды пайдалануунун багыттарын өз алдынча аныктоого укугун;

3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттердин теңдештүүлүгүн жана бюджеттик каражаттарды пайдалануунун майнаптуулугун өз алдынча камсыз кылууга укуктарын жана милдеттерин.

7. Бюджеттик мыйзамдарды бузгандыгы үчүн бюджет процессинин катышуучуларынын жоопкерчилиги принциби өзүнүнүн иш-аракеттери, аныкталган финансылык маалыматтарга, кайтарымдуу жана кайтарымсыз негизде бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы, өз учурунда кириштебегендиги жана которбогондугу үчүн бюджеттик процесстин ар бир катышуучусунун жоопкерчилигин карайт.

8. Айкындуулук принциби мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырды камтыган маалыматтардан башка, бюджеттерди түзүүдө, кароодо, бекитүүдө, тактоодо, аткарууда жана аудитте маалыматтардын жана мамлекеттин бюджеттик саясатына тиешелүү башка маалыматтардын ачыктыгын карайт.

9. Бюджеттин теңдештүүлүк принциби бюджеттин каралган жалпы чыгашаларынын көлөмү бюджеттин ресурстарынын суммалык көлөмүнө ылайык келүүгө тийиштигин билдирет.

### 3.3 Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясы

Бюджеттик классификация бюджеттерди түзүү жана аткаруу, бюджеттик отчеттуулукту түзүү үчүн пайдаланылуучу мамлекеттик (муниципалдык) финансылык жана финансылык эмес активдер жана милдеттенмелер менен операциялар менен байланышкан кирешелердин, операциялык чыгымдардын, бюджетке түшүүлөрдүн жана чыгашалардын топтоштурулушун, ошондой эле бюджеттик статистиканын формаларын унификациялоону жана алардын эл аралык көрсөткүчтөр менен салыштырылышын камсыз кылат. Бюджеттик классификация аркылуу бюджеттерди түзүүгө, аткарууга бирдиктүү методологиялык мамиле камсыз кылынат, финансылык контроль жүргүзүлөт, бюджеттик тартип сакталат. Бюджеттик классификация мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн төмөнкүлөр үчүн зарыл: 1. бюджеттик пландаштыруу: 2. бюджеттерди аткаруу процессин башкаруу; 3. бюджеттик эсепти жүргүзүү; 4. бюджеттик отчеттуулукту түзүү; 5. бюджеттик контролду жүзөгө ашыруу; 6. бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча талдоо жүргүзүү.

Классификациянын түзүмүн пландаштырууда министрликтердин, ведомстволордун финансылык пландарын бюджет менен, жергиликтүү бюджеттердин топтомун мамлекеттик бюджетке байланыштырууну камсыз кылат. Мындан тышкары, бюджеттик классификация бюджеттик кирешелерди түзүүнүн социалдык-экономикалык, ведомстволук, аймактык бөлүнүшү жана бюджеттик каражаттардын чыгашаларынын багыттары, алардын курамы жана түзүмү жөнүндө так түшүнүк берет. Бул кирешелердин түшүүсүн, ошондой эле бюджеттик каражаттардын максаттуу чыгымдалышын контролдоону кыйла жеңилдетет.

Колдонуудагы КР Бюджеттик классификациясы КР Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-П буйругу менен бекитилген жана жөнөкөйлүгү, көрүнүктүүлүгү, бюджеттин киреше булактарын жана каражаттарды чыгымдоо багыттарын так чагылдыруу менен мүнөздөлөт. Бул бюджеттик классификация бюджеттик статистиканын формаларын унификациялоону, ошондой эле бюджеттик көрсөткүчтөрдүн жалпы республикалык жана эл аралык салыштырмалуулугун камсыз кылат.

Бюджеттик классификациянын түзүмү КР Бюджеттик кодекси менен аныкталган жана төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

- кирешелердин классификациясы;
- чыгашалардын экономикалык классификациясы;
- активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы;
- функционалдык классификация;
- ведомстволук классификация;
- программалык классификация.




5-сүрөт. Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясы

Кирешелерди классификациялоо Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин бардык деңгээлдеринин киреше булактарын топтоштуруу болуп саналат жана бюджеттердин кирешелерин түзүү булактарын аныктоочу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка актыларына негизделет.

Кыргыз Республикасынын бюджеттеринин кирешелеринин классификациясы кирешелердин категорияларынын, топторунун, кичи топторунун, беренелеринин, беренечелеринин жана элементтеринин коддорун камтыйт.

Кыргыз Республикасынын бюджетинин кирешелерин классификациялоонун сегиз орундуу кодунун түзүмү төмөнкүдөй түрдө берилген:

| Кирешелердин классификациясы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Категориясы | Тобу | Топчо | Берен е | Беренече | Элемент |
| хх | ххх | хххх | ххххх | хххххх | хххххххх |
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 8 |

«Кирешелер» бөлүмүндө кирешелердин төрт категориясы камтылат:

11 – салыктык кирешелер;

12 – социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр;

13 – алынган расмий трансферттер;

14 – салыктык эмес кирешелер.

Кирешелердин ар бир категориясы киреше топторунан турат. Кирешелердин кодунун топчолорун андан ары деталдаштыруу тиешелүү беренелер, беренечелер жана элементтер боюнча жүзөгө ашырылат.

Бюджеттин кирешелеринин классификациясын «Салыктык кирешелер» категориясынын мисалында карап көрөлү (11). Кирешелердин бул категориясы кирешелердин төмөнкү топторунун түшүүсүн карайт:

111 – кирешеге жана пайдага салык;

113 – менчикке салык;

114 – товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салыктар;

115 – эл аралык соода жана тышкы операция үчүн салыктар;

116 – дагы башка салыктар жана жыйымдар.

«Кирешеге жана пайдага салык» (111) тобу төмөнкүдөй эки топчону камтыйт:

1111 Кирешеге жана пайдага салык;

1112 Атайын режимдер боюнча салыктар.

1111 Кирешеге жана пайдага салык топчосунда төмөнкүдөй беренелер бөлүнүп каралат:

11111 - Кыргыз Республикасынын резиденттери - жеке жактардан алынуучу киреше салыгы

11112 - Кыргыз Республикасынын резидент эмес жактарынын кирешесине салык

11113 - Юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин пайдасына салык.

Атайын салыктар реижими боюнча алынуучу салыктарды эсепке алууда чагылдыруу үчүн 1112 «Атайын режимдер боюнча салыктар» топчосунун коддору колдонулат. Бул топчодо төмөнкүдөй беренелер пайдаланылат: бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр (11121), патенттин негизинде салык (11122).

11122Патенттин негизинде салык 11122100 Милдеттүү патенттин негизинде салыктан жана 11122200 Ыктыярдуу патенттин негизинде салыктан турат.

«Менчикке салык» (113) тобу төмөнкүдөй эки топчону камтыйт:

1131 «Мүлккө салык»

1132 «Жер салыгы»

1131 «Мүлккө салык» топчосу төмөнкүдөй беренелерге бөлүнөт:

11311 кыймылсыз мүлккө салык

11312 кыймылдуу мүлккө салык.

«Кыймылсыз мүлккө салык» (11311) беренеси төмөнкүдөй элементтерден турат: Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык (11311100) жана Ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык (11311200).

«Кыймылдуу мүлккө салык» (11312) беренеси төмөнкүдөй элементтерден турат: Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык (11312100) жана Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык (11312200).

1132 «Жер салыгы» беренеси төмөнкүдөй элементтерге бөлүнөт: короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы (11321100), айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы (11321200) жана калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы (11321300).

Ушундай эле түрдө кирешелер бюджеттик кирешелердин бардык категориялары боюнча классификацияланып, кирешелердин конкреттүү түрлөрүн булактары жана аларды алуу ыкмалары боюнча бириктирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Чыгашалардын экономикалык классификациясы** мамлекеттик башкаруу секторунда жүзөгө ашырылуучу операциялардын экономикалык мазмунуна жараша бюджеттердин чыгашаларын топтоо болуп саналат.

Чыгашалардын экономикалык классификациясы чыгымдардын бөлүмүнүн, категорияларынын, топторунун, беренелеринин, кичи беренелеринин жана элементтеринин коддорун камтыйт, алар 8 белгиден турат:

| Чыгашалардын экономикалык классификациясы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бөлүм | Категория | Топ | Берене | Беренече | Элемент |
| X | XX | XXX | XXXX | XXXXX | XXXXXXX |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 8 |

«Чыгашалар» бөлүмү чыгашалардын жети категориясын камтыйт:

21 Кызматкерлердин эмгек акысы

22 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу

24 Пайыздар

25 Субсидиялар

26 Гранттар жана төгүмдөр

27 Социалдык жөлөкпулдар жана төлөмдөр

28 Башка чыгашалар

Чыгашалардын ар бир категориясы чыгашалардын тийиштүү беренелери, беренечелери жана элементтери боюнча коддорду деталдаштыруу менен чыгымдардын топторунан турат.

Бюджеттердин чыгашаларынын экономикалык классификациясын 21 Кызматкерлердин эмгек акысы категориясынын мисалында карайбыз. Бул категория чыгашалардын эки тобун камтыйт: Маяна (211) жана Социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүү (212), бул жумуш берүүчүлөр тарабынан кызматкерлердин атынан социалдык камсыздандыруу программаларына жүргүзүлөт.

2111 Маяна беренеси боюнча 211 Маяна тобу төмөнкүдөй беренечелерди камтыйт:

21111 Туруктуу кызматкерлердин маянасы;

21112 Убактылуу кызматкерлердин маянасы.

21111 Туруктуу кызматкерлердин маянасы беренечеси төмөнкүдөй элементтерди камтыйт:

21111100 Негизги маяна,

21111200 Үстөк акы,

21111300 Кошумча төлөөлөр жана компенсациялар.

21112 Убактылуу кызматкерлердин маянасы беренечеси 21112100 Контракт же убактылуу негизде жалданган кызматкерлер элементин камтыйт.

212 Социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүү тобу өз кызматкерлерине социалдык жөлөкпулдарды, анын ичинде пенсияларды жана башка пенсиялык жөлөкпулдарды алуу укугун камсыз кылуу максатында социалдык камсыздандыруу программаларына мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиктери тарабынан реалдуу жүргүзүлгөн же шарттуу эсептелген төлөмдөрдү билдирет.

Бул топто 2121 Төгүмдөр беренеси боюнча кийинки кызматкерлерге социалдык жөлөкпулдарды, анын ичинде пенсияларды жана башка пенсиялык жөлөкпулдарды алуу

укугун камсыз кылуу максатында социалдык камсыздандыруу программаларына Социалдык фондго жана 21211100 Пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн элементи киргизилет. Ушул сыяктуу эле бюджеттик чыгашалардын бардык жети категориясы боюнча чыгашалар классификацияланат.

Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы активдер жана милдеттенмелер боюнча бардык акча операциялары үчүн коддорду камтыйт.

«Активдер жана милдеттенмелер менен операциялар» бөлүмүнө төмөнкү үч категория кирет:

31 Финансылык эмес активдер

32 Финансылык активдер

33 Милдеттенмелер

Ар бир категория топтордон, беренелерден, беренечелердан жана элементтерден турат.

Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясында бюджеттин бардык беренелери 6 белгинин деңгээлинде эсепке алынат.

Активдер жана милдеттенмелер тиешелүү кодификациялоо менен акчалай түшүүлөр (келүүлөр) жана акчалай төлөмдөр (чыгуулар) болуп бөлүнөт.

Түшүүлөрдүн бардык коддору – 1 белгиси менен берилет; төлөмдөр – 2 белгиси менен берилет.

Финансылык эмес активдер категориясынын мисалында ушул классификациянын түзүмүн карап көрөлү. 31 Финансылык эмес активдер категориясы төрт топту камтыйт:

311 Негизги фонддор

312 Запастар

313 Баалуулуктар

314 Жерлер жана башка өндүрүлбөгөн активдер

311 Негизги фонддор тобу эки беренени камтыйт:

3111 Имараттар жана курулуштар

3112 Машиналар жана жабдуу

3111 Имараттар жана курулмалар беренеси төмөнкүдөй үч беренечени камтыйт:

31111 Турак жай имараттары жана имарат-жайлары,

31112 Турак жай эмес имараттар

31113 Курулмалар

31111 Турак жай имараттары жана жайлары беренечеси гараждарды жана турак жайды менен байланышкан башка курулуштарды кошо алганда, толугу менен же негизинен турак жай катары пайдаланылган имараттарды эсепке алуу үчүн арналган. 31111 Турак жай имараттары жана имарат-жайлары беренечеси төмөнкү элементтерди камтыйт:

311111 Турак үй имараттарын жана жайларын сатуу

311112 Турак үй имараттарын жана жайларын алуу жана куруу

311113 Турак үйлөрдү капиталдык оңдоо

31112 Турак-жай эмес имараттар беренечеси Турак эмес имараттар турак жайлардан тышкары бардык имараттарды эсепке алуу үчүн арналган, мисалы, административдик имараттар, мектептер, ооруканалар, театрлар жана кинотеатрлар, спорт сарайлары, маданият үйлөрү, коомдук көңүл ачуу үчүн башка Имараттар, Кампалар жана өндүрүштүк имараттар, соода имараттары, мейманканалар, жатаканалар ж.б. аскердик максатта сатылып алынган имараттар жана курулмалар ушул категорияга кирет, эгерде алар өндүрүш максатында сатылып алынган жарандык имараттарга окшош болсо жана ошол эле жол менен пайдаланылышы мүмкүн. Бул беренече төмөнкү элементтерди камтыйт:

311121 Турак-жай эмес имараттарды сатуу

311122 Турак-жай эмес имараттарды сатып алуу жана куруу

311123 Турак-жай эмес имараттарды капиталдык оңдоо

31113 Курулуштар курулуштун бардык түрлөрүн сатууну, сатып алууну, капиталдык оңдоону жана курууну камтыйт жана курулуштун түрү боюнча бөлүнөт. Курулмаларга: автомагистралдар, жолдор, жер үстүндөгү автомагистралдар, тоннелдер, жер алдындагы өткөөлдөр, темир жолдор, аэродромдордун учуп-конуучу тилкелери, канализация тутумдары, суу жолдору, көпүрөлөр, дамбалар, шахталар, тоннелдер, байланыш линиялары, электр берүү линиялары, түтүк өткөргүчтөр, спорт менен машыгуу үчүн курулмалар, эстеликтер ж. б. Кирет.

311131 Курулуштарды сатуу

311132 Курулуштарды сатып алуу жана куруу

311133 Курулуштарды капиталдык оңдоо

Функционалдык классификация мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бюджеттик мекемелердин функцияларынын классификациясын билдирет, алар функцияларды аткарууга чыгымдардын классификациясын камсыз кылат. Функционалдык классификация мамлекеттик башкаруу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ММКФ уюмдарынын жана Социалдык фонддун чыгымдарынын классификациясын камсыз кылат. Ал чыгымдардын максаттары боюнча классификациясын билдирет.

Функционалдык классификация 5-позициялык кодго ээ.




Бөлүм (3 белги) – функциялык классификациялык түзүмдүн коду (коддун биринчи цифрасы) – 7 жана 2 кийинки белгилер – негизги функциянын коду.

Бөлүмдөр мамлекеттик башкаруу органдарынын жалпы максаттарын мүнөздөйт.

Негизги функциянын коду 01ден 10го чейинки мааниге ээ:

01 – Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтаря

02 – Коргоо

03 – Коомдук тартип жана коопсуздук

04 – Экономикалык маселелер

05 – Айлана чөйрөнү коргоо

06 – Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр

07 – Саламаттык сактоо

08 – Эс алуу, маданият жана дин

09 – Билим берүү

10 – Социалдык коргоо

Топ (1 белги) – бул бөлүмдүн негизги функциясына тиешелүү топторго бөлүү коду.

Класс (1 белги) – чечиле турган маселелердин тизмеси боюнча топторду бөлүү коддору.

Топтор жана класстар ушул максаттарга жетүү каражаттарын көрсөтүшөт.

Жалпы маанидеги мамлекеттик кызматтардын 701-бөлүмүнүн мисалында функционалдык классификация түзүмүн карап көрөлү. Бул бөлүм негизги функциялардын сегиз тобун камтыйт:

7011 Аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдар, бюджеттик-финансылык маселелер, эл аралык мамилелер

7012 Чет өлкөлүк экономикалык жардам

7013 Жалпы кызматтар

7014 Фундаменталдуу изилдөөлөр

7015 Жалпы мамлекеттик багыттагы кызматтар менен байланыштуу илимий изилдөөлөр жана тажрыйбалык-конструктордук иштеп чыгуулар

7016 Башка категорияларга таандык кылынбаган жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар

7017 Мамлекеттик карыз жана баалуу кагаздар менен байланыштуу аткарымдар

7018 Трансферттер жана жергиликтүү бюджеттерге ссудалар

7011 Аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдар, бюджеттик-финансылык маселелер, эл аралык мамилелер тобу төмөнкүдөй класстарды камтыйт:

70111 Аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдар – функциялар: аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдарын жетектөө жана башкаруу же аларга колдоо көрсөтүү.

70112 Бюджеттик-финансылык маселелер – функциялар:

- бюджеттик-финансылык ишке жана ага байланыштуу кызмат көрсөтүүлөргө жетекчилик кылуу; мамлекеттик фонддорду тескөө жана мамлекеттик карызды башкаруу;

салык салуу системасын башкаруу; мамлекеттик кирешелерди чогултуу тутумун, бажы органдарын, бухгалтерияны жана аудитордук кызматты башкаруу;

- жалпы мүнөздөгү маалыматтарды, техникалык документтерди даярдоо жана жайылтуу жана бюджеттик-финансылык маселелер жана аларга байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр боюнча статистикалык маалыматтарды чогултуу.

70113 Эл аралык мамилелер – функциялар:

- эл аралык мамилелер маселелерин жана ага байланыштуу кызматтарды жетектөө;

- Тышкы иштер министрлигин жана чет өлкөдө жайгашкан дипломатиялык мекемелерди башкаруу, тышкы иштерди жүргүзүү үчүн иштелип чыккан маалыматтык жана маданий кызматтарды башкаруу же аларга колдоо көрсөтүү;

- эл аралык уюмдардын жалпы учурдагы чыгымдарын камсыз кылуу үчүн үзгүлтүксүз жазылуу жана атайын салымдар.

7012 Чет өлкөлүк экономикалык жардам тобу төмөнкү классты камтыйт:

70121 Чет өлкөлүк экономикалык жардам – функциялар:

- чет мамлекеттерде аккредитацияланган экономикалык жардам кызматтарын башкаруу; техникалык жардам жана кадрларды даярдоо программаларын, анын ичинде стипендия программаларын башкаруу же аларга колдоо көрсөтүү;

- гранттар (акчалай же натуралдык формада) же кредиттер (алар боюнча алынуучу пайыздарга карабастан) түрүндөгү экономикалык жардам.

7013 Жалпы кызматтар тобу төмөнкүдөй класстарды камтыйт:

70131 Кадрдык тейлөө жалпы маселелери – функциялар:

- кызматкерлерди тандоо жана аларды кызмат ордуна жогорулатуу, кызмат орундарын тарификациялоо, сүрөттөө, баалоо жана классификациялоо, мамлекеттик кызматты жөнгө салуучу ченемдердин сакталышын контролдоо ж. б. маселелерди камтыган жалпы кадр саясатын жана жол-жоболорун иштеп чыгууну жана ишке ашырууну кошо алганда, кадрдык тейлөөнүн мамлекеттик саясатынын жалпы маселелерин жетектөө жана башкаруу.

70132 Пландаштыруу кызматтары жана жалпы багыттагы статистикалык кызматтар – функциялар:

- экономикалык жана социалдык пландоо кызматтарына жетекчилик кылуу жана башкаруу, ошондой эле жалпы багыттагы статистикалык кызматтарды башкаруу, анын ичинде социалдык-экономикалык, статистикалык пландарды жана жалпы багыттагы программаларды иштеп чыгуу, аларды координациялоо жана алардын ишке ашырылышын үзгүлтүксүз контролдоо;

- Кыргыз Республикасынын Президенти, Өкмөтү жана облустук мамлекеттик администрациялардын башчылары (облустардын губернаторлору) тарабынан бөлүштүрүлүүчү фонддор - Кыргыз Республикасынын Президентинин, Өкмөтүнүн жана облустук мамлекеттик администрациялардын башчыларынын резервдик фонддору.

70133 Башка жалпы кызматтар – функциялар:

- борборлоштуруп сатып алуу жана жабдуу боюнча кызматтар, мамлекеттик документтерди эсепке алуу жана сактоо, архив кызматтары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө таандык имараттарды пайдалануу боюнча функциялар, борборлоштурулган гараждар, автопарктар, автобазалар, борборлоштурулган компьютердик кызматтар жана маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча кызматтар, борбордук органдарды тейлеген бир жолку типографиялык иштерди аткаруу боюнча кызматтар ж. б.

70134 Калкты каттоо боюнча кызматтар - функциялар:

- калкты каттоо боюнча кызматтарды жана кызматтарды жетектөө жана башкаруу,

- калкты каттоо менен байланышкан маселелер боюнча жалпы мүнөздөгү маалыматтарды, техникалык документтерди даярдоо жана жайылтуу жана статистикалык маалыматтарды чогултуу.

7014 Фундаменталдуу изилдөөлөр тобу – функциялар:

- фундаменталдык изилдөө менен алектенген мамлекеттик мекемелерди башкаруу жана башкаруу;

- коммерциялык (жеке) илимий-изилдөө институттары жана университеттер сыяктуу өкмөттүк эмес уюмдар жүргүзгөн фундаменталдык изилдөөлөрдү колдоо үчүн гранттарды, кредиттерди же субсидияларды берүү.

7015 Жалпы мамлекеттик багыттагы кызматтар менен байланыштуу ИИТКИ тобу – функциялар:

- жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга байланыштуу прикладдык изилдөө жана эксперименталдык иштеп чыгуу менен алектенген мамлекеттик мекемелерди жетектөө жана башкаруу;

- коммерциялык же жеке илимий-изилдөө институттары жана университеттер сыяктуу өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан жүргүзүлүп жаткан жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга байланыштуу прикладдык изилдөөлөрдү жана эксперименталдык иштеп чыгууларды колдоо үчүн гранттарды, кредиттерди же субсидияларды берүү.

7017 Мамлекеттик карыз жана баалуу кагаздар менен байланыштуу аткарымдар тобу төмөнкүдөй класстарды камтыйт:

70171 Мамлекеттик карызды тындыруу жана баалуу кагаздар менен байланышкан аткарымдар

- пайыздарды төлөө, комиссияларды, штрафтарды жана башка чыгымдарды мониторинг жүргүзүү жана башкаруу, ө кмөттүн кепилдиги менен байланышкан тышкы жана ички займдар, мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу үчүн кеткен чыгымдар.

70172 Мамлекеттик карыздын жана баалуу кагаздардын негизги суммасы - функциялары:

- эл аралык финансы уюмдардын жана институттардын, ошондой эле башка мамлекеттин Өкмөтү тарабынан (тышкы карыз) берилген займдар жана кредиттер боюнча мамлекеттик карыздын негизги суммасын төлөө амалдарын башкаруу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ички милдеттенмелери.

7018 Трансферттер жана жергиликтүү бюджеттерге ссудалар тобу төмөнкүдөй класстарды камтыйт:

70181 Теңөөчү трасферттер – функциялар:

- аймактык бирдиктердин бюджеттик камсыз болуу деңгээлин теңдөө үчүн финансылык жардам катары ар кандай деңгээлдеги мамлекеттик башкаруу органдарына берилүүчү трансферттер.

70182 Максаттуу трансферттер - функциялар:

- белгилүү бир максаттарга бюджеттин бир деңгээлинен башка бюджетке берилүүчү трансферттер.

70183 Жергиликтүү бюджеттерге ссудалар – функциялар:

- жергиликтүү бюджеттерге кайтарылуучу, мөөнөттүү жана пайызсыз негизде берилүүчү бюджеттик ссудалар, алар милдеттүү кайтарып берүү шарттары менен белгилүү бир мөөнөттөргө берилет.

70184 Республикалык бюджеттен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетине ассигнованиелер

70185 Республикалык бюджеттен Социалдык фонддун бюджетине ассигнованиелер

Бардык бөлүмдөр боюнча функционалдык классификация ушундай жүргүзүлөт.

Ведомстволук классификация бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү (тескөөчүлөрү, алуучулары), бюджеттик ресурстардын администраторлору болуп эсептелген мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бюджеттик мекемелердин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген структурага ылайык министрликтердин жана ведомстволордун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иерархиялык өз ара байланышын жана өз ара тең укуктуулугун белгилөөчү классификациясын билдирет.

Ведомстволук классификациянын коддору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнө (тескөөчүлөрүнө, алуучуларына), бюджеттин ресурстарынын администраторлоруна ыйгарылат жана республикалык бюджетти түзүү жана бюджеттик каражаттар боюнча эсепке алууну жана отчеттуулукту жүргүзүү үчүн кызмат кылат.

Ведомстволук классификация алардын эки бөлүгүнөн турат - негизги код жана мекеменин коду.

Негизги код 4 позициялык түзүлүшкө ээ жана финансылык жылга Бюджет жөнүндө мыйзамды түзүү үчүн негиз болуп саналат.

| Министрлик ведомство | Ведомстволук | Чыгашаларды жүзөгө ашыруучу бөлүм | У Б коду |
|---|---|---|---|
| XX | X | X | X |

Бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүнүн коду 3 белгиден турат:

биринчи жана экинчи белгилер – финансы маселелери боюнча ведомстволук түзүмдөрдү тейлеген министрликтин же ведомствонун коду,

үчүнчү белги – бул министрликтин, ведомствонун түзүмүнүн алкагында ведомстволук түзүмдөрдүн бөлүнүү деңгээлинин коду.

Бюджеттик каражаттарды бир башкы тескөөчүнүн бардык түзүмдүк бөлүмдөрү бирдей 3 орундуу кодго ээ. Биринчи экөө бирдей болгон учурда үчүнчү цифранын өзгөрүшү бул бөлүм түзүмдүк жактан ошол министрликтин же ведомствонун алдында тургандыгын, бирок түздөн-түз баш ийбей тургандыгын, б.а. бюджеттик каражаттардын башка башкы тескөөчүсү болуп саналарын күбөлөндүрөт.

Төртүнчү белги бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнө окшош 3 орундуу код менен түзүмдүк бөлүмдөрдүн баш ийүүсүн белгилейт.

Төрт орундуу код мекемелер тарабынан бюджеттик каражаттардын ушул Башкы тескөөчүсүнө ведомстволук караштуулуктагы бюджеттик мекемелердин тизмесине ыйгарылышы мүмкүн.

Бешинчи позиция – резерв. Тандалган министрликтер жана ведомстволор боюнча маалыматты консолидациялоо коду катары колдонсо болот.

Бюджетти түзүү жана Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө мыйзамды бекитүү ведомстволук классификациянын ар бир беш орундуу коду боюнча ишке ашырылат.

Программалык классификация

Программалык классификация конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган экономиканын тиешелүү тармактарында (секторлорунда) бюджеттик программалар/чаралар менен аныкталган чыгымдардын тобун билдирет.

Программалык код 5 позициялык түзүлүшкө ээ жана программалык негизде бюджеттик процессти жүзөгө ашыруу үчүн негиз болуп саналат.

| Программа | Чара |
|---|---|
| XXX | XX |

Программалык классификациянын коддору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик органдар тарабынан ишке ашырылуучу бюджеттик программалардын тизмесине ылайык ыйгарылат. Программаларды жана чараларды ишке ашырууга каражаттардын көлөмү «Кыргыз Республикасынын кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталат.

Программалык классификация өзүнүн функционалдык ишине ылайык бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү тарабынан жүзөгө ашырылуучу бюджеттик программалардын жана чаралардын тизмесин белгилейт.

Программанын коду 3 белгиден турат, биринчи жана экинчи белгилер – министрликтин же ведомствонун коду, үчүнчү белги программанын катар номери. Эгерде

министрликте же ведомстводо 9дан ашык программа болсо, анда программанын өзүнчө коду ыйгарылат. Программалардын тизмесинде кайсы бир программа бүткөн учурда коддорду өткөрүп жиберүүгө жол берилет. Аяктаган программанын коду кийинки бюджеттик жылда бюджеттик каражаттарды ушул башкы тескөөчүнүн башка бюджеттик программасына ыйгарылышы мүмкүн.

Чаралар коддору – бир программанын алкагында тартип боюнча чараларды номерлөө.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор**

1. Бюджеттин социалдык-экономикалык маңызын, анын негизги функцияларын ачып бергиле

2. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы, курамы

3. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасын уюштуруу жана иштетүү принциптеринин мазмунун ачып бергиле

4. Кыргыз Республикасынын бюджеттерин мүнөздөп бергиле

5. Бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын экономикалык мазмунун ачып бергиле

6. Кыргыз Республикасынын бюджеттеринин кирешелеринин жана чыгашаларынын бюджеттик классификацияларынын түрлөрү, алардын максаты

7. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүн түзүүдө кандай булактар негизги ролду ойнойт?

7. Кыргыз Республикасынын бюджетинин мамлекеттик чыгашаларынын негизги багыттарын мүнөздөп бергиле.

**Сунушталган адабият**


1. Т.В. Брайчева Мамлекеттик финансылар. – СПб: Питер, 2001. – 288 б.

2. Е.В. Грязнова Маркина Финансылар. Окуу китеби. 2-басылышы. – М.: Финансылар жана статистика, 2012

3. А.А. Нурумов, Б.Т. Аймурзина Мамлекеттик финансылар: Окуу куралы. – Астана: КазУЭФМТ бас., 2009. – 214 б.

4. 2016-жылдын 16-майындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси

5. «Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022–2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

6. 2018-жылдын 10-августундагы «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын кодекси

7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-П буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясы


## 4-тема. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун бюджети

4.1 Мамлекеттик бюджет: кирешелердин жана чыгашалардын курамы жана түзүмү

4.2 Социалдык фонддун бюджети: кирешелер жана чыгашалар

4.3 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (ММКФ) бюджети: кирешелр жана чыгашалар

Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор

Сунушталган адабият

## 4.1 Мамлекеттик бюджет: кирешелердин жана чыгашалардын курамы жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен 2016-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун бюджети жөнүндө түшүнүк киргизилген, анын курамына мамлекеттик бюджет, социалдык фонддун бюджети, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (ММКФ) бюджети киргизилген.

Мамлекеттик бюджет республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди бириктирет жана мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБ) функцияларын камсыз кылууга арналган мамлекеттин борборлоштурулган акча фондун түзүүнүн жана пайдалануунун негизги финансылык планын түзөт. Мамлекет экономиканын туруктуулугун колдоо, анын тең салмактуулугун камсыз кылуу, кризистик кырдаалдардын алдын алуу максатында финансылык жөнгө салуунун маанилүү куралы катары колдонулат.

Республикалык бюджет мамлекеттик органдардын, ошондой эле аларга караштуу бюджеттик мекемелердин милдеттерин жана функцияларын финансылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын жыйындысы болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023–2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети кирешелер боюнча 282112,9 млн сом суммасында жана чыгашалар боюнча 291234,6 млн сом суммасында бекитилген.

Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетинин тартыштыгынын чектик өлчөмү 9121,6 млн сом суммасында белгиленген.

Жергиликтүү бюджет айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети болуп саналат, Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну каржылоону камсыз кылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган, өз кызыкчылыгында жана өзүнүн жоопкерчилигинде жергиликтүү жамааттын өз алдынча ишин билдирет.

Кыргыз Республикасында чектеринде жергиликтүү коомчулук тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу жүзөгө ашырылган административдик-аймактык бирдиктер болуп төмөнкүлөр саналат:

- республикалык маанидеги шаарлар – 2
- облустук маанидеги шаарлар – 12
- райондук маанидеги шаарлар – 17
- айыл өкмөтү – 453.

Жергиликтүү бюджетти түзүүнү, бекитүүнү, аткарууну жана контролдоону жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат. Мамлекет жергиликтүү бюджеттерди

түзүү жана аткаруу маселелеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карандысыздыгына кепилдик берет.

Эксперттик баалоолорго ылайык жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин түзүмү 2019-жылы төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлгөн: салыктык түшүүлөр бардык жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 17,4 пайызын, салыктык эмес түшүүлөр – 14,9 пайызды, трансферттер – 13,6 пайызды, активдер жана милдеттенмелер – 0,1 пайызды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун маалыматтары боюнча 2015–2020-жылдар аралыгында мамлекеттик бюджеттин кирешесине ИДПнын 25 %дан 30 %га чейин бөлүштүрүлгөн. 4.1-таблицада көрсөтүлгөн мезгил үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин кирешелери жөнүндө маалыматтар берилген.

4.1-таблица. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин кирешелери

| | 2015 | | 2019 | | 2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млрд сом | ИДПга карата % менен | млрд сом | ИДПга карата % менен | млрд сом | ИДПга карата % менен |
| Кирешелер бардыгы | 128,4 | 29,8 | 167,4 | 27,0 | 152,2 | 25,4 |
| анын ичинде | | | | | | |
| Салыктык кирешелер | 84,6 | 19,7 | 121,5 | 19,6 | 106,9 | 17,9 |
| Салыктык эмес кирешелер | 34,3 | 8,0 | 32,3 | 5,2 | 33,3 | 5,6 |
| Алынган расмий трансферттер | 9,3 | 2,2 | 13,5 | 2,2 | 11,2 | 2,0 |
| Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер | 0,131 | 0,0 | 0,83 | 0,0 | 0,089 | 0,0 |

Булак: Кыргызстан цифралар менен. Стат.жыйнак, 2017, 2021-жж.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин негизги киреше булагы болуп салыктар эсептелет, алар аркылуу өндүрүлгөн ИДПнын болжол менен бештен бир бөлүгү бюджеттин киреше бөлүгүнө топтолот. Кирешелердин жалпы көлөмүндө салыктар 70 %дан ашыгын түзөт, расмий трансферттер алган салыктык эмес кирешелер 30 %ды түзөт. 4.2-таблицада 2015-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде КР мамлекеттик бюджетинин кирешелеринин түзүмү көрсөтүлгөн.

4.2-таблица. КР мамлекеттик бюджетинин кирешелеринин түзүмү (жыйынтыгы % менен)

| | 2015 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кирешелер бардыгы | 100 | 100 | 100 |
| алардын ичинен | | | |
| Салыктык кирешелер | 66,0 | 72,5 | 70,2 |
| Салыктык эмес кирешелер | 26,7 | 19,3 | 22,0 |
| Алынган расмий трансферттер | 7,2 | 8,0 | 7,8 |

Булак: КР Улутстаткомдун маалыматтарынын негизинде эсептелди

Салыктык түшүүлөрдүн ичинен эң көп үлүштү 2019-жылы кошумча нарк салыгы (КНС) – 42 % ээлейт, экинчи орунда – эл аралык соодага жана тышкы операцияларга алынуучу жана ташып чыгарылуучу продукцияга бажы алымдарын бириктирген салыктар, ошондой эле тышкы операцияларга байланыштуу ар кандай жыйымдар турат. Мамлекеттик бюджеттин салыктык кирешелеринин түзүмүн мүнөздөөчү маалыматтар 4.3-таблицада берилген.

4.3-таблица. КР мамлекеттик бюджетинин салыктык кирешелеринин түзүмү (жыйынтыгы % менен)

| | 2015 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|
| Салыктык кирешелер бардыгы | 100 | 100 | 100 |
| алардын ичинен | | | |
| Жеке жактардан киреше салыгы | 9,2 | 8,7 | 9,8 |
| Пайда салыгы | 4,8 | 5,3 | 7,8 |
| «Кумтөр» кенин иштетүү боюнча ишканалардан дүң кирешеге салык | 6,9 | 6,2 | 9,0 |
| КНС | 39,2 | 42,0 | 37,0 |
| Сатуу салыгы | 2,5 | 3,5 | 3,5 |
| Акциздик салык | 9,2 | 8,2 | 8,4 |
| Эл аралык соода салыгы жана тышкы операциялар | 14,7 | 18,1 | 16,2 |
| Менчик салыгы | 2,7 | 2,4 | 2,6 |

Булак: КР Улутстаткомдун маалыматтарынын негизинде эсептелди

Мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган мүлктү пайдалануудан алынган кирешелерди, бюджеттик мекемелер тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелерди, жарандык-укуктук, административдик жана жазык жоопкерчилигинин чараларын колдонуунун натыйжасында алынган каражаттарды камтыган бюджеттин салыктык эмес кирешелери 20-26 пайызды ээлейт. Чет өлкөдөн трансферттерди камтыган алынган расмий трансферттер, мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттери бардык бюджеттик кирешелердин 7-8 пайызын түзөт.

Мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелеринде республикалык бюджеттин кирешелеринин көлөмү болжол менен 90 пайызды түзөт, жергиликтүү бюджеттердин үлүшүнө болжол менен 10 пайызы туура келет (4.4-таблицаны караңыз).

4.4-таблица. Кыргыз Республикасында республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жалпы көлөмү.

| Кирешелер | 2019 | | 2020 | | 2021 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | жыйынтыгы % менен | млн сом | жыйынтыгы % менен | млн сом | жыйынтыгы % менен |
| мамбюджет бардыгы | 185644,0 | 100 | 172451,2 | 100 | 204385,6 | 100 |
| анын ичинде | | | | | | |
| республикалык бюджет | 167328,6 | 90 | 153882,0 | 89,2 | 183684,9 89,9 | 89,9 |
| жергиликтүү бюджеттер | 21815,8 | 10 | 21574,8 | 10,8 | 23706,2 | 10,1 |

Булак: КР Минфиндин маалыматтарынын негизинде эсептелди

Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары – бул мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алардын ыйгарым укуктарынын чектелишине ылайык чыгымдык милдеттенмелерин финансылык камсыздоого багытталган акча каражаттары. Мамлекеттик бюджеттин чыгашаларын түзүү бирдиктүү методологиялык негиздерге, минималдуу бюджеттик камсыз кылуунун ченемдерине, Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүгө финансылык чыгашаларга негизделет.

Мамлекеттик чыгашаларды уюштуруунун негизги принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

- финансылык пландарда каралган чыгымдоо багыттарына ылайык чыгашаларды максаттуу багыты боюнча так жүзөгө ашырууну билдирген каражаттардын максаттуу багыты;
- мамлекеттик ресурстарды чыгымдоонун кайтарылгыс болушу. Бул принцип коюлган максаттарды жана милдеттерди каржылоого мамлекеттик бюджеттен пайдаланылган каражаттар мамлекетке кайтарылбашы керек дегенди билдирет;
- мамлекеттик чыгашаларды жүзөгө ашыруу процессинде кыйла натыйжалуулукка жетишүүнү билдирген үнөмдөө режимин сактоо.

2015–2020-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин чыгашалары жөнүндө маалыматтар 4.5-таблицада берилген.

4.5-таблица. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин чыгашалары

| | 2015 | | 2019 | | 2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млрд сом | ИДПга карата % менен | млрд сом | ИДПга карата % менен | млрд сом | ИДПга карата % менен |
| Чыгашалар бардыгы | 134,6 | 31,3 | 167,8 | 27,1 | 171,9 | 28,7 |
| Операциялык ишти жүзөгө ашырууга чыгашалар | 105,2 | 24,4 | 136,1 | 22,0 | 147,4 | 24,6 |
| Финансылык | 29,4 | 6,8 | 31,7 | 5,1 | 24,5 | 4,1 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| эмес активдерди алууга чыгашалар | | | | | | |

Булак: Кыргызстан цифралар менен. Стат.жыйнак, 2017, 2021-жж.

Мамлекеттин ИДПга карата чыгашалары 2015-жылы 31,3 пайызды түзгөн, 2019-жылы 27,1 пайызга чейин төмөндөгөн, 2020-жылы 28,7 пайызга чейин көтөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин жалпы чыгашаларынын курамында 80 %дан ашыгы операциялык ишти жүзөгө ашыруудан түшкөн чыгымдарды билдирет. Чыгашалардын бул категориясы социалдык-маданий чөйрөнү, коргонууну, коомдук тартипти, коопсуздукту жана башкаларды каржылоого чыгымдарды бириктирет. 4.6-таблицада келтирилген операциялык иштен түшкөн чыгашалардын курамы жана түзүмү берилген.

4.6-таблица. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин операциялык ишти жүзөгө ашырууга кеткен чыгашаларынын түзүмү

| | 2015 | | 2019 | | 2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млрд сом | жыйынтыгы % менен | млрд сом | жыйынтыгы % менен | млрд сом | жыйынтыгы % менен |
| операциялык ишти жүзөгө ашырууга кеткен чыгашалар | 105,2 | 100 | 136,1 | 100 | 147,4 | 100 |
| экономикалык иш менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 5,3 | 5,0 | 5,7 | 4,2 | 5,0 | 3,4 |
| социалдык-маданий чөйрөнү каржылоо | 70,3 | 66,8 | 91,4 | 67,2 | 100,3 | 68,0 |
| жалпы багыттагы мамкызматтар, коргоо, коомдук тартип, коопсуздук | 28,9 | 27,5 | 38,2 | 28,1 | 41,4 | 28,2 |
| айлана чөйрөнү коргоо | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,5 | 0,6 | 0,4 |

Булак: КР Улутстаткомдун маалыматтарынын негизинде эсептелди

## 4.2 Социалдык фонддун бюджети: кирешелер жана чыгашалар

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу системасынын аткаруучу органы болуп саналат, ал мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүргүзөт жана башкарат, өз алдынча башкаруу принциптеринде иштейт.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун уюштуруунун жана анын ишинин укуктук жана экономикалык негиздери, анын укуктук статусу, укуктары жана милдеттери «Социалдык фонд жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленет.

Социалдык фонддун максаты өлкөдө мамлекеттик социалдык камсыздандырууну туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу болуп саналат.

Мыйзамдарга ылайык Социалдык фонддун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу жаатында макулдашылган саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыздандырылган адамдардын мамлекеттик социалдык камсыздандырууга болгон укугун камсыз кылуу;

- Социалдык фонддун компетенциясынын чегинде мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу.

Фонддун алдына коюлган максаттарга жана милдеттерге жетишүү анын төмөнкүдөй негизги функцияларын аныктады:

- Кыргыз Республикасынын аймагында өз ишин жүргүзгөн юридикалык жана жеке жактардын эсебин алуу, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн бардык категориялары боюнча маалыматтар банкын жүргүзүү;

- камсыздандыруу төгүмдөрүн топтоо жана Пенсиялык фондго, Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна өз убагында өткөрүп берүү;

- пенсияларды, жөлөкпулдарды дайындоо, компенсацияларды эсептөө жана аларды төлөөнү уюштуруу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарынын туура чыгымдалышын контролдоо;

- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу жаатында мамлекеттик тарифтик саясаттын негизги багыттарын түзүү, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыз кылуу тартибин аныктаган, топтоо бөлүгүн камтыган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү;

- Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондун түзүү жана башкаруу;

- пенсиялык топтоо каражаттарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген максаттарда гана пайдалануу жана башкалар.

Социалдык фонддун негизги финансылык планы анын бюджети болуп саналат, ал мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн акча каражаттарын түзүүнүн жана чыгымдоонун формасы болуп саналат. 2016-жылы Бюджеттик кодекстин кабыл алынышы менен ал Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын курамына киргизилген.

Социалдык фонддун бюджетинин кирешелерине төмөнкүлөр кирет:

- иш берүүчүлөрдүн, иштеген жарандардын милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрү,

- республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар,

- камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук эмес которгондугу үчүн туумдар, айыптар жана пайыздар;

- регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүлөрдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар;

- иш берүүчүлөр тарабынан которулган эмгектин өзгөчө шарттары үчүн пенсияларды төлөөгө каражаттар;

- жоюлуп жаткан ишканалардын кызматкерлерине пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө үчүн капиталдаштырылуучу суммалар;

- Социалдык фондго таандык ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер;

- Кыргыз Республикасынын юридикалык жана жеке жактарынын жана чет өлкөлүк жарандардын ыктыярдуу төгүмдөрү;

- Социалдык фонддун бош каражаттарын жайгаштыруудан алынган кирешелер;

- Социалдык фондго таандык мүлктү оперативдүү башкаруу укугунда ижарага берүүдөн алынган кирешелер толук көлөмдө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка түшүүлөр.

Социалдык фонддун бюджетинин чыгашалары төмөнкүлөргө багытталат:

- пенсияларды төлөөгө;

- аза жөлөкпулдарын төлөөгө (сөөк коюуга);

- эмгектик мертинүү же кесиптик оору боюнча компенсацияларды төлөөгө;

- милдеттүү медициналык камсыздандырууну каржылоого;

- Социалдык фонддун учурдагы ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууга;

- Социалдык фонддун бюджетинин финансылык туруктуулугун камсыз кылуу үчүн резервдик фондду каржылоого;

- Социалдык фондду өнүктүрүү фондун каржылоого;

- эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо жана эс алуу фондун каржылоого.

Кезектеги финансылык жылга Социалдык фонддун бюджетинин долбоору жыл сайын мыйзамдарга ылайык Социалдык фонд тарабынан иштелип чыгат, белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна жиберилет, андан кийин Жогорку Кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каралат жана бекитилет.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин өлчөмдөрү «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилет.

Мыйзамдарга ылайык, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр болуп төмөнкүлөр эсептелет:

а) уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар, анын ичинде чет өлкөлүк жактар;

б) дыйкан (фермер) чарбалары;

в) жеке ишкерлер жана жеке адамдар.

Уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар, алардын обочолонгон бөлүмдөрү (филиалдары жана өкүлчүлүктөрү), ошондой эле аларда иштеген жеке жактар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери иш берүүчүлөр үчүн 17,25 пайыз өлчөмүндө, кызматкерлер үчүн 10,0 пайыз өлчөмүндө белгиленген.

Иш берүүчүлөрдүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасын фонддор боюнча бөлүштүрүү төмөнкү өлчөмдөрдө жүргүзүлөт:

Пенсиялык фондго - 12 пайыз;

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна - 2 пайыз;

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна - 0,25 пайыз;

Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна - 3,0 пайыз.

Кызматкерлердин камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасын фонддор боюнча бөлүштүрүү төмөнкү өлчөмдөрдө жүргүзүлөт:

Пенсиялык фондго - 8 пайыз.

Юридикалык жакты түзүү менен иш жүргүзгөн дыйкан (фермер) чарбалар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери, ошондой эле алардын камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын бөлүштүрүү юридикалык жактар үчүн жогоруда көрсөтүлгөндөй белгиленет.

Юридикалык жакты түзбөгөн дыйкан (фермер) чарбалардын башчылары жана мүчөлөрү үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери облустар жана райондор боюнча айыл чарба жерлеринин категориясына (сугат, кайрак, көп жылдык бак-дарактар, чөп чабыктар жана жайыттар) жараша бир гектарга сом менен жылдык базалык ставканын өлчөмүндө белгиленет.

4.7-таблицада «2019-жылга Социалдык фонддун бюджети жана 2020–2021-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Социалдык фонддун 2019–2021-жылдарга бюджети жөнүндө маалыматтар берилген.

4.7-таблица. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети

| Аталышы | 2019 (млн сом) | 2020 (млн сом) | 2021 (млн сом) |
|---|---|---|---|
| Кирешелердин бардыгы | 54562,4 | 57426,5 | 60992,1 |
| анын ичинде: | | | |
| Пенсиялык фонд | 50215,5 | 52852,3 | 56121,0 |
| Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду | 1668,4 | 1762,7 | 1879,0 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2388,3 | 2505,4 | 2666,4 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 290,2 | 306,0 | 325,6 |
| Чыгашалардын бардыгы | 53095,6 | 56525,5 | 60397,0 |
| анын ичинде: | | | |
| Пенсиялык фонд | 48748,7 | 51951,3 | 55525,9 |
| Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду | 1668,4 | 1762,7 | 1879,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2388,3 | 2505,4 | 2666,4 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 290,2 | 306,0 | 325,6 |
| Профицит | 1466,8 | 901,0 | 595,1 |

Булак: КР Социалдык фондунун маалыматтары

Таблицада берилген маалыматтарга ылайык Социалдык фонддун кирешелеринин 92 пайызы пенсия төлөөгө Пенсиялык фондго жөнөтүлөт, Мамлекеттик топтоо фондунун кирешелери 3 пайызды түзөт, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду – 2019-жылы 3 пайыздан 2021-жылы 4,1 пайызга чейин, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун кирешелери Социалдык фонддун кирешелеринин 0,5 пайызынан ашпайт.

### 4.3 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (ММКФ) бюджети: кирешелер жана чыгашалар

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат. 2016-жылы Бюджеттик кодекс кабыл алынгандан кийин ал Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын курамына кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө жобого ылайык ММК фондунун негизги максаты – Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында Кыргыз Республикасынын жарандарын сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген камсыз кылуу аныкталган.

ММК фондуна төмөнкүдөй милдеттер жүктөлгөн:

- базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

- базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана профилактикалык, медициналык жана фармацевттик кызмат көрсөтүүлөр жарандарга акыйкаттык менен жана тең жеткиликтүү болушуна жетишүү үчүн медициналык жардамдын көлөмүн жана сапатын теңдештирүү шарттарын түзүү;

- Бирдиктүү төлөөчү системасынын жана медициналык камсыздандыруу системасынын финансылык туруктуулугун камсыздоого арналган финансылык каражаттарды топтоо;

- Бирдиктүү төлөөчү системасынын каражаттарын сарамжалдуу жана максаттуу пайдаланууну контролдоо;

- Бирдиктүү төлөөчү системасынын каражаттарынан медициналык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөдө саламаттык сактоо уюмдарына менчигинин түрүнө карабастан Мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларынын алкагында бирдей шарттарды түзүү;

- кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан көрсөтүлгөн медициналык, алдын алуу жана фармацевттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын контролдоону өркүндөтүү.

ММК фонду төмөнкү функцияларды аткарат:

1) тармактык саясатты жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды:

- милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү жана нускамаларды иштеп чыгуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасын аткаруу үчүн зарыл болгон тарифтик төгүмдөрдүн ставкалары жөнүндө сунуштарды киргизүү;

- Мамлекеттик кепилдиктер программалары жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы программасынын жана башка программалардын долбоорлорун иштеп чыгууга катышуу;

- «Саламаттык сактоо» бөлүмү боюнча бюджеттик стратегияны иштеп чыгууга катышуу;

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу төгүмдөрүн жана Бирдиктүү төлөөчүнүн каражаттарын топтоо;

- милдеттүү медициналык камсыздандыруунун базалык программасын ишке ашыруу;

- камсыздандырылган жарандарды амбулатордук деңгээлде дары-дармек менен камсыз кылуу боюнча милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын ишке ашыруу;

- милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасы боюнча саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү медициналык жана алдын алуу кызматтарын каржылоого багытталган каражаттардын жалпы көлөмүнөн кеминде бир айлык каржылоо көлөмүндө финансылык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн камсыздандыруу запасын түзүү;

2) жөнгө салуу функцияларын:

- ишке ашырылып жаткан программалар боюнча медициналык, алдын алуу жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүү боюнча кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдерди түзүү;

- бекитилген республикалык бюджеттин алкагында максаттуу иш-чараларга каражаттарды багыттоо жолу менен саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана финансылык тобокелдиктерин минималдаштыруу;

- алдын алуу жана ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чараларды жана саламаттык сактоо жаатындагы башка максаттуу программаларды каржылоо үчүн саламаттык сактоону өнүктүрүүгө каражаттарды багыттоо;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин сунушу боюнча Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын койка фондун макулдашуу;

- ММК фонду жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдары тарабынан каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына ички аудитти жүргүзүү;

3) координациялоо, мониторинг жүргүзүү жана контролдоо функцияларын:

- медициналык, алдын алуу жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатына экспертиза жүргүзүү;

- келишимдердин аткарылышына мониторинг жүргүзүү, ошондой эле медициналык, алдын алуу жана фармацевттик кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан көрсөтүлүүчү сапат индикаторлоруна мониторинг жүргүзүү;

- Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын консолидацияланган бюджеттин каражаттарын пайдалануусун контролдоо;

4) кызмат көрсөтүү функцияларын:

- калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтууну милдеттүү түрдө кеңейтүү менен милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин тариздөө жана жайылтуу;

- өз компетенциясынын чегинде ишке ашырылып жаткан программалардын алкагында камсыздандырылган жарандардын кызыкчылыктарын коргоо;

- Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасында сатып алуу, сактоо жана бөлүштүрүү жолу менен дары-дармек каражаттары, медициналык жабдуулар жана медициналык багыттагы буюмдар менен камсыз кылуу;

- калктын ден соолукту коргоо жаатындагы укуктары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу;

5) колдоо көрсөтүү функцияларын:

- Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча көрсөтүлүүчү менчигинин түрүнө карабастан медициналык, алдын алуу жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүүчүлөргө түзүлгөн келишимдерге ылайык базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан акы төлөө;

- саламаттык сактоо уюмдарынын милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларын каржылоо жана ишке ашыруу маселелери боюнча мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү;

- калктын ден соолугун чыңдоо жана оорулардын алдын алуу максатында максаттуу саламаттык сактоо программаларын каржылоого катышуу;

- медициналык, алдын алуу жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөнү жүзөгө ашыруу.

ММК фонду өз функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон акча каражаттары төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт:

- милдеттүү медициналык камсыздандырууга бардык төгүмдөрдү төлөөчүлөрдөн төлөнүүчү төгүмдөрдөн;

- жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу чегерүүлөрүнөн, министрликтердин, административдик ведомстволордун жана башка органдардын максаттуу субсидияларынан, эл аралык уюмдардан алынган гранттар; кайрымдуулук фонддордун, чет өлкөлүк уюмдардын жана жарандардын төгүмдөрүнөн; келип түшкөн каражаттардан;

- келишимдик милдеттерди талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн белгиленген тартипте өндүрүп алынган финансылык санкциялардан;

- пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардан.

ММК фондунун каражаттары төмөнкүлөргө багытталат:

- медициналык, алдын алуу, фармацевтик жана башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөгө;

- ММК фондунун башкаруусунда турган бириктирилген каражаттардын жалпы көлөмүнүн үч пайызына чейинки өлчөмдө милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын эсебинен ММК фондун жана анын аймактык бөлүмдөрүн күтүүгө;

- ишке ашырылуучу программалардын алкагында максаттуу иш-чаралар үчүн жеткирүүчүлөргө акы төлөөгө;

- медициналык камсыздандыруунун маалыматтык системасынын иштешин камсыз кылуу менен байланышкан чыгашаларга.

ММК фондунун Бирдиктүү төлөөчү системасынын бюджетинин долбоору жыл сайын ММК фонду тарабынан иштелип чыгат, Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча байкоочу кеңеш менен макулдашылат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитилет.

Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын бюджетин түзүүнүн базалык ченемдери ММК фонду тарабынан иштелип чыгат жана Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча байкоочу кеңеш тарабынан бекитилет.

ММК фондунун кирешелери «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022–2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 15433,8 млн сомду түзгөн. ММК фондунун бюджетинин негизги киреше булагы болуп расмий трансферттер эсептелет.

4.8-таблица. 2021-жылы ФОМС бюджетинин кирешелеринин түзүмү

| | млн сом | жыйынтыгы % менен |
|---|---|---|
| Кирешелер бардыгы | 15433,8 | 100 |
| анын ичинде | | |
| Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | 12,0 | 0,08 |
| Алынган расмий трансферттер | 14363,7 | 93,1 |
| алардын ичинен | | |
| Эл аралык уюмдардын трансферттери | 430,3 | 2,8 |
| Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери тарабынан республикалык бюджеттен алынган каражаттар | 11191,3 | 76.9 |
| Социалдык фонддун | 2742,1 | 17,8 |

| | | |
|---|---|---|
| бюджетинен каражаттар | | |
| Салыктык эмес кирешелер | 618,1 | 4,0 |

Автор тарабынан КР Өкмөтүнө караштуу ФОМС маалыматтарынын негизинде эсептелди

Автор тарабынан КР Өкмөтүнө караштуу ММКФ маалыматтарынын негизинде эсептелген 4.8-таблицада берилген маалыматтар боюнча фонддун кирешесинин 93,1 пайызы алынган расмий трансферттердин эсебинен түзүлө тургандыгы көрүнүп турат, алардын ичинен республикалык бюджеттин каражаттары 78 пайызды, Социалдык фонддун бюджетинин каражаттары – 19 пайызды түзөт.

4.9-таблицада 2021-жылы функциялык классификация боюнча ММК фондунун бюджетинин каражаттарынын чыгашаларынын багыттары жөнүндө маалыматтар берилди.

4.9-таблица. 2021-жылы ММК фондунун бюджетинин чыгашаларынын функциялык түзүмү.

| | млн сом | бардыгы % менен |
|---|---|---|
| Чыгашалар | 15433,8 | 100 |
| Медициналык буюмдар, жабдуу жана аппаратура | 408,7 | 2,6 |
| Амбулаториялык кызматтар | 6441,3 | 41,7 |
| Ооруканалардын кызматтары | 7588,5 | 49,2 |
| Саламаттык сактоо жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр | 130,8 | 0,9 |
| Башка категорияларга кирбеген саламаттык сактоо маселелери | 864,4 | 5,6 |

Автор тарабынан КР Өкмөтүнө караштуу ММКФ маалыматтарынын негизинде эсептелди

ММКФ бюджетинин чыгашасы 2021-жылы 15433,8 млн сомду түздү, анын 91 пайызы ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүн жана амбулатордук кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого багытталат.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу секторунун бюджети өзүнө эмнелерди камтыйт
2. Мамлекеттик чыгашаларды уюштуруунун принциптери
3. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин кирешелер жана чыгашалар түзүмү
4. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, анын максаты, милдеттери жана функциялары
5. Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн төлөөчүлөрү
6. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин кирешелер жана чыгашалар түзүмү
7. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, анын максаты, милдеттери жана функциялары

8. ММКФ бюджетинин киреше булактары
9. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин чыгашалар түзүмү

**Сунушталган адабияттар**


1. Тюлюндиева Н.М. Концепция управления бюджетом государства. – Б: 2011. – 274-б.
2. 2016-жылдын 16-мартындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси.
3. «Кыргызстан цифраларда» тиешелүү жылга карата статистикалык жыйнак.
4. «КР Социалдык фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021–2022-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 21-январындагы № 7 Мыйзамы
5. «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММКФ 2021-жылга бюджети жана 2022–2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 25-январындагы № 14 Мыйзамы
6. «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы № 8 Мыйзамы


## 5-тема. Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык башкарууда бюджет аралык мамилелер

5.1. Бюджет аралык мамилелердин мазмуну, максаты жана принциптери

5.2. Бюджеттик жөнгө салуунун инструменттери

Өзүн-өзү даярдоо үчүн контролдук суроолор

Сунушталган адабияттар

### 5.1 Бюджеттик мамилелердин мазмуну, максаты жана принциптери

Кыргыз Республикасында бюджет аралык мамилелердин системасы Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын жергиликтүү бюджеттеринин финансылык ресурстарын камсыз кылуу боюнча жагымдуу жана туруктуу шарттарды түзүү үчүн финансылык борборлоштурулбаган саясатты ишке ашыруунун жүрүшүндө географиялык жайгашуудан жана аймакты өнүктүрүү өзгөчөлүктөрүнөн, жергиликтүү бюджеттерди натыйжалуу түзүүнү жана аткарууну камсыз кылуудан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде бюджеттик процессти өнүктүрүүдөн көз карандысыз түзүлөт. Кыргыз Республикасынын региондорундагы экономика ар түрдүү табигый-климаттык шарттарга байланыштуу, агрардык багыттуулугу, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө өнүгүүнүн жетишсиз деңгээли, өнөр жайдын потенциалын толук эмес пайдалануу, өндүрүштүк инфратүзүмдү жайгаштыруунун ар түрдүүлүгү, ресурстарга, өзгөчө финансылык, коммуникациялык жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк менен мүнөздөлөт. 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалыгын күчтөндүрүү жана жергиликтүү бюджеттин башкаруу боюнча ыйгарым укуктарын өткөрүү максатында бюджеттер аралык мамилелердин эки деңгээлдеги системасына өтүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Өкмөт тарабынан мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда өз ара финансылык мамилелерди андан ары өнүктүрүү чаралары боюнча бюджет аралык мамилелер системасын өнүктүрүү боюнча чаралар көрүлгөн. Баарынан мурда, төмөнкүлөрдү камсыз кылуу зарыл болгон:

а) бюджет аралык мамилелерде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын вертикалдык жана горизанталдык жактан күчтөндүрүү;

б) Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформалардын алкагында айыл аймактарынын жана райондордун жаңы чектерин түзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү коомчулук үчүн жүйөлүү факторлорду түзүү;

в) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалын жогорулатуу боюнча негизги багыттарды аныктоо;

г) республикалык жана жергиликтүү бюджеттер аркылуу жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программаларды каржылоонун натыйжалуу механизмин түзүү;

д) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн жеке кирешелерин жогорулатууга жана чыгашаларды оптималдаштырууга түрткү болууга негизделген трансферттик саясатты өркүндөтүү.

Бюджет аралык мамилелер Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде экономикалык жана бюджеттин укук мамилелелерин жөнгө салуу, бюджеттик процессти уюштуруу жана жүзөгө ашыруу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы мамилелердин жыйындысы катары аныкталган.

Бюджет аралык мамилелер системасы Кыргыз Республикасынын бюджеттик саясатынын төмөнкү максаттарына жетүүгө багытталган:

- өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу;

- жергиликүү деңгээлде бюджеттик саясаттын артыкчылыктуу милдеттерин чечүү үчүн шарттарды түзүү;

- жергиликтүү деңгээлде бюджеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу.

Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелер биринчиден, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функцияларды жана ыйгарым укуктарды так бөлүүгө, экинчиден, республикалык жана жергиликтүү бюджеттин ортосундагы кирешелерди кароого, үчүнчүдөн, республикалык жана жергиликтүү бюджеттин ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүүгө, төртүнчүдөн, бюджеттик жөнгө салуунун методологиясынын жана критерийлеринин бирдейлигине негизделет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктары жана жоопкерчилиги “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы менен аныкталган. Ушул Мыйзамга ылайык Конституцияда жана мыйзамдарда Министрлер Кабинети Президенттин жана Жогорку Кеңештин, соттордун, атайын статуска ээ башка мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына киргизилген маселелерди кошпогондо, мамлекеттик башкаруунун бардык маселелерин чечет.

Министрлер Кабинети:

1) Конституцияны, мыйзамдарды жана Президенттин актыларын аткарууну камсыз кылат, Конституциянын, мыйзамдардын, Президенттин актыларынын, кайрылууларынын жана тапшырмаларынын негизинде жана аларды аткаруу максатында Кыргыз

Республикасынын бүткүл аймагында аткарууга милдеттүү болгон токтомдорду жана тескемелерди чыгарат, алардын аткарылышын контролдоону камсыз кылат;

2) мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ишке ашырат;

3) улуттук программаларды иштеп чыгат жана Президентке бекитүүгө киргизет жана алардын ишке ашырылышын камсыз кылат;

4) мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу, коомдук тартипти коргоо, кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча чараларды ишке ашырат;

5) мамлекеттик эгемендикти, аймактык бүтүндүктү коргоо, конституциялык түзүлүштү сактоо боюнча чараларды, ошондой эле коргонуу жөндөмдүүлүгүн, улуттук коопсуздукту чыңдоо жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашырууну камсыз кылат;

6) бюджеттик-финансылык, баалык, тарифтик, инвестициялык, тышкы экономикалык, салыктык жана бажылык саясатты аткарууну камсыз кылат;

7) социалдык-экономикалык чөйрөдө, жаштар саясаты, маданият, искусство, туризм, спорт, илим, интеллектуалдык менчик, билим берүү, саламаттык сактоо, эмгек, ишке орноштуруу жана миграция, этностор аралык мамилелер, балдарды коргоо жана гендердик теңдик, социалдык камсыз кылуу, жаратылышты коргоо, экологиялык коопсуздук жана жаратылышты пайдалануу, жер ресурстарын башкаруу жана жер мамилелерин жөнгө салуу; архитектура, шаар куруу жана курулуш иши, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат, статистика, мамлекеттик тилди, тоолуу аймактарды өнүктүрүү жана башка чөйрөлөрдө бирдиктүү мамлекеттик саясатты аткарууну камсыз кылат;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин аткарылышын камсыз кылат; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эл аралык келишимдерди түзүү жөнүндө чечим кабыл алат, мындай келишимдерди узартат же бузат; Кыргыз Республикасынын жарандарын анын аймагынан тышкары жерлерде коргойт; Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер, эл аралык уюмдар менен өз ара мамилелерди өнүктүрүүнү камсыз кылат;

9) Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги дипломатиялык өкүлчүлүктөрүн жана консулдук мекемелерин жана Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардагы туруктуу өкүлчүлүктөрүн ачууну камсыз кылат;

10) республикалык бюджетти иштеп чыгат жана Жогорку Кеңешке берет жана анын аткарылышын камсыз кылат;

11) менчиктин бардык түрлөрүн өнүктүрүүнүн бирдей шарттарын камсыз кылуу жана аларды коргоо, мамлекеттик менчик объекттерин башкаруу боюнча чараларды ишке ашырат;

12) мамлекеттик мүлктүн менчик ээсинин укуктарын ишке ашырат, мамлекеттик ишканаларды жана мекемелерди түзөт, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик менчигин менчиктештирүүнү уюштурат;

13) мамлекеттик материалдык резервдин объекттерин, товардык-материалдык баалуулуктарын башкаруу жана Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт;

14) жалпы мамлекеттик программаларды иштеп чыгат, бекитет жана алардын ишке ашуусун камсыз кылат;

15) тышкы экономикалык ишти жүргүзүүнү камсыз кылат;

16) техникалык жөнгө салуу жаатындагы ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат; товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ата мекендик өндүрүүчүлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо боюнча чараларды көрөт;

17) бирдиктүү монополияга каршы жана атаандаштык саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат;

18) экономикалык мейкиндиктин бирдейлигин жана экономикалык иштин эркиндигин, товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана финансылык каражаттардын эркин жүгүртүлүшүн камсыз кылат;

19) республиканын экономикалык жана финансылык тутумун чыңдоо боюнча чараларды иштеп чыгат жана жүргүзөт;

20) бажы-тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуунун чараларын иштеп чыгат, бекитет жана ишке ашырат;

21) мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча чараларды көрөт;

22) ушул конституциялык Мыйзамда каралган учурларда мыйзамдардын долбоорлоруна расмий корутундуларды берет;

23) министрлердин, мамлекеттик комитеттердин төрагаларынын, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилеринин, ошондой эле өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар жагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларынын отчетторун угат;

24) министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жоболорун, башкаруу схемаларын жана чектик штаттык санын бекитет;

25) консультациялык-кеңеш берүүчү органдарды түзөт;

26) эркин экономикалык зоналар жөнүндө жобону жана аларды өнүктүрүү программаларын бекитет;

27) Министрлер Кабинетинин Ардак грамотасын жана башка сыйлыктарды уюштурат, алар менен сыйлоонун негиздерин жана тартибин аныктайт;

28) класстык чендерди, аскердик наамдарды жана атайын наамдарды ыйгаруу тартибин аныктайт;

29) министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, аткаруу бийлигинин башка органдарынын актыларын жокко чыгарат;

30) мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын материалдык-техникалык жактан камсыз болушун уюштурат;

31) жарандык коом жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат;

32) Конституция, ушул конституциялык Мыйзам жана мыйзамдар менен анын карамагына кирген башка ыйгарым укуктарды аткарат.

Жергиликтүү маанидеги маселелер, Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары төмөнкү принциптердин негизинде белгиленген:

1) мындай кызматтарды натыйжалуу көрсөтүүгө жарамдуу болгон башкаруунун төмөн турган деңгээли тарабынан кызматтарды көрсөтүү;

2) кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын камсыз кылуу максатында функцияларды жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда натыйжалуулук жана максатка ылайыктуулук;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык, экономикалык жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша дифференциялоо;

4) функцияларды аткарууда жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда жергиликтүү кызыкчылыктын болушу;

5) жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү кызыкчылыктарды шайкеш келтирүү;

6) ачыктык жана коллегиялуулук;

7) ченемдик укуктук актыларда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарын так аныктоо.

Кыргызской Республики «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жүргүзүүгө жергиликтүү маанидеги төмөнкү маселелер киргизилген:

1) тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу;

2) муниципалдык менчикти башкаруу;

3) жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;

4) калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу;

5) калктуу конуштарда канализациянын жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;

6) калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;

7) жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;

8) көрүстөндөрдүн иштешин жана расымдык кызматтардын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;

9) жаппы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;

10) парктардын, спорттук курулмалардын жана эс алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу, бош убакытты уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;

11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып чыгарууну жана утилдештирүүнү уюштуруу;

12) муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;

13) жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо;

14) жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;

15) жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;

16) тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты мыйзамдарда белгиленген тартипте жайгаштыруу;

17) коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;

18) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

19) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу;

20) дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;

21) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;

22) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу;

23) соттолгондорду кайра социалдаштырууга багытталган жазык-укуктук таасир этүүнүн эркинен ажыратуу жана мажбурлоо чарасы менен байланышпаган жазаларды уюштуруу жана аткаруу жана аларга жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык социалдык жардам көрсөтүү;

24) ветеринардык-санитардык жана карантиндик-чектөөчү чаралардын өз убагында өткөрүлүшүн камсыздоого көмөк көрсөтүү.

Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти бөлүштүрүү бюджеттер аралык мамилелерди төмөнкүдөй принциптерде уюштурууга мүмкүндүк берет:

1) Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун ар бир бюджетине кирешелерди бөлүштүрүү жана бекитип берүү;

2) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгашалык ыйгарым укуктарын сактоо;

3) ченемдердин негизинде бюджеттердин ортосунда кирешелерди бөлүштүрүүнү узак убакытка аныктоо;

4) бюджеттер аралык трансферттерди республикалык бюджеттен берүүнүн эсебинен жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздуулугунун деңгээлине жетүү;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү менен байланышкан бюджеттердин кирешелериндеги же кошумча чыгашаларындагы жоготуулардын ордун толтуруу.

Бюджеттердин ар бир деңгээлинде кирешелерди бөлүштүрүү Бюджеттик кодексте бекитилген, ошондой эле республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен жыл сайын белгиленүүчү чегерүүлөрдүн ченемдери боюнча республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон бюджеттердин жалпы мамлекеттик кирешелери аныкталган.

Республикалык бюджет үчүн мыйзамдарда төмөнкүдөй кирешелер бекитилген:

1) белгиленген ченемдер боюнча жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөр;

2) пайдадан алынуучу салык;

3) кошумча нарктан алынуучу салык;

4) акциз салыгы;

5) Кыргыз Республикасынын бажы мыйзамдарында белгиленген бажы алымдары, жыйымдары жана төлөмдөрү;

6) эл аралык макулдашууларды жана келишимдерди ратификациялоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык төлөнүүчү салыктар;

7) республикалык бюджеттен берилген бюджеттик насыялар боюнча пайыздар;

8) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) пайдасын бөлүштүрүүдөн которуулар жана мамлекеттик ишканалардын пайдасынан чегерүүлөр;

9) байланыш тармактарын өнүктүрүүгө чегерүүлөр;

10) мамлекеттик акциялар пакетине кошуп эсептелген дивиденддер;

11) мамлекеттик менчикте турган мүлктү ижарага берүүнүн ижара акысы;

12) мамлекеттик лотереяларды өткөрүүдөн каражаттар;

13) сынам жыйымы;

14) аскердик милдетке байланышкан жыйымдар;

15) радиожыштык спектрин пайдаланууга лицензия алуу үчүн тооруктардын (аукцион, конкурс) натыйжалары боюнча радиожыштык спектрин пайдалануу үчүн номерлөөнүн бөлүнгөн ресурсу үчүн жыйымдар;

16) өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнүн жаратылыш объекттерин жана козу карындарды пайдалануу үчүн жыйым;

17) суу ресурстарын жана суу объекттерин пайдалангандыгы үчүн жыйым;

18) айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн жыйым;

19) мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр;

20) мамлекеттик каттоо үчүн жыйымдар;

21) автомото транспорт каражаттарын каттоо үчүн жыйымдар;

22) апостил койгондугу үчүн жыйымдар;

23) транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка сызыктык параметрлерин таразага тартуу жана өлчөө үчүн төлөмдөр жана жалпы пайдаланылуучу автомобиль жолдору боюнча атайын жана бөлүнбөгөн жүктөрү менен транспорт каражаттарын өткөргөндүгү үчүн жыйым;

24) жалпы пайдаланылуучу автомобиль жолдорундагы жасалма курулмалар боюнча өтүү үчүн жыйымдар;

25) жалпы пайдаланылуучу автомобиль жолдору боюнча өтүү үчүн жыйымдар;

*26) консулдук жыйымдар;*

27) мамлекеттик алымдар;

28) патенттик алымдар;

29) мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн айыптарды, санкцияларды, компенсацияларды, зыяндын ордун толтуруунун суммаларын кошпогондо, соттун чечими боюнча айыптарды, санкцияларды, компенсацияларды, зыяндын ордун толтуруунун суммаларын кошуп алганда, мамлекеттик органдар, алардын ведомстволук караштуулугундагы мекемелер тарабынан материалдык, административдик жана жазык жоопкерчилиги чараларын колдонуунун натыйжасында алынуучу каражаттар;

30) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруу;

31) юридикалык жана жеке жактар тарабынан акысыз жана ыктыярдуу негизде республикалык бюджетке берилүүчү каражаттар;

32) Министрлер Кабинети тарабынан алынган расмий трансферттер;

33) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка салыктык эмес кирешелер.

Кыргызстанды жергиликтүү бюджеттер үчүн төмөнкүдөй кирешелер бекитилген:

1) белгиленген ченемдер боюнча жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөр;

2) жер салыгы;

3) мүлккө салык;

4) жергиликтүү бюджеттен берилген бюджеттик насыялар боюнча пайыздар;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акциялардагы үлүштөрүнө кошуп эсептелинген дивиденддер;

6) муниципалдык ишканалардын пайдаларынан чегерүүлөр;

7) муниципалдык менчикте турган мүлктү ижарага берүүнүн ижара акысы;

8) жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармагандыгы үчүн жыйым;

9) калктуу конуштардын таштандыларын чыгаруу үчүн жыйым;

10) жайыттарды, ошондой эле айыл аймактарынын аймагында жайгашкан мамлекеттик токой фондунун жайыттарын пайдалангандыгы үчүн жыйым;

11) муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр;

12) муниципалдык лотереяларды өткөрүүдөн түшкөн каражаттар жана лотереялык ишти жүзөгө ашыруу үчүн төлөмдөр;

13) автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн төлөм;

14) соттун чечими боюнча зыяндын ордун толтуруу суммасын кошуп алганда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын ведомстволук караштуулугундагы мекемелер тарабынан материалдык, администрациялык жоопкерчилик чараларын колдонуунун натыйжасында алынуучу каражаттар;

15) юридикалык жана жеке жактар тарабынан акысыз жана ыктыярдуу негизде жергиликтүү бюджетке берилүүчү каражаттар;

16) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алынган расмий трансферттер;

17) административдик, анын ичинде мамлекеттик органдар тарабынан салынган айыптар;

18) жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалануу үчүн жыйым;

19) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталуучу салыктык эмес башка төлөмдөр.

Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларды жана ыйгарым укуктарды аткарышы алардын ортосундагы чыгашалык милдеттенмелерин мыйзам менен бекитүүнү болжолдойт.

Кыргыз Республикасында Бюджеттик кодекске ылайык чыгашалык милдеттенмелерди бөлүштүрүүнүн төмөнкүдөй түзүмү белгиленет:

1) Өкмөттүн чыгашалык милдеттенмелери – республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен функцияларды мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан аткарууда келип чыккан Өкмөттүн бюджеттик милдеттенмелери;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгашалык милдеттенмелери – жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын аткаруудан келип чыккан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик милдеттенмелери.

Мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарына ылайык республикалык бюджеттен жалпы мамлекеттик мааниге ээ болгон иш-чараларга чыгымдалат, алар үчүн жоопкерчилик тиешелүү мамлекеттик башкаруу органдары аркылуу толугу менен Өкмөткө жүктөлөт.

Бул категориядагы чыгашаларга төмөнкүлөр кирет:

1) жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр;

2) коргоо;

3) жалпы тартип жана коопсуздук;

4) экономикалык маселелер;

5) айлана-чөйрөнү коргоо;

6) турак-жай жана коммуналдык кызматтар;

7) саламаттык сактоо;

8) эс алуу, маданият;

9) билим берүү;

10) социалдык коргоо.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бекитилген маселелерге ылайык алардын чыгашалык милдеттенмелери мыйзам менен бөлүштүрүлгөн. Жергиликтүү бюджеттен баарынан мурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө чыгашалар жүргүзүлөт; муниципалык ишканаларды, билим берүү, саламаттык сактоо, эс алуу, маданият, социалдык коргоо, турак жай жана коммуналдык чарба, айлана-чөрөнү коргоо мекемелерин күтүүгө; жергиликтүү бюджеттен каржыланууга тийиш болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларында аныкталган иш-чараларга, анын ичинде бюджеттик сотко берүү жана төгүү, капиталдык салымдар жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттар түрүндө инвестицияларды бюджетке ишке ашыруу, муниципалдык баалуу кагаз чыгаруу менен байланышкан операциялар.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аларга бөлүнүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда келип чыккан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгашалык милдеттенмелери, республикалык бюджеттин максаттуу трансферттторунун эсебинен аткарылат.

## 5.2 Бюджет аралык жөнгө салуу инструменттери

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджет аралык мамилелери төмөнкүдөй инструменттер аркылуу жөнгө салынат:

- жалпы мамлекеттик кирешелердин чегерүүлөрүнүн ченемдерин белгилөө;
- бюджет аралык трансферттер.

Жалпы мамлекеттик кирешелер деп республикалык бюджет жөнүндө ар жылдык мыйзам менен белгиленүүчү чегерүүлөрдүн белгиленген ченемдери боюнча республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон бюджеттин кирешелери саналат. Азыркы этапта мыйзамга ылайык аларга төмөнкүлөр кирет:

1) киреше салыгы;
2) сатуулардан салык;
3) жер казынасын пайдалануу үчүн салык;
4) ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык;
5) милдеттүү патенттин негизиндеги салык;
6) салык алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму боюнча бирдиктүү салык;
7) жер казынасын пайдалануу укугун алуу үчүн жыйым;
8) жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдүрдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр.

«Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023–2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында 2022–2024-жылдарга жалпы мамлекеттик кирешелердин чегерүүлөрүнүн төмөнкүдөй ченемдери белгиленген:

1) салык агенттери төлөөчү киреше салыгы – шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 100 пайыз өлчөмүндө;

2) сатуудан алынуучу салык – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

3) ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык, милдеттүү патенттин негизиндеги салык, бирдиктүү салык, салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму боюнча чекене сатуудан алынуучу салык – шаарлардын, айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 100 пайыз өлчөмүндө;

4) жер казынасын пайдаланганы үчүн салык (роялти), стратегиялык пайдалуу кендерди (алтын, мунай зат, газ) кошпогондо – кендерди иштеп чыгуу жери боюнча шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 50 пайыз өлчөмүндө, республикалык бюджетке 50 пайыз өлчөмүндө;

5) жер казынасын пайдаланганы үчүн салык (бонус) – республикалык бюджетке 100 пайыз өлчөмүндө;

6) жер казынасын пайдалануу укугун бергени үчүн жыйым – кендерди иштеп чыгуу жери боюнча шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 7 пайыз өлчөмүндө, республикалык бюджетке 93 пайыз өлчөмүндө;

7) жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр – кендерди иштеп чыгуу жери боюнча шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттерине 20 пайыз өлчөмүндө, республикалык бюджетке 80 пайыз өлчөмүндө.

Бюджеттер аралык трансферттер тутумуна төмөнкүлөр кирет:

1) жергиликтүү бюджеттерге төмөнкүдөй түрдө трансферттер:

а) теңдештирүүчү трансферттер;

б) максаттуу трансферттер;

2) республикалык бюджеттен Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерине ассигнованиелер.

Жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү бюджеттер аралык трансферттер республикалык бюджет жөнүндө ар жылдык мыйзам менен бекитилет.

Теңдештирүүчү трансферттер – жергиликтүү бюджеттерди каржылоону камсыз кылуу, региондун социалдык-экономикалык абалын колдоо үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар. Теңдештирүүчү трансферттердин көлөмүн аныктоо тартиби КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 15-январындагы № 18 токтому менен бекитилген. Аталган Тартипке ылайык жергиликтүү бюджеттердин теңдештирүүчү трансферттеринин өлчөмдөрүн аныктоо төмөнкүлөрдүн негизинде пландык мезгилде жүргүзүлөт:

- жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздуулугунун эсептери;

- жергиликтүү бюджеттердин трансферттерди теңдештирүүчү эсептер.

Максаттуу трансферттер – бул белгилүү бир максаттарга бир бюджеттик деңгээлден башка бюджетке берилүүчү каражаттар. Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттер мыйзамга ылайык төмөнкүлөргө берилет:

1) финансылык айырманы же бюджеттик жылдын ичинде жергиликтүү бюджетке кирешелердин түшүүсүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн жергиликтүү бюджеттердин кошумча чыгашаларынын же кирешелеринин жоготууларын компенсациялоо;

2) мыйзамдын же келишимдин негизинде мамлекеттик органдардын айрым ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бөлүп берүүдө жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоо;

3) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгаша милдеттенмелерин биргелешип каржылоону камсыз кылуу.

Жергиликтүү бюджеттин максаттуу трансферттери жергиликтүү кеңештин ченемдик укуктук актысы менен башка жергиликтүү бюджетке берилет.

Социалдык фонддун ассигнованиеси төмөнкүлөр үчүн берилет:

1) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн Социалдык фонддун бюджетинин кошумча чыгашаларынын жана кирешелеринин жоготууларын компенсациялоо;

2) мыйзамдын же келишимдин негизинде мамлекеттик социалдык төлөмдөр боюнча Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктарын берүүдө чыгашаларды каржылоону камсыз кылуу.

Республикалык бюджеттен ассигнованиелер төмөнкүлөрдү каржылоо үчүн каралат:

1) пенсиянын базалык бөлүгү;

2) пенсионерлерге электр энергиясы үчүн компенсациялык төлөмдөр;

3) "Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча дайындалган пенсиялар;

4) аскер кызматкерлерин камсыздандыруу учурлары боюнча бир жолку жөлөкпулдар;

5) көп балалуу энелердин жана бала кезинен майып болгондордун энелеринин пенсияларына, бийик тоолуу шарттарда, алыскы жана жетүүгө кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдарга;

6) "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген пенсияларга үстөктөргө;

7) Чернобыль атомдук электростанциясындагы аварияда жана башка жарандык же аскердик дайындоодогу атомдук объекттердеги аварияның кесепеттерин жоюуга катышкандарга компенсацияларды, эмгектик мертинүү же кесиптик оруулар боюнча "PESAC" программасына кирген же ишканаларда иштеп, багуучусунан ажыраган же иш берүүчүнүн кайра уюштурууга же жоюуга байланыштуу зыяндын ордун толтуруу боюнча төлөөлөр;

8) "Кыргызстан аба жолдору" Улуттук авиаташуучу" ачык акционердик коомунун учкучтук жана учуу-сыноо курамынын кызматкерлерине пенсиялар;

9) № 2 тизмеси боюнча жана "PESAC" программасына кирүүчү ишканалардын текстиль өндүрүшүндө иштөөчү адамдарга пенсиялар.

Республикалык бюджеттен ассигнованиелер максаттык багыты боюнча гана пайдаланылат.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор**

1. Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелердин мазмуну, принциптери, максаты
2. Бюджеттер аралык мамилелерди уюштуруунун негизи катары Кыргыз Республикасында мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функцияларды жана ыйгарым укуктарды чектөө
3. Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык жөнгө салуунун инструменттери
4. Бюджеттер аралык трансферттер тутуму

5. Өкмөт менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы чыгашалык милдеттенмелерди бөлүштүрүү

6. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер үчүнн жеке киреше булактарын бекитүү

7. Жалпы мамлекеттик салыктардан жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдүн ченемдери

**Сунушталган адабияттар**

1. Государственные и муниципальные финансы. Окуу китеби (С.И. Лушин жана проф. В.А. Слеповдун редакциясы алдында). М.: Экономистъ, 2006

2. Парыгина В.А., Тедеев А.А. Государственные и муниципальные финансы. Окуу круалы. М.: Басма. ЭКСМО, 2005

3. Кожошев А. О. Государственное регулирование бюджетных отношений. Окуу куралы. Б., 2018

4. Формирование и исполнение местных бюджетов Кыргызской Республики. Методикалык курал. Б.2013

5. 2016-жылдын 16-майындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси

6. «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга бюджети жана 2023–2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

7. «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы Мыйзамы

## 6-тема. Кыргыз Республикасындагы бюджеттик процесс

6.1. Бюджеттик процесс: маңызы, багыты, катышуучулар жана баскычтары
6.2. Республикалык бюджет: бюджеттик процесстин баскычтары
6.3. Жергиликтүү бюджет: бюджеттик процесстин баскычтары
6.4 Социалдык фонддун жана Медициналык милдеттүү камсыздандыруу фондунун (ММКФ) бюджеттеринин каралышы жана бекитилиши
6.5. Натыйжалуу мамлекеттик финансылык контролду уюштуруу
Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабияттар

### 6.1 Бюджеттик процесс: маңызы, багыты, катышуучулар

Бюджеттик процесс өзүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен регламенттелген бюджеттердин долбоорлорун түзүү, кароо, бюджеттерди бекитүү, тактоо жана аткаруу, бюджеттик эсепти жүргүзүү жана отчеттуулукту түзүү, финансылык башкаруу жана контролдоо боюнча иштерди камтыйт.

Бюджеттик процесстин максаты – бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон борборлоштурулган акчалай фонддорду түзүү. Аны күтүү өлкөнүн мамлекеттик жана бюджеттик түзүлмөсү, ошондой эле тиешелүү бийлик органдарынын жана юридикалык жактардын бюджеттик укуктары менен аныкталат.

Бюджеттик процесс бюджеттик иштин айрым баскычтарын камтыйт:

- бюджеттин долбоорун түзүү;

- мыйзам чыгаруу органдары тарабынан бюджеттин каралышы жана бекитилиши;

- бюджетти аткаруу, аны тескөө;

- бюджеттин аткарылышы жана анын бекитилиши жөнүндө отчетту түзүү.

Бюджеттик процесстин узактыгы эки жылдан ашык уланат: бюджеттин долбоорун түзүү, аны кароо жана бекитүү жарым жылдан ашык, аткаруу же бюджеттик мезгил 1 жылды – 1-январдан 31-декабрга чейинки, бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүү жана бекитүү – жарым жылдан ашык убакытты түзөт.

Бюджеттик кодекске ылайык Кыргыз Республикасындагы бюджеттик процесстин катышуучулары бюджеттик ыйгарым укуктарга жараша төмөнкүдөй категорияларга бөлүнөт:
**Бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсү** – бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актылар менен аныкталган, бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр менен алуучулардын ортосунда бюджеттик ассигнованиелерди бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктарга ээ болгон мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы. Муну менен бирге бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнүн бюджеттик ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет: бекитилген бюджеттик ассигнованиелерге ылайык бюджеттик каражаттардын натыйжалуулугун, максаттуу пайдалануу, ведомстволук тескөөчүлөрдүн жана бюджеттик каражаттардын алуучуларынын тизмегин түзүү, бюджеттин чыгашаларын пландоо, бюджеттик кол коюуну түзүү жана жүргүзүү кирет.
**Бюджеттик каражаттардын тескөөчүсү** – бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнүн карамагында болгон, бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнөн бюджеттик ассигнованиелерди алуучу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же мекеме. Бюджеттик каражаттардын тескөөчүлөрүнүн бюджеттик ыйгарым укуктарына ведомстволук тескөөчүлөргө же бюджеттик каражаттарды алуучуларга бюджеттик ассгинованиелерди бөлүштүрүү, бюджеттин тиешелүү бөлүгүн аткаруу кирет.

**Бюджеттик каражаттардын алуучусу** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, тиешелүү органдын чечиминин же келишимдин негизинде бюджеттик каражаттарды алууга укуктуу жана аларды пайдалануу жана эсепке алуу үчүн жоопту бюджеттик же башка мекеме. Бюджеттик каражаттарды алуучулардын бюджеттик ыйгарым укуктарына бюджеттик сметаны түзүү жана тиешелүү бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнө, же болбосо тескөөчүсүнө бюджеттик отчеттуулукту түзүү жана берүү.

Бюджеттик процессти регламенттөө, республикалык бюджетти өз убагында жана сапаттуу даярдалышы үчүн бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан бюджеттик процесстин календарлык планы иштелип чыгат жана кабыл алынат. Алсак, КР финансы министринин 2017-жылдын 18-декабрындагы КР № 169-б буйругу менен бекитилген 2019–2021-жылдарга республикалык бюджеттин долбоорун түзүү календары 6.1-таблицада берилди.

6.1-таблица – 2019-жылга республикалык бюджети жана 2020–2021-жылдарга болжолунун долбоорун түзүү календары

| Иш-чара | Мөөнөтү |
|---|---|
| Контролдук цифраларды түзүү үчүн чыгашалардын чектүү көлөмүн даярдоо | 2017-жылдын 16-апрелине чейин |
| 2019–2021-жж. фискалдык саясаттын | 2018-жылдын 20-майына чейин |

| | |
|---|---|
| негизги багыттарын даярдоо | |
| 2019–2021-жж. фискалдык саясаттын негизги багыттарын КР Өкмөтү тарабынан бекитилиши | 2018-жылдын 1-июлуна чейин |
| Атайын эсептерде, программалык бюджеттерде чыгашалардын, кирешелердин долбоорун берүү | 2018-жылдын 1-августуна чейин |
| 2019–2021-жылдарга КР республикалык бюджети жөнүндө Мыйзамдын долбоорун даярдоо | 2018-жылдын 25-августуна чейин |
| Республикалык бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрүү | 2018-жылдын 5-сентябрына чейин |
| КР Өкмөтүнүн Аппаратына бюджеттин долбоорун берүү | 2018-жылдын 15-сентябрына чейин |
| Бюджеттин долбоорун Жогорку Кеңешке берүү | 2018-жылдын октябры |
| Республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын долбоорун кабыл алуу | Жаңы бюджеттик жылдын башталышына 1 ай калгандан кечиктирбестен |
| Республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын КР Президентинин кол коюусу | 14 календарлык күндүн ичинде |

## 6.2 Республикалык бюджет: бюджеттик процесстин баскычтары

### а) Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү

Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү өлкөнүн бюджеттик процессинин маанилүү баскычы болуп саналат. Бюджеттик иштин бул баскычында коомдун стратегиялык өнүгүү милдеттери менен финансылык жана башка ресурстарды макулдашуусун камсыз кылуу боюнча милдеттер чечилет, каражаттарды чыгымдоодо зарыл болгон пропорциялар жана артыкчылыктар белгиленет. Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү Кыргыз Рсепубликасынын Министрлер Кабинетинин өзгөчө артыкчылыгы болуп саналат. Республикалык бюджеттин долбоору төмөндөгү маанилүү документтердин жоболорунун негизинде бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү болжолу;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бюджеттик резолюциясы;

- Орто мөөнөттүү мезгилге карата Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары.

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолу – бул негизги болжолдонуучу көрсөткүчтөрдү жана максаттуу багыттарды көрсөтүү менен алдыдагы мезгилге карата Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн багыттары, критерийлери, принциптери жана артыкчылыктары жөнүндө илимий негиздүү көрсөтүүлөрдүн системасы.

«Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн мамлекеттик болжолдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык социалдык-экономикалык өнүгүү болжолдору төмөнкүдөй чагылдырылат:

- Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн өткөн мезгилдеги жыйынтыктарын баалоо жана Кыргыз Республикасынын азыркы учурдагы экономикасынын абалын мүнөздөө, анын ичинде экономиканын өнүгүшү үчүн тоскоол болуучу мүмкүн болгон тобокелдиктерди жана коркунучтарды талдоо;

- макроэкономикалык саясаттын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макроэкономикалык туруктуулукту сактоо жана келечек мезгилге экономиканын өсүшүн көбөйтүү боюнча аракеттерин чагылдыруучу бюджеттик-салыктык, акча-кредиттик жана валюта саясатынын негизги багыттары жана программалык документтерде аныкталган өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиясына жана артыкчылыктарына тийиштүү негизги багыттары;

- экономиканын стратегиялык тармактарында түзүмдүк реформалардын келечеги жана багыттары;

- тышкы экономикалык саясаттын негизги багыттары;

- инвестициялык саясатты өнүктүрүүнүн келечеги;

- экономиканын реалдуу секторун, анын ичинде өнөр жайын, айыл чарбасын, курулушту жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүүнүн мүнөздүү тенденциялары жана келечеги;

- келерки мезгилге социалдык саясаттын негизги багыттары;

- Кыргыз Республикасынын региондорун өнүктүрүүнүн саясаты;

- инновациялык саясат;

- ишкердикти өнүктүрүү саясаты;

- экологиялык коопсуздук жана айлана-чөйрөнү коргоо.

Муну менен бирге Социалдык-экономикалык өнүгүү болжолдору макроэкономикалык кырдаалдын, экономикалык саясаттын, илимий-техникалык өнүгүүнүн, тышкы экономикалык иштин, ИДПны өндүрүү жана керектөө динамикасынын, жашоо деңгээлинин жана сапатынын, экологиялык жагдайдын, социалдык түзүмдүн, ошондой эле билим берүү, саламаттык сактоо жана калкты социалдык камсыз кылуу системаларынын өнүгүүсүнүн сандык көрсөткүчтөрүн жана сапаттык мүнөздөмөлөрүн камтыйт.

Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдонуучу параметрлери Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жалпы мамлекеттик болжолдонуучу багыттары болуп саналат жана кезектеги бюджеттик жылдан мурдагы жылдын 31-мартынан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

Бюджеттик резолюция – бул КР Жогорку Кеңешинин орто мөөнөттүү мезгилге карата мамлекеттин бюджетинин негизги арыткчылыктары жөнүндө ар жылдык билдирүүсү, ал республикалык бюджетти түзүүдө Министрлер Кабинети үчүн багыт катары кызмат кылууга тийиш.

Бюджеттик резолюция үч жылды камтыган (кезектеги бюджеттик жылды жана андан кийинки эки жылды) орто мөөнөттүү мезгилге карата түзүлөт.

Бюджеттик резолюцияны түзүү процесси Жогорку Кеңештин бюджет жана финансы боюнча комитети тарабынан кезектеги бюджеттик жылдан кийинки жылдын 1-мартынан тартып демилгеленет.

Жогорку Кеңештин Бюджет жана финансы боюнча комитети Бюджеттик резолюциянын долбоорун Жогорку Кеңештин комитеттеринин жана фракцияларынын сунуштарынын негизинде кезектеги бюджеттик жылдан кийинки жылдын март айынын аягына чейин түзөт, андан кийин долбоор коомдук талкууга коюлат.

Бюджеттик резолюциянын долбоору коомдук талкуулоодон кийин Бюджет жана финансы боюнча комитет тарабынан Жогорку Кеңештин кароосуна чыгарылат жана ушул жылдын 30-апрелине чейинки мөөнөттө токтом менен кабыл алынат.

Бюджеттик резолюцияны түзүү боюнча Жобого ылайык анын максаттары төмөнкүлөрдү камсыздоо болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (мындан ары – Жогорку Кеңеш) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн регламенттерин (ыйгарым укуктарынын чектеринде), Бюджеттик кодекстин жоболорун жана бюджеттик жөнгө салуу чөйрөсүндөгү башка мыйзам актыларын тикелей сактоо;

- орто мөөнөттүү мезгилде жана бюджеттик процесстерди алдын алууда фискалдык тартипти камсыздоо;

- мамлекеттик чыгымдарды өлкөнүн стратегиялык максаттарында оптималдаштыруу;

- республиканын бюджеттик тутумундагы бюджеттердин программалары менен бекитилип кабыл алынган мыйзамдардын ортосунда өз ара байланыштарды камсыз кылуу;

- Жогорку Кеңештин комитеттеринин тейлөөсүнө кирген бюджеттик жөнгө салуу маселелери боюнча иштерди координациялоо жана жөнгө салуу.

2021–2023-жылдардагы бюджеттик резолюцияда Кыргыз Республикасынын бюджеттик саясатынын башкы артыкчылыгы саламаттык сактоо секторун каржылоо болуп аныкталган, анын ичинде:

- медикаменттерди жана жабдууларды кошуп алганда, инфекциялык оорулар менен күрөшүүнүн заманбап каражаттары менен жабдылган адистештирилген инфекциялык медициналык мекемелердин түйүнүн модернизациялоого каржылоону камсыз кылуу;

- медициналык кызматкерлердин арасында кесипкөй оорулардын алдын алууга жана дарылоого: вакцинацияларды, мезгилдүү медициналык кароолорду жүргүзүүгө, дары-дармек жардамын көрсөтүүгө саламаттык сактоо уюмдарынын чыгашаларын каржылоону камсыз кылуу;

- санитардык эпидемиологиялык кызмат жана баштапкы медициналык санитардык жардам уюмдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоону каржылоону камсыз кылуу;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдында белгиленген ченемдерге ылайык медикаменттердин жана жеке коргонуу каражаттарынын резервдерин, ошондой эле ар бир медициналык мекемеде медикаменттердин жана жеке коргонуу каражаттарынын минималдуу резервин камтыган туруктуу пандемиялык запасты түзүү жана күтүү;

- саламаттык сактоо менен бирге 2021–2023-жылдарга бюджеттик саясаттын арыткчылыктуу багыты болуп айлана-чөйрөнү коргоо, агрардык сектор чөйрөсүн каржылоону, мамлекеттик пенсиялык камсыздандыруу системасын өркүндөтүүнү, ошондой эле бюджеттин чыгашаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча иштерди тездетүү жана башкалар аныкталган.

- Орто мөөнөттүү мезгилге Кыргыз Республикасныны фискалдык саясатынын негизги багыттары – алдыдагы орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясатты ишке ашыруунун негиздерин аныктоочу жана жалпы жана ар бир тармак блюнча алдыдагы чыгашаларды болжолдоо максатында ресурстардын көлөмдөрү жөнүндө көрүүнү Министрлер Кабинетине мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик финансыны башкаруу инструменти. Фискалдык саясаттын негизги багыттарынын долбоору алдыдагы кезектеги бюджеттин
20-майынан кечиктирбестен түзүлөт жана МК Кеңешинин кароосуна киргизилет.

- Орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттары кезектеги бюджеттик жылдан мурдагы жылдын 5-июлунан кечиктирбестен МК токтому менен бекитилет жана КР Жогорку Кеңешине киргизилет.

Орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттарынын башкы маселелери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) алдыдагы мезгилде бюджеттик максаттарды белгилөө менен фискалдык саясатты аныктоо жана мамлекеттик финансыны майнаптуу башкаруу;

2) өнүгүүнүн стратегиялык программалары жана секторлор боюнча бюджеттик чыгашалардын стратегиясын аныктоочу мамлекеттик саясаттын өз ара байланышы аркылуу чыгашалардын майнаптуулугун жакшыртуу;

3) бюджеттик мыйзамдарды жана бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү;

4) мамлекеттик бюджеттин тең салмактуулугун камсыз кылуу;

5) түзүмдүк кайра өзгөрүүнү жүргүзүү жана ишкердик активдүүлүккө көмөк көрсөтүү;

6) социалдык коргоону камсыз кылуу;

7) экономика тармактарын өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

Орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттарына төмөнкүлөр кирет:

1) Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү болжолуна ылайык орто мөөнөттүү макроэкономикалык болжол;

2) орто мөөнөттүү бюджеттик негиз, ал төмөнкүлөрдү аныктайт:

а) бюджеттин ресурстарынын түрлөрү боюнча ирилештирилген болжолдук көрсөткүчтөрдү;

б) бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү боюнча кийинки үч жылга контролдук цифраларды кошуп алганда, негизги категориялар боюнча кийинки беш жылга бюджеттин чыгымдарын;

в) бюджеттин дефицитин, аны жабуунун булактарын;

г) мамлекеттик карыздын чегин.

3) анын негиздемеси төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) салыктардагы, салыктык эмес кирешелердеги, мамлекеттик активдерди башкаруудагы болжолдонгон өзгөрүүлөрдү көрсөтүү менен бюджеттин ресурстарын түзүү саясатын;

б) бюджеттик программаларды аралата чыгашалар боюнча жогорку лимиттерди аныктоо менен негизги секторлор боюнча бюджеттик чыгашалардын орто мөөнөттүк стратегиясын кошуп алганда бюджеттин чыгашаларын түзүү саясатын;

в) бюджеттик инвестициялардын артыкчылыктарын жана багыттарын;

г) бюджеттин дефицити боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү көрсөтүү менен бюджеттин дефицитине/профицитине карата саясатты;

д) мамлекеттик карыз жана мамлекеттик гранттар боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү көрсөтүү менен мамлекеттик карызды башкаруу саясатын;

е) бюджет аралык жөнгө салуунун аспаптарын өнүктүрүүнүн багыттарын көрсөтүү менен бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү саясатын.

Кыргыз Республикасынын бюджетинин долбоору кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонуучу эки мезгилге карата Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү тартип жана календардык план боюнча түзүлөт.

Фискалдык саясаттын негизги багыттары боюнча бекитилген мекемелердин чыгашаларынын классификациясынын контролдук цифралары кийинки бюджеттик жылга жана болжолдонуучу мезгилге ведомстволордун бюджеттеринин долбоорлорун түзүү үчүн бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнө негиз болуп саналат.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнүн (тескөөчүлөрдүн, алуучулардын) өкүлдөрүнүн катышуусу менен контролдук цифралардын сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат, кирешелердин жана чыгашалардын долбоорлорун, бюджеттик программалардын долбоорлорун карайт, зарыл болгондо аларга тиешелүү тактоолорду киргизет жана бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнүн (тескөөчүлөрдүн, алуучулардын) өкүлдөрү менен макулдашуу боюнча республикалык бюджеттин долбоорун түзөт.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге карата республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбоорун кезектеги бюджеттик жылдан мурдагы жылдын 15-сентябрынан кечиктирбестен Министрлер Кабинетине берет.

**б) Республикалык бюджетти кароо жана бекитүү**

Бюджеттин долбоору жактырылгандан кийин Өкмөт Бюджеттик кодекстин талаптарына ылайык кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонуучу мезгилге Республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын долбоорун кезектеги бюджеттик жылдан кийинки жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет.

Бюджеттин долбоорун Жогорку Кеңеште кароо Жогорку Кеңештин парламенттик фракцияларында жана комитеттеринде Жогорку Кеңешке республикалык бюджеттин долбоору берилген учурдан тартын 20 календардык күндүн ичинде Жогорку Кеңештин тиешелүү комитеттери жана Улуттук банктын жана Эсептөө палатасынын төрагалары карамагында турган маселелер боюнча мамлекеттик органдардын маалыматтарын угушат. Фракциялар жана комитеттер тейлеген багыттары боюнча бюджеттин долбоорун кароонун жыйынтыктары боюнча Жогорку Кеңештин тармактык комитетинин кароосуна республикалык бюджет боюнча корутунду берет.

Жогорку Кеңештин тармактык комитети:

1) жалпылоо үчүн алар жетектеген багыттар боюнча фракциялардын жана комитеттердин кортундуларын карайт;

2) Министрлер Кабинетини Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн, Жогорку Кеңештин фракцияларынын лидерлеринин жана комитеттеринин төрагаларынын катышуусу менен Жогорку Кеңештин фракцияларынын жана комитеттеринин сунуштарын эске алуу менен кеңейтилген жыйналыш өткөрөт;

3) республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбоору боюнча парламенттик угууларды өткөрөт;

4) фракциялардын жана комитеттердин корутундуларын эске алуу менен корутундусу бар республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбоорун Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет.

4. Республикалык бюджеттин долбоорун Жогорку Кеңештин тармактык комитетинде кароо долбоор Жогорку Кеңешке тапшырылган учурдан тартып 30 календардык күндүн ичинде аяктоого жана ченемдик укуктук актыларда белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен өтүүгө тийиш;

5. Жогорку Кеңештин комитеттери жана фракциялары тарабынан республикалык бюджеттин белгилүү бир чыгашаларын көбөйтүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурда милдеттүү тартипте чыгашалардын башка категорияларын тиешелүү көлөмдө кыскартуу жөнүндө сунуштар киргизилет жана/же кошумча чыгашаларды каржылоонун конкреттүү булактары белгиленет.

Биринчи окууда Жогорку Кеңеш төмөнкүлөрдү карайт:

1) каралып жаткан мезгилдерге Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолун;

2) кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге бюджеттик саясаттын программасын.

3. Биринчи окууда кабыл алынган республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбоору келип түшкөн жазуу жүзүндөгү сунуштарды эске алуу менен Жогорку Кеңешке экинчи окууда кароого киргизүү үчүн Жогорку Кеңештин тармактык комитетине жиберилет.

4. Фракциялар жана комитеттер жазуу жүзүндөгү сунуштарды Жогорку Кеңештин тармактык комитетине жана бир эле убакта эксперттик кызматына 5 күндүк мөөнөттө жиберет.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аларды республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбооруна киргизүүнүн/киргизбөөнүн мүмкүн экендиги жөнүндө корутундуну 10 күндүк мөөнөттө берет.

5. Республикалык бюджеттин долбоору биринчи окууда четке кагылган учурда Жогорку Кеңеш Министрлер Кабинетине аны биринчи окууда кайталап кароо үчүн республикалык бюджеттин долбоорун жеткире иштеп чыгуу жана кайрадан берүү мөөнөтүн аныктайт.

Жогорку Кеңеш кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге долбоордо сунуш кылынгандарды бюджеттик классификацияга ылайык төмөнкү параметрлерди тиркөө менен экинчи окууда карайт жана кабыл алат:

1) ички дүң продукцияга жана алардын абсолюттук суммасына карата республикалык бюджеттин кирешелеринин салыштырма салмагын;

2) ички дүң продукцияга жана алардын абсолюттук суммасына карата республикалык бюджеттин чыгашаларынын салыштырма салмагын;

3) ички дүң продукцияга карата абсолюттук цифраларда жана пайыздарда республикалык бюджеттин дефицитин (профицитин);

4) бюджеттин дефицитин жабуунун булактарын;

5) кезектеги бюджеттик жылга жана кийинки болжолдонулуучу жылга республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүүнүн ченемдерин;

6) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ички жана тышкы карызынын жогорку чегин;

7) кезектеги бюджеттик жылга жана кийинки болжолдонулуучу жылга Министрлер Кабинетинин резервдик фонддорунун республикалык бюджеттеги ченемдик чоңдугун.

8) Кезектеги бюджеттик жылга жана кийинки болжолдонуучу мезгилге республикалык бюджеттин негизги параметрлерин бекитүүдө кийинки бюджеттик жылга болжолдонгон ички дүң продукциянын көлөмү жана алдыдагы жылдын июлунун көрсөткүчтөрү менен учурдагы жылдын июлунун көрөсөткүчтөрү боюнча инфляциянын арымы керектөө бааларында көрсөтүлөт.

Республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбоорун үчүнчү окууда кароонун натыйжалары боюнча Жогорку Кеңеш кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге республикалык бюджет жөнүндө мыйзамды кабыл алат.

Республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын долбоору Жогорку Кеңеш тарабынан жаңы бюджеттик жылдын башталышына чейин бир ай калгандан кечиктирилбестен каралат жана кабыл алынат.

Эгерде учурдагы жылдын аягына чейин бюджеттин долбоору кабыл алынбаса, Министрлер Кабинети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ал бекитилгенге чейин Министрлер Кабинети тарабынан Жогорку Кеңештин, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары - айылдык жана шаардык кеңештердин кароосуна киргизилген бюджеттин долбоорлорунда каралган чыгашалардын жылдык суммасынын он экиден бир бөлүгүнүн чектеринде ай сайын чыгашаларды жүргүзүүгө укуктуу.

Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган республикалык бюджет жөнүндө мыйзам 14 календардык күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине кол коюуга жиберилет.

5. Жогорку Кеңеш өзүн-өзү таркаткан учурда республикалык бюджет Министрлер Кабинети тарабынан кабыл алынат жана Жогорку Кеңештин жана Министрлер Кабинетинин жаңы курамы түзүлгөндөн кийин бир айдын ичинде Жогорку Кеңештин бекитүүсүнө киргизилет.

**в) республикалык бюджетти аткаруу**

Бекитилген республикалык бюджеттин аткарылышын Министрлер Кабинети ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бюджетти кварталдык тескөөнүн негизинде жүзөгө ашырат.

Республикалык бюджетти аткарууну уюштуруу жана республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткаруу боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоону бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- бюджеттин ресурстары боюнча кабыл алынган көрсөткүчтөрдүн негизинде аларды аткаруу үчүн бюджеттик ресурстардын кварталдык тескөөнү бюджеттин ресурстарынын администраторуна жеткирет;
- республикалык бюджеттин аткарылышына ай сайын мониторинг жана талдоо жүргүзөт;
- Министрлер Кабинетине жана Жогорку Кеңештин тармактык комитетине бюджеттин аткарылышы боюнча квартал сайын отчет берет;

Бюджеттин ресурстарынын администратору төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жеткирилген бюджеттик ресурстардын кабыл алынган болжолуна ылайык бюджеттин ресурстарынын толук жана өз убагында жыйноону;
- Бирдиктүү казыналык эсепке бюджеттин ресурстарынын тез арада которулушун;
- ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту жана бюджеттин долбоорун түзүү жана

бюджеттин аткарылышына мониторинг жүргүзүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды берүүнү.

Бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү (тескөөчүлөр, алуучулар) Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту жана бюджеттин долбоорун түзүү жана бюджеттин аткарылышына мониторинг жүргүзүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды берет.

**г) Республикалык бюджеттин аткаруу жөнүндө отчет түзүү жана аны бекитүү**

Республикалык бюджетти аткаруу жөнүндө отчетту түзүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет, ага ылайык бюджеттик каражаттардын бардык алуучулары отчеттук мезгилдин жыйынтыктары боюнча бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет түзөт. Бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун курамында республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту түзөт жана кийинки отчеттук мезгилдин 1-майынан кечиктирбестен Министрлер Кабинетине берет.

Бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко кыскача макроэкономикалык сереп жана төмөнкүдөй маалыматтар киргизилет:

1) республикалык бюджеттин көрсөткүчтөрүн аткаруу жөнүндө: кирешелер, чыгашалар, активдер жана милдеттенмелер менен операциялар, тартыштык;

2) мамлекеттик бюджеттик резервди жана Президенттин, Жогорку Кеңештин Төрагасынын жана Министрлер Кабинетинин Төрагасынын резервдик фонддорун пайдалануу жөнүндө;

3) бюджеттик мекемелердин кредитордук жана дебитордук карыздарынын абалы жөнүндө;

4) мамлекеттик карыздын абалы жөнүндө;

5) мамлекеттик карыз боюнча операциялар жөнүндө;

6) республикалык бюджетти аткаруу боюнча объективдүү жана субъективдүү четтөөлөр жөнүндө.

Министрлер Кабинети ушул Кодекстин талаптарына ылайык отчеттук мезгилден кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен отчеттук жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетту карайт жана Жогорку Кеңештин кароосуна жиберет.

Министрлер Кабинети өткөн жылдагы республикалык бюджетти аткаруунун аудитинин натыйжалары жөнүндө Эсептөө палатасынын отчетун карап чыгып, ал боюнча белгиленген кемчиликтерди четтетүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү жөнүндө ченемдик укуктук актыны кабыл алат жана отчеттук мезгилден кийинки жылдын 10-сентябрына чейин аны маалымат үчүн Жогорку Кеңешке жиберет.

Жогорку Кеңештин комитеттери өткөн жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту жана бул маселе боюнча аудиттин натыйжалары жөнүндө Эсептөө палатасынын отчетун карайт жана ал боюнча корутундуну бир жумалык мөөнөттө тармактык комитетке берет.

Тармактык комитет республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту карайт жана Жогорку Кеңештин фракцияларынын, комитеттеринин сунуштарын жана сын-пикирлерин эске алуу менен корутундуну ар жылдык аудиттин натыйжалары менен бирге Эсептөө палатасынын отчету Жогорку Кеңешке киргизилген күндөн тартып 20 күндүн ичинде берет.

Жогорку Кеңеш тарабынан ушул маселени кароодо төмөнкүлөр угулат:

1) Министрлер Кабинетинин Төрагасы;

2) Эсептөө палатасынын төрагасы;

3) Жогорку Кеңештин тармактык комитетинин төрагасы;

4) фракциянын лидерлери.

Жогорку Кеңеш кароонун жыйынтыктары боюнча республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту кабыл алуу тууралуу чечимди, анын аткарылышына баа берүү менен отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен кабыл алат.

Эгерде республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет Жогорку Кеңеш тарабынан канааттандырарлык эмес деп таанылса, Президент Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин карайт.

Жогорку Кеңеш отчеттук жыл үчүн Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен карайт жана ал боюнча чечим кабыл алат.

### 6.3 Жергиликтүү бюджет: бюджеттик процесстин баскычтары

#### а) жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү

Жергиликтүү бюджеттин долбоору Бюджеттик кодекске ылайык шаарлардын жана айыл аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын негизинде, ошондой эле Орто мөөнөттүү мезгилде Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн фискалдык саясатынын негизги багыттарынын жоболорун жана республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн календарлык планын эске алуу менен тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө түзүлөт.

Шаарлардын жана айыл аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы өзүнө алдыдагы мезгилге карата фискалдык саясаттын негизги багыттарын жана артыкчылыктарын аныктаган шаарлардын жана айыл аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн максатын, милдеттерин жана иш-чараларын камтыган документти көрсөтөт.

Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы аткаруу органы тарабынан иштелип чыгат, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бекитилет жана төмөнкү параметрлерди камтыйт:

- өткөн эки жыл үчүн иш жүзүндөгү көрсөткүчтөр;
- учурдагы жылга күтүлүүчү баа берүү;
- кийинки үч жылга болжолдор.

Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын болжолдонуучу үч жылдык мезгилдин биринчи жылы кезектеги бюджеттик жылга карата жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү үчүн негиз болуп саналат. Экинчи жана үчүнчү жылдар кезектеги үч жылдык мезгилге болжолдонуучу социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын багыты болуп саналат.

Шаарлардын, айыл аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү болжолун эске алуу менен аймактарды өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык болжолу;

2) алдыдагы мезгилге карата бюджеттин долбоору, анда төмөнкүлөр боюнча ирилештирилген көрсөткүчтөр камтылат:

а) бюджеттик ресурстар, алардын түрлөрү жана булактары боюнча;
б) бюджеттин чыгашалары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик программалары боюнча;
в) бюджеттин тең салмактуулугу;
г) муниципалдык карыз;
3) социалдык-экономикалык өнүгүү программасына түшүндүрмө кат;
4) мүмкүн болуучу бюджеттик тобокелдиктерди жана жагдайларды баалоо.

Аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жана жергиликтүү бюджеттин артыкчылыктары кезектеги бюджеттик жылга чейинки жылдын 1-июнунан кечиктирилбеген мөөнөттө жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын долбоорун талкуулоо боюнча коомдук угуу өткөрөт.

Бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кезектеги бюджеттик жылга чейинки жылдын 15-июлунан кечиктирбестен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына төмөнкүлөрдү жөнөтөт:
1) бюджеттик процесстин календарлык планын;
2) жергиликтүү бюджетти түзүү боюнча методикалык сунуштамаларды;
3) Орто мөөнөттүү мезгилге карата Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарына ылайык болжолдорду жана саясаттын негиздемесин:
а) жалпы мамлекеттик кирешелердин көлөмү боюнча;
б) жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдери боюнча;
в) бюджеттер аралык трансферттер боюнча.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан түзүлгөн жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган жергиликтүү бюджеттин долбоору кезектеги бюджеттик жылдан мурунку жылдын 1-сентябрынан кечиктирилбестен бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилет.

**б) Жергиликтүү бюджеттин каралышы жана бекитилиши**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан түзүлгөн жергиликтүү бюдеттин долбоору жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясы тарабынан алдын ала каралат. Бюджеттик кодекске ылайык жергиликтүү бюджетти өз убагында жана сапаттуу түзүүнү камсыз кылуу, ошондой эле бюджетти тактоо жана аткаруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бюджеттик комиссия түзүлөт.

Бюджеттик комиссия:

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин маалыматын угат, жергиликтүү бюджеттин кирешелерин жана чыгашаларын өзгөртүүгө тиешелүү сунуштарды карайт; жергиликтүү бюджет боюнча корутундуну жана сунуштамаларды жергиликтүү кеңештин кароосуна берет.

Жергиликтүү кеңеш кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонуучу мезгилге карата жергиликтүү бюджеттин долбоорун, ошондой эле бюджеттик комиссиянын корутундусун карагандан кийин, республикалык бюджет бекитилгенден кийин бир айдан кечиктирбестен төмөнкү параметрлерди бекитет: кирешелер, чыгашалар, республикалык бюджеттен бөлүнүүчү теңдөөчү гранттардык өлчөмү.

Бекитилген жергиликтүү бюджеттер кабыл алынгандан кийин 14 календардык күндүн ичинде бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилет.

Бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган республикалык бюджет бекитилгенден кийин 10 күндүн ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн такталган көлөмдөрүн жана ченемдерин, бюджеттер аралык трансферттердин көлөмдөрүнүн долбоорун жөнөтөт.

Жергиликтүү бюджеттин такталган долбоорун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы кезектеги бюджеттик жылдан мурдагы жылдын 1-ноябрынан кеичктирбестен жергиликтүү кеңештин кароосуна жана бекитүүгө киргизет.

**в) Жергиликтүү бюджетти аткаруу**

Жергиликтүү кеңеш бекиткен бюджетти аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган белгилеген тартипте кварталдык бюджеттик бөлүштүрүүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча иши бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан координацияланат.

Бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бюджеттин ресурстары боюнча кабыл алынган көрсөткүчтөрдүн негизинде алардын аткарылышы үчүн бюджеттик ресурстарды квартал сайын бөлүштүрүүнү бюджет ресурстарынын администраторуна жеткирет.

Бюджеттик ресурстардын администраторлору төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жеткирилген ресурстарды администрациялоонун кабыл алынган болжолуна ылайык бюджеттин ресурстарын толук жана өз убагында жыйноону;

2) бюджеттин ресурстарын Бирдиктүү казыналык эсепке токтоосуз которууну;

3) бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту жана бюджеттин долбоорун түзүү, бюджеттин аткарылышына мониторинг жүргүзүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө берүүнү.

г) **Жергиликтүү бюджетти аткаруу жөнүндө отчетту түзүү жана аны бекитүү**

1. Жергиликтүү бюджетти аткаруу жөнүндө отчетторду жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү аткаруу органдары түзөт.
2. Айылдык жана шаардык кеңештердин бюджеттик комиссиялары жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчетту карайт, корутундуну түзөт жана аларды тиешелүү кеңешке берет.
3. Айылдык жана шаардык кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын баяндамаларын угат, бюджеттик комиссиялардын корутундусун карайт жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы тууралуу отчетторду бекитет.
4. Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы тууралуу отчеттор отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-мартынан кечиктирилбестен бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилет.

Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жөнүндө отчеттор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан түзүлөт жана тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан төмөнкү параметрлер: кирешелер, чыгашалар, республикалык бюджеттен бөлүнүп берилүүчү трансферттер боюнча бекитилет.

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө бекитилген жылдык отчеттор отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-мартынан кечиктирилбеген мөөнөттө ыйгарым укуктуу органга берилет.

### 6.4 Социалдык фонддун жана ММКФнын бюджеттери: бюджеттик процесстин баскычтары

**а) Социалдык фонддун жана ММКФнын бюджеттерин түзүү, кароо жана бекитүү**

Кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге Социалдык фонддун жана ММКФнын бюджетинин долбоорлору Министрлер Кабинети бекиткен тартипке жана мөөнөттөргө ылайык кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн календардык планын эске алуу менен ушул Кодекстин талаптарына ылайык түзүлөт жана Министрлер Кабинетине кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 15-сентябрынан кечиктирилбестен берилет.

Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин долбоорлору Министрлер Кабинети тарабынан каралат жана кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге республикалык бюджеттин долбоору менен бир убакта Жогорку Кеңешке кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-октябрынан кечиктирилбестен берилет.

**б) Социалдык фонддун жана ММКФнын бюджетинин аткарылышы тууралуу отчетту түзүү, кароо жана бекитүү**

Социалдык фонд жана ММКФ Бюджеттик кодекстин талаптарына ылайык Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте өткөн мезгил үчүн өз бюджеттерин аткаруу жөнүндө отчетту түзөт.

Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетко төмөнкүлөр кирет:

1) бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн: кирешелердин, чыгашалардын, дефициттин/профициттин жана башкалардын аткарылышы;

2) резервдик фонддун пайдаланылышы;

3) өнүктүрүү фондун түзүү жана аткаруу жөнүндө отчет;

4) насыялык жана дебитордук карыздын абалы жөнүндө отчет;

5) пландаштырылган максаттар боюнча жыйынтык көрсөткүчтөргө жетишүү жөнүндө маалымат;

6) жылдык бюджетти аткаруу боюнча объективдүү жана субъективдүү четтөөлөр тууралуу маалымат.

Социалдык фонд жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту иштеп чыгат жана отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-майынан кечиктирбестен Министрлер Кабинетине берет.

Министрлер Кабинети отчеттук мезгил үчүн Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө отчету отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен карайт жана Жогорку Кеңешке берет.

Эсептөө палатасы Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына аудитордук текшерүүнүн натыйжалары боюнча отчетту отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-сентябрына чейинки мөөнөттө Жогорку Кеңешке берет.

Жогорку Кеңеш Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун отчеттук мезгилдеги бюджеттерин аткаруу тууралуу отчетту отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен карап чыгат жана аны кабыл алуу жөнүндө чечим чыгарат.

### 6.5 Натыйжалуу мамлекеттик финансылык контролду уюштуруу

Мамлекеттик финансылык контроль өзүнө финансылык мыйзамдарды сактоону жана бардык чарбалык субъекттердин финансылык тартипти жана башкарууну уюштуруу боюнча иш-чаралардын жыйындысын, ошондой эле финансылык операциялардын натыйжалуулугун жана жүргүзүлгөн чыгашалардын максатка ылайыктуулугун баалоону камтыйт.

Мамлекеттик финансылык контролдун башкы милдети – финансылык мыйзамдарды, финансылык тартипти сактоону камсыздоо аркылуу мамлекеттин финансылык саясатын ийгиликтүү ишке ашырууга көмөктөшүү, бюджеттик жана бюджеттик эмес каражаттарды максатсыз пайдаланууга жол бербөө, максатка ылайыктуулугун, мамлекеттик уюмдардын экономикалык ишинин натыйжалуулугун текшерүү, максаттуу программаларды аткаруу.

Мамлекеттик финансылык контролдоо системасында өзгөчө орун Эсептөө палатасына тандык – Кыргыз Республикасынын көз карандысыз мамлекеттик аудитинин жогору органы. Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын бардык мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларынын, уюмдарынын жана мекемелеринин мамлекеттик аудитору болуп саналат.

Эсептөө палатасы Эсептөө палатасынын тогуз аудиторунан, алардын курамынан дайындалган Эсептөө палатасынын төрагасынан, аппаратынан жана анын аймактык бөлүмчөлөрүнөн түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Эсептөө палатасынын аудиторлорунун курамынын үчтөн бирин – Кыргыз Республикасынын Президентинин, үчтөн бирин – парламенттик көпчүлүктүн жана үчтөн бирин – парламенттик оппозициянын сунуштамасы боюнча шайлайт.

Эсептөө палатасы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет.

Эсептөө палатасынын ишинин негизги максаты аудит жана аудиттин натыйжалуулугу: республикалык бюджеттин аткарылышына, жергиликтүү бюджетти, бюджеттен тышкаркы жана атайын каражаттарды түзүүгө жана аткарууга, мамлекеттик жана муниципалдык менчикти пайдаланууга баа берүү, мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарын камсыз кылуу жана ишке ашыруу болуп саналат.

Эсептөө палатасы контролдук – ревизиялык, эксперттик – аналитикалык, маалыматты жана иштин башка түрлөрүн жүзөгө ашырат.

Алсак, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Мыйзамга ылайык анын ишинин негизги түрлөрү төмөнкүлөр болуп саналат:

1) жергиликтүү жана республикалык бюджетти аткарууга, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткарууда салык жана бажы кызматтарынын ишине аудит;

2) мамлекеттик жана муниципалдык менчикти пайдаланууга аудит;

3) мамлекеттик жана/же муниципалдык менчикке катышууда чоң үлүшү бар мекемелердин жана уюмдардын ишине аудит;

4) бюджеттик эмес каражаттарды пайдаланууга аудит;

5) каражаттарды республикалык же жергиликтүү бюджеттерден алган жеке менчик же менчиктин башка түрүндөгү мекемелердин жана уюмдардын, аталган каражаттарга карата гана ишине аудит;

6) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ички жана тышкы карызынын абалына жана аны тескөөгө аудит;

7) мамлекеттик бийлик органдарынын жана башка уюмдардын суроо-талаптарына корутундуларды, жоопторду берүү үчүн аудит;

8) республикалык бюджеттин, мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин жана макулдашууларын, Кыргыз Республикасынын республикалык жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттеринин маселесин козгогон мамлекеттик программаларды жана башка документтерди талдоо жана аларга корутунду берүүнү;

9) бюджеттик мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды жана сунуштамаларды даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизүүнү;

10) республикалык, жергиликтүү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун бюджеттерин аткаруу боюнча отчетторду даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизүүнү ошондой эле тийиштүү маалыматтарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жиберүүнү;

11) республикалык бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана өткөрүлгөн иш-чаралардын натыйжалары жөнүндө маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берүүнү;

12) мамлекеттик бийлик органдарынын жана башка уюмдардын кайрылууларына консультацияларды жана сунуштамаларды берүү, ошондой эле ушул Мыйзамдан келип чыккан башка иштерди жүзөгө ашырууну.

13) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептерин тейлөө боюнча операцияларды жүзөгө ашырууга, республикалык бюджетке чегерилүүчү пайданы эсептөөнүн тууралыгы бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына аудит;

14) коммерциялык банктар жана башка финансы-кредиттик мекемелер тарабынан республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди тейлөө бөлүгүндө аларга аудит;

15) өткөрүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштарды киргизүү.

Эсептөө палатасы төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- акчанын өз учурунда келип түшүүлөрүнө, мыйзамдуу бекитилген көрсөткүчтөр менен салыштырганда республикалык бюджетти аткаруу процессинде бюджеттик ассигнованиелерди иш жүзүндө чыгымдоого ыкчам контролду ишке ашырууга, четтеп кетүүлөрдү жана тартип бузууларды аныктоого, аларга талдоо жүргүзүүгө, аларды четтетүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ички жана тышкы карызын башкаруу жана тейлөө үчүн аудит жүргүзүүгө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алган чет өлкөлүк кредиттерди, зайымдарды жана гуманитардык жардамды пайдалануунун мыйзамдуулугу, сарамжалдуу пайдаланылышы жана натыйжалуулугу үчүн аудит жүргүзүүгө;
- кайра кайтарылуучу негизде бөлүнгөн борборлоштурулган финансы ресурстарды жайгаштыруунун натыйжалуулугу үчүн аудит жүргүзүүгө;
- мамлекеттик кредиттердин берилишине, ошондой эле чет мамлекеттерге жана эл аралык уюмдарга каражаттардын акысыз негизде берилиши үчүн аудит жүргүзүүгө.
- экономиканы инвестициялоо үчүн каралган каражаттарды мамлекеттик башкаруу органдары жана чарба жүргүзүүчү субъекттер максатка ылайык пайдаланышы үчүн, менчиктин мамлекеттик эмес түрүндөгү ишканаларды түзүүгө жана өнүктүрүүгө бөлүнгөн мамлекеттик инвестициялык каражаттардын пайдаланылышы үчүн аудитти жүзөгө ашырууга.

Мамлекеттик финансылык контроль системасынын маанилүү элементи болуп өлкөнүн бюджеттеринин киреше бөлүгүнө өз убагында келип түшүү менен салыктарды

жыйноону контролду жүзөгө ашыруучу органдар саналат. Кыргыз Республикасында салык контролу органы болуп Мамлекеттик салык кызматы (МСК) – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмүнүн статусунда иштеген Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы. МСК салыктарды жыйноону, бюджетке камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жана башка төлөмдөрдүн түшүүсүн жүзөгө ашырат жана алардын толук жана өз убагында төлөнүшүн, жеке ишкер катары жеке жактардын мамлекеттик катталышын контролдойт, ошондой эле этил спиртин жана алкоголдук жана спирт кошулган продукцияны импорттоону, өндүрүүнү жана/же жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салат жана контролдойт.

МСКнын ишинин максаты болуп Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу, салыктык эмес кирешелер жана этил спиртинин жана алкоголдук продукциялардын өндүрүлүшүн жана жүгүртүлүшүн мамлекеттик жөнгө салуу жана контролдоо боюнча мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылуу эсептелет.

МСКнын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) салыктардын, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жана башка төлөмдөрдүн толук жана өз убагында түшүүсүн камсыз кылуу;

2) жеке жактарды жеке ишкерлер катары мамлекеттик каттоо;

3) салык кызматы органдарынын ишин уюштурууну жакшыртуу;

4) салык мыйзамдарын жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу мыйзамдарын өркүндөтүүгө мыйзамда белгиленген тартипте катышуу;

5) Евразия экономикалык бирлигинде (мындан ары – ЕАЭБ) товарларды импорттоодо, жумуштарды аткарууда, кызматтарды көрсөтүүдө ЕАЭБдин эл аралык келишимдик базасына ылайык бюджетке кыйыр салыктардын толук түшүүсүн камсыз кылуу;

6) этил спиртинин жана алкоголдук продукциялардын өндүрүлүшүн жана жүгүртүлүшүн мамлекеттик жөнгө салуу жана контролдоо.

МСК өзүнө жүктөлгөн милдеттерге ылайык төмөнкү функцияларды ишке ашырат:

1) тармактык саясатты ишке ашыруучу функциялар;

2) жөнгө салуучу функциялар;

3) координациялоо жана контролдоо функциялары;

4) колдоо көрсөтүүчү функциялар.

МСК тармактык саясатты ишке ашыруу боюнча функцияларды аткаруусу үчүн:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жана башка төлөмдөрдү жыйноону, түшүшүн контролдоону, салык мыйзамдарынын жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча мыйзамдардын сакталышын контролдоону уюштурат;
- мамлекеттик салык саясатын жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу саясатын ишке ашырат;
- салык мыйзамдарын жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча мыйзамдарды, этил спиртин, алкоголдук жана спирттүү продукцияларды өндүрүү жана жүгүртүү чөйрөсүндөгү тарифтик, фискалдык жана лицензиялык саясатты өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга белгиленген тартипте катышат;

- Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдарына киргизилүүчү оңдоолордун долбоорлоруна эксперттик баалоо жүргүзүүгө катышат;
- Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору даярдаган өкмөттөр аралык экономикалык макулдашуулардын долбоорлоруна өз компетенциясынын чегинде эксперттик баалоо жүргүзүүгө катышат;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу бюджетине салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жана башка төлөмдөрдү эсептөө жана төлөө менен байланышкан салыктык эсептөөлөрдүн, отчеттордун, декларациялардын жана башка документтердин формалары боюнча сунуштарды Министрликке киргизет;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолун түзүүгө катышат;
- юридикалык жактарды, алардын филиалдарын, өкүлчүлүктөрүн жана жеке жактарды - салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жана башка төлөмдөрдү төлөөчүлөрдү салыктык (эсепке алуу) каттоо, кайра каттоо жана ишин токтотуу, ошондой эле кошумча нарк салыгы боюнча салык салынуучу субъектти каттоо жана жокко чыгаруу боюнча ишти уюштурат жана контролдойт;
- товарларды эсепке алуу пункттарында алымдардын төмөндөтүлгөн ставкалары колдонулуучу товарларды ташып киргизүү маселелери боюнча ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин милдеттенмелеринин аткарылышын контролдоону жана башкарууну ишке ашырат.

МСКнын жөнгө салуучу функциялары төмөнкүлөр менен бекемделет:

- үчүнчү жактан салык төлөөчүгө тийиштүү сумманы өндүрүүнү жана алып коюуну, ошондой эле чет өлкөлүк валютаны өндүрүүнү жана алып коюуну белгиленген тартипте ишке ашырат;
- этил спиртинин өндүрүлүшүн жана жүгүртүлүшүн лицензиялоону, алкоголдуу продукциянын өндүрүлүшүн жана жүгүртүлүшүн (өндүрүү же сатуу максатында сактоо, дүң жана чекене сатуу) лицензиялоону ишке ашырат;
- этил спиртин, алкоголдуу жана спирттүү продукцияны импорттогон, өндүргөн, сактаган жана жеткирген юридикалык жактар тарабынан этил спиртин, алкоголдуу жана спирттүү продукцияны өндүрүүнүн жана жүгүртүүнүн көлөмдөрүн декларациялоо боюнча ченемдердин сакталышына көзөмөлдү ишке ашырат.

МСКнын координациялоо жана контролдоо функциялары төмөнкүлөрдү болжолдойт:

- салык төлөөчүлөр тарабынан салыктык эсептөөлөрдүн, отчеттордун, декларациялардын жана бюджетке төлөмдөрдү эсептөө менен байланышкан башка документтердин өз убагында тапшырылышын контролдойт, ошондой эле ушул документтердин тууралыгын текшерет;
- юридикалык жана жеке жактарга салык мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча салыктык текшерүүлөрдү жүргүзөт;
- салыктардын, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу бюджетине төлөнүүгө тийиш болгон башка төлөмдөрдүн суммаларын эсепке алууну (ар бир төлөөчү жана төлөмдүн түрү боюнча) ишке ашырат;

- мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, менчигинин түрүнө жана ведомстволук тиешелүүлүгүнө карабастан мекемелерде, ишканаларда жана уюмдарда салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жана башка төлөмдөрдү эсептөөгө жана төлөөгө байланыштуу документтерин, бухгалтердик китептерин, отчетторун, пландарын, сметаларын, декларацияларын жана башка документтерин текшерет;
- мекемелер жана уюмдар тарабынан мамлекеттик алымдарды жана башка салыктык эмес төлөмдөрдү төлөөдө алынган акча каражаттарын өндүрүүнүн тууралыгын, толуктугун жана сакталышын камсыздоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын калктан салыктарды, камсыздандыруу төгүмдөрүн жана төлөмдөрдү төлөөнүн эсебине акча каражаттарын кабыл алууда белгиленген талаптарды сактоо маселелери боюнча контролдойт жана текшерет;
- калк менен акчалай эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө контролдук-кассалык машиналардын колдонулушун контролдойт, рейддик салыктык контролду, хронометраждык изилдөөлөрдү жүргүзөт, салык постторун орнотот;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу бюджетинин алдындагы милдеттенмелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралган салыктык жана финансылык санкцияларды, пайыздарды жана туумдарды, ошондой эле ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын кызмат адамдары жана жарандар тарабынан жол берилген ушул тартип бузуулар үчүн айыптарды колдонуунун тууралыгын жана өз убагында өндүрүүнү камсыз кылат;
- импорттолуучу жана экспорттолуучу товарларды эсепке алат жана талдайт жана башка.

Колдоо көрсөтүүчү функциялар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- салык төлөөчүлөр жана аймактык салык органдарынын кызматкерлеринин арасында Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын колдонуу маселелери боюнча түшүндүрүү иштерин уюштурат;
- жарандардын, юридикалык жана жеке жактардын салык салуу, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө маселелери боюнча арыздарын, сунуштарын жана даттанууларын белгиленген тартипте карайт;
- салык төлөөчүнүн жазуу жүзүндөгү арызы боюнча Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдарында каралган өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде салыктарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө мөөнөттөрүн өзгөртүү тууралуу чечим кабыл алат;
- камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толугу менен Социалдык фондго өткөрүп берүүнү ишке ашырат;
- тейлеген тармагына жараша укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды өткөрөт;
- салык кызматы органдарында бирдиктүү автоматташтырылган маалыматтык системаны түзүүнү, иштетүүнү жана өркүндөтүүнү камсыздайт жана башка.

**Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор**

1. Бюджеттик процесс: маңызы, багыты жана катышуучулар

2. Бюджеттик процесстин катышуучулары жана алардын ыйгарым укуктары. Бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү, тескөөчүлөрү жана алуучулары

3. Республикалык жана жергиликтүү бюджетти түзүү тартиби жана мөөнөттөрү

4. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун кароо жана бекитүү этаптары

5. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди аткаруу процесси

6. Социалдык фонддун жана ММКФ бюджетинин долбоорун түзүү тартиби

7. Социалдык фонддун жана ММКФ бюджеттерин кароо жана бекитүү

**Сунушталган адабияттар**

1. Грязнова. Е.В. Маркина Финансы. Окуу китеби. 2-басылышы. – М.: Финансы и статистика, 2012

2. 2016-жылдын 16-майындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси

3. «Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн мамлекеттик болжолдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-февралындагы Мыйзамы

4. «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 13-августундагы № 117 Мыйзамы

5. КР финансы министрининн 2017-жылдын 18-декабрындагы № 169-б буйругу менен бекитилген 2019–2021-жылдарга республикалык бюджеттин долбоорун түзүү календары

6. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жобо

7. КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы жөнүндө жобо

## 7-тема. Кыргыз Республикасындагы бюджеттик дефицит

7.1. Бюджеттик дефицит: пайда болушунун себептери жана анын деңгээлин баалоо
7.2. Бюджеттин дефицитин каржылоо булактары
Өзүн-өзү текшерүү үчүн контролдук суроолор
Сунушталган адабияттар

### 7.1. Бюджеттик дефицит: пайда болушунун себептери жана анын деңгээлин баалоо

Бюджеттин дефицити көйгөйү дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрү үчүн социалдык-экономикалык өнүгүүнүн актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Дүйнө тарыхында тигил же бул этапта бюджеттин дефицитине туш болбогон мамлекет жок.

Бюджеттин дефицити өлкөнүн бюджетинин чыгашаларынын анын кирешесинен ашып кетишин билдирет жана мамлекеттин коомдук муктаждыктарга бардык чыгашаларды каржылоо үчүн киреше алуу мүмкүнчүлүгүнүн жетишсиздигин көрсөтөт.

Мамлекеттик бюджеттин профицити – бюджеттин кирешелеринин чыгашалардан ашып кетүү көрүнүшү.

Экономикалык теорияда өлкөнүн бюджетинин киреше менен чыгаша катышына болгон көз караш ар кандай болгон жана экономика тарыхынын ар кандай баскычтарында өлкөнүн бюджетинин кирешеси менен чыгашасынын милдеттүү теңдигинен тартып, бюджеттин дефицити кейнстин дефицитти каржылоо теориясына ылайык экономиканы кризистен чыгаруунун куралы катары таанууга чейин өзгөргөн.

Иш жүзүндө көптөгөн өлкөлөрдүн бюджети дефицит, анткени ар кандай факторлордун: экономикалык, саясий, табигый ж.б. аракеттеринен улам реалдуу экономиканын шарттарында тең салмактуу бюджетти түзүү оңой эмес, кээде мүмкүн да эмес. Интернет булактарындагы маалыматка таянсак, өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттери бюджеттин дефицити режиминде жашашат. Бул АКШ, Кытай, Франция, Германия, Япония, Улуу Британия, Италия, Канада, Австрия, Бразилия, Мексика, БАЭ, Түштүк Африка, Иран, Перу, Алжир жана башка өлкөлөр. Бюджеттин профицити сурамжылоого алынган өлкөлөрдүн 15 пайызында гана болгон. Алардын тизмесинде Норвегия, Гонконг, Россия, Тайвань, Швейцария, Жаңы Зеландия, Исландия, Зимбабве, Ямайка жана башкалар бар [1].

Пландуу экономикалык системасы бар өлкөлөрдүн бюджеттик саясаты бюджеттин милдеттүү балансын өзүнө алган жана анын профицитине жол берилген. Ошентип, статистика боюнча Кыргыз ССРинин бюджети 1980–1992-жылдар аралыгында профицит болгон.

7.1-таблица. Кыргыз ССРинин бюджетинин профицитинин деңгээлинин динамикасы (КДП карата %)

| 1980 | 1985 | 1990 | 1991 |
|---|---|---|---|
| 0,75 | 0,9 | 1,6 | 4,1 |

Булак: Кыргызстандын статистикалык жылдык китеби. 1991. Б.- 1992

Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн азыркы этабында бюджеттин тең салмактуулугу принциби бюджеттик системаны куруунун эң маанилүү принциптеринин бири катары таанылды. Баланстуулук принциби бюджеттин каралган чыгымдарынын жалпы көлөмү бюджеттин ресурстарынын суммалык көлөмүнө ылайык келүүгө тийиш экендигин билдирет. Бюджеттин суммалык ресурстары деп салыктык жана салыктык эмес кирешелерден, ошондой эле финансылык эмес активдер менен операциялардан түшүүлөрдөн, ошондой эле финансылык активдер менен операциялардан түшүүлөрдөн жана милдеттенмелерди кабыл алуунун натыйжасындагы түшүүлөрдөн турган бюджеттин жыйынды кирешелеринен тышкары түшүнүлөт. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде ушул принциптин негизинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүү каралган. Иш жүзүндө бюджеттин тең салмактуулугун камсыз кылуу – мамлекеттин бюджеттик саясатынын татаал жана маанилүү милдети. Бул проблеманы изилдөөчүлөр бюджеттин тең салмактуулугун камсыз кылуунун ар кандай ыкмаларын сунушташат, анын ичинде ата мекендик окумуштуу-экономист, профессор А. Кожошев тарабынан иштелип чыккан методикада бюджетти иштеп чыгуу жана аткаруу стадиясында бюджеттин тең салмактуулугун камсыз кылуу үчүн сунушталган ыкмалардын практикалык багыты менен айырмаланат. (7.2-таблицадан караңыз).

7.2-таблица. Бюджеттин тең салмактуулугун камсыз кылуу методдору

| | |
|---|---|
| Бюджетти иштеп чыгуу баскычында | 1. финансылык чыгымдардын ченемдеринин негизинде бюджеттин пландаштырылган чыгымдарынын лимити; бюджеттик каражаттарды алуучуларга мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча тапшырмаларды жана каржылоонун чектик көлөмдөрүн белгилөө<br><br>2. мамлекеттик бийлик органдары менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы чыгашалык ыйгарым укуктарды чектөөнүн натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу жана бул органдарга адекваттуу киреше булактарын берүү<br><br>3. бюджеттин киреше бөлүгүнүн өсүшү үчүн резервдерди издөө<br><br>4. башка деңгээлдеги бюджеттерден финансылык жардам көрсөтүү механизмдерин өркүндөтүү<br><br>5. бюджеттик карыз алуунун натыйжалуу формаларын колдонуу |
| Бюджетти аткаруу баскычында | 1. бюджеттик милдеттенмелердин лимиттерин бекитүү жана бюджеттик каражаттарды алуучуларга жеткирүү<br><br>2. финансылык милдеттенмелерди кабыл алуу, бекитүү жана салыштыруу жол-жоболорун колдонуу<br><br>3. кирешелер планы аткарылбаган учурда бюджеттин чыгаша бөлүгүн кыскартуу, максаттуу эмес пайдалануунун суммасына чыгашаларга тыюу салуу<br><br>4. бюджетти ишке ашыруунун жүрүшүндө кошумча алынган кирешелерди пайдалануу<br><br>5. мыйзамдардын сакталышын, бюджеттик каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын контролдоо боюнча комплекстүү иш-чараларды өткөрүү |

Булак: Кожошев А.О. Бюджеттик мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу. Окуу китеби. Б.2018, 91-б.

Бюджеттик кодексте бюджеттин профицити менен да, дефицити менен да бюджетти түзүү мүмкүнчүлүгү каралат. Республикалык бюджеттин дефицитинин жана профицитинин өлчөмү жыл сайын республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилет. Дефицит менен бюджетти кабыл алууда ушул мыйзам тарабынан аны каржылоо булактары бекитилет.

6-сүрөттө 2005–2020-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын бюджетинин дефицитинин/профицитинин деңгээлинин динамикасы көрсөтүлгөн.




6-сүрөт. КР бюджетинин дефицитинин/ профицитинин деңгээлинин динамикасы (ИДПга карата % менен)

Бюджеттин дефицити мамлекеттин кирешелери жана чыгашалары чөйрөсүндө мамлекеттин макроэкономикалык өнүктүрүү жана экономикалык саясатынын контекстинде каралышы керек. Мамлекеттин бюджеттик дефицитинин көлөмү макроэкономикалык факторлордун көп санына жараша болот, алардын негизгилери төмөнкүлөр болуп саналат:

- Экономиканын түзүмдүк кайра курулушуна байланыштуу мамлекеттик чыгымдардын өсүшү;
- Төлөнбөгөн мамлекеттик карыздын өсүшү;
- Экономикалык кризис мезгилинде мамлекеттик бюджеттин кирешелерин кыскартуу;
- Өзгөчө кырдаалдар (согуш, массалык башаламандык, ири кырсыктар, табигый кырсыктар);
- Мамлекеттин финансы системасынын натыйжасыздыгы;
- Финансылык ресурстар менен камсыз болбогон мамлекеттик социалдык программаларды каржылоого чыгымдарды көбөйтүү;
- Армияны, мамлекеттик башкарууну каржылоо чыгымдарынын өсүшү;
- Мамлекеттик сектордогу коррупция;

- Экономиканын көмүскө секторунун көбөйүшүнө алып келген салык саясатынын натыйжасыздыгы.

Бюджеттин дефицитинин келип чыгуу себептерине жараша анын төмөнкү түрлөрү айырмаланат:

- Түзүмдүк дефицит – өзгөчө кырдаалдар учурунда, ошондой эле экономиканы мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында аны турукташтырууга жана өнүктүрүүгө багытталган дефицит. Бул экономикалык конъюнктуранын кескин өзгөрүүсүнө жол бербөөгө өбөлгө түзөт. Түзүмдүк дефицит фискалдык саясаттын таасирин чагылдырат. Түзүмдүк дефицитти эсептөөдө бюджеттин чыгымдары менен кирешелери толук иш менен камсыз кылуу шарттарында салыштырылат.
- циклдик дефицит – өлкөнүн экономикасындагы кризистик окуялардан, өндүрүштүн циклдик төмөндөшүнөн, ишкердик активдүүлүктүн төмөндөшүнөн жана салыктык кирешелердин азайышынан, калктын кирешелеринин төмөндөшүнөн келип чыгат, бул жумушсуздук боюнча төлөмдөрдүн көбөйүшүнө, жарандардын карыздык милдеттенмелерин төлөөгө субсидияларга, Өкмөттүн өлкөдөгү финансылык кырдаалды көзөмөлдөп турушуна алып келет.

Бюджеттин дефицити узактыгына жараша төмөнкүлөр айырмаланат:

- өнөкөт дефицит – жылдан жылга кайталанган дефицит. Көбүнчө өнөкөт дефицит узак мөөнөттүү экономикалык кризистин кесепети болуп саналат.
- убактылуу – анчалык узак эмес мөөнөткө созулушу мүмкүн болгон дефицит. Кирешелердин жана чыгашалардын туш келди өзгөрүшүнөн улам пайда болот, бирок натыйжасыз башкарылса, өнөкөт ooруга айланышы мүмкүн.

Бюджеттин дефицитинин планга болгон мамилесине жараша төмөнкүлөр айырмаланат:

- пландык дефицит – бюджет жөнүндө мыйзам актысында каралган;
- пландан тышкары дефицит – күтүлбөгөн чыгашалардын көбөйүшүнөн же кирешелердин кескин төмөндөшүнөн келип чыгат.

Мамлекеттик карызды тейлөө боюнча чыгашаларды эсепке алууга жараша:

- бюджеттин баштапкы дефицити – чыгашалардын бюджеттин кирешесинен таза ашып кетишин билдирет.
- бюджеттин экинчи дефицити – буга чейин иштеп жаткан бюджеттик карызды пайыздык тейлөөгө кошумча чыгашалардын натыйжасында бюджеттин чыгашаларынын кирешелерден ашып кетишин билдирет.

Мындан тышкары, инфратүзүмдү, инновациялык системаны түзүүгө жана өнүктүрүүгө, инвестициялык долбоорлор аркылуу институционалдык кайра түзүүлөрдү ишке ашырууга бюджеттик инвестициялардын өсүшүнөн келип чыккан бюджеттин дефицитин жана бюджеттин учурдагы чыгашалардын өсүшү менен шартталган дефицитти айырмалоо зарыл. Бюджеттик инвестициялар гранттарга, региондорду өнүктүрүү фонддоруна, ошондой эле мамлекеттик тышкы инвестицияларга жана мамлекеттик-жеке ишкердик долбоорлоруна түрткү берүүчү капиталдык салымдарга, бюджеттик насыялоого багытталгандыктан, аларды ишке ашыруу кийин бюджеттик ресурстарды топтоого жана капиталдаштырууга алып келет. Камсыз кылынбаган карыздын өсүшүн билдирген учурдагы чыгашалардын өсүшүнүн натыйжасында бюджеттин дефицити пайда болгон учурда олуттуу социалдык – экономикалык кесепеттер келип чыгат.

Бюджеттин дефицитинин абсолюттук чоңдугу формула менен аныкталат:

$$ДФ = Д – Р,$$

мында ДФ – бюджеттин дефицити;

Д – бюджеттин жыйынды кирешелери;

Р – бюджеттин жыйынды чыгашалары.

Иш жүзүндө мамлекеттик бюджеттин дефицитинин деңгээлин баалоо үчүн бюджеттин дефицитинин абсолюттук көлөмүнүн ИДПга карата пайыздык катышы колдонулат:

$$\text{Ур. ДФ}=\frac{\text{ДФ}}{\text{ВВП}} \times 100\%$$

Ошондой эле бюджеттин дефицитинин деңгээлин бюджеттин кирешелеринин анын чыгашаларына карата пайыздык катышынын көрсөткүчү менен баалоого болот:

$$\text{Ур.ДФ} = \frac{\text{ДФ}}{\text{Р}} \times 100\%$$

Көптөгөн экономисттердин айтымында, бюджеттин дефицити ИДПнын 2-3% ашпаса, өлкөнүн финансылык абалы нормалдуу деп эсептелет.

Улуттук өндүрүштүн 10% ашпаган бюджеттин дефицити жол берилген деп эсептелет, 20% учурда өлкө кудуретсиз деп эсептелет.

### 7.2. Бюджеттин дефицитин каржылоо булактары

Дүйнөлүк каржы илим жана практика бюджеттин дефицитин азайтуу ыкмаларын иштеп чыкты.

